56.61(2)8кыргг
М 94

НАЗИКАН МЫРЗАБАЕВА



# ЭЛ УУЛУ БОЛУУ КЫМБАТ...

*Н.Исановдун 80 жылдык эскерүү маарекесине арналат*

66.61(2)8 кырг
М 94
КР.



НАЗИКАН МЫРЗАБАЕВА

# ЭЛ УУЛУ БОЛУУ КЫМБАТ…

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 484854

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ БОРБОРУ

Ош – 2023

УДК 821. 51-3
ББК 84 (5Кир)-46
М 94

М 94 Мырзабаева Н.
Эл уулу болуу кымбат… Ош. 2023 208 б.

ISBN 978-9967-9481 -1-2

Бул китепке ноокаттык калемгер, Баатыр эне Назикан Мурзабаеванын КРнын туңгуч Премьер-министри Насирдин Исановдун өмүр жолу, аткарган иштери туурасында жазылган макалалары, ой-пикирлери ошондой эле улуу инсан жөнүндөгү поэтикалык чыгармалары киргизилген.

Автор китепти даярдоодо жана түзүүдө Насирдин Исанов жана анын үй-бүлөсү туурасында массалык маалымат каражаттарына жарыяланган макалалардан пайдаланган.

Китеп Насирдин Исановдун 80 жылдыгына карата жарыкка чыкты.

УДК 821. 51-3
ББК 84 (5Кир)-46
ISBN 978-9967-9481 -1-2 Мырзабаева Н. 2023





**ЖАПАРОВ САДЫР НУРГОЖОЕВИЧ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ**

## НАСИРДИН ИСАНОВДУН ӨМҮРҮ – АР БИРИБИЗГЕ ӨРНӨК

Насирдин ага иштеп жаткан мезгилдерде мен студент элем. Ошол мезгилдерде оозго алынып иши жакшы экени, чын жүрөгүнөн берилип иштеп, ак ниет, иш дегенде ичкен ашын жерге коюп, бир гана өкмөттүн ишин, өзүнө тагылган зор милдетти абийирдүүлүк менен аткарган инсан экенин эл оозунан, радио-телевидениелерден угуп, өзүмчө суктанып, ушул инсандай болуп эл үчүн чын дилден кызмат кылууну кыялымда самай берчүмүн. Атамдардан дагы ушул инсан жөнүндө айткан жакшы сөздөрүн угуп калар элем. Мен дагы окуу жайды бүтсөм, эл үчүн кызмат кылган, ушул агадай эл суктанган, эл сыймыктанган, эл сыйлаган адам болсом деп жаштыктын жалындаган кыялдары менен көптөгөн ниеттерди алдыма коер элем. Кийин көл тарапка кызматка которулуп барып иштеп калганда, айрыкча, ал киши жөнүндөгү жакшы сөздөрдү мурдакыдан да көп угуп билип калдым. Жебей-ичпей, чын дилден ак кызмат кылсаң эле эл сени сөзсүз урматтап сыйларын дагы жакшылап

билдим. Кулатов, Масалиевдердин катарына бул киши да кошулуп төртүнчү колу таза, тамагы таза, эли сыйлаган инсан экени элге белгилүү болуп калды. Кыскасы, окууну бүтүп, жумушка кирип иштеп, саясатка аралашкандан баштап мен элдин сүйгөн адамы болууга, элим үчүн ак кызмат кылууга гана бел байладым. Мен дагы кыргыздын алтынын кыргыз гана пайдаланыш керек деген ураан менен өзүмө көптөгөн каршылаштарды ашырдым, максатымды ишке ашыра албай жеңилдим, куугунтукталдым, көптөгөн азаптарды көрдүм. Бирок бардыгына чыдадым. «Сабырдын түбү сары алтын» дейт эмеспи. «Ак ийилет, бирок сынбайт» дегендей, акыры Алла буйруп, элим колдоп, элибиздин оор жүгүн мойнума жүктөп журт башчысы кылып шайлап коюшту эле, элдин ишенимин актоо үчүн колумдан келишинче ак кызмат кылуу үчүн аракет кылып иштеп келе жатам. Менин жаш кезимден бери кыялымда жашап келе жаткан Насирдин агадай эли сүйгөн адамы болуу деген максат тилегим иш жүзүнө ашырылып, аганын өрнөктүү өмүрү, баскан байсалдуу жолу менен басып, кийинки муундарга өчпөгөн из калтырып, элим үчүн чын жүрөгүм менен иштеп, өлкөбүз үчүн кызмат кылуу менен изги тилегим, Алла узун өмүр берип ошол инсан бүтүрө албай калган иштерин кийинки муун-биз бүтүрүшүбүздү Алла колдоп, жардам берсин. Ак кызматы менен элинин жүрөгүнөн орун тапкан, аты түбөлүккө тарыхта, элибиздин жүрөгүндө сакталып калган, жумурай журтубузга аттын кашкасындай таанымал инсан Насирдин Исановдун 80 жылдык эскерүү мааракеси кут болсун!



## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АЖОСУ САДЫР ЖАПАРОВГО

Насыкемдей боломун деп тилепсиң,
Канчалаган кыйын күндү жирепсиң.
Ылайым эле узун болсун өмүрүң,
Кыргыз элге ишенимдүү тирексиң.

Ойлогон ой-тилектериң ишке ашсын,
Келе жатасың эң бир кыйын жол басып.
Ар убакта жаратканым колдоду,
Иштериңдин бардыгына жол ачып.

Карапайым калкың сени каалады,
Элге деген эмгегиңди баалады.
Бир добуштан башчы кылып алышып,
Бардыгы тең алкыштарын арнады.

Анча мынча болот иштин катасы,
Сезилбейт го адамдардын капасы.
Кызыр дайым жылоолосун өзүңдү,
Элибиздин тийип берген батасы.

Исановдой таза болсун колдоруң,
Түптүз болсун баса турган жолдоруң.
Элибиздин ишенимин аткарып,
Кулатовдун, Исановдун жолун сен да жолдогун.

Садыр уулум, жакшы атанын уулусуң,
Эгер сөздүн айтар болсом туурасын.
Элиң үчүн жасап жаткан ишиңе,
Ар убакта алкыш сөздөр чуурусун.

Жаратканым суук көздөн сактасын,
Сени эч ким душманыңа сатпасын.
Калың элиң урмат кылып дайыма,
Ардактасын жана дагы жактасын.

*Назикан Мырзабаева.*





**МЫРЗАБАЕВА НАЗИКАН,
Н. ИСАНОВДУН АЙЫЛДАШЫ,
«БААТЫР ЭНЕ»,
КИТЕПТИН АВТОРУ.**

## ӨЧПӨГӨН ИЗИ КАЛДЫ

Аттиң, арман дүйнө ай,
Өчпөгөн изи калды
Бүтпөстөн иши калды,
Сүйлөбөс сүрөттөрдө,
Жылмайган жүзү калды.
Тарыхта аты калды,
Артында заты калды.
Ичибиз күйүп жанып,
Каргайбыз шум ажалды.

Кыска, бирок нуска өмүрүндө көптөгөн көрүнүктүү иштерди аткарган, элинин кадыр-баркына ээ болгон, жакшы иштери үчүн көптөгөн орден-медалдарды алган, бирок өкүнүчтүүсү эли-журтун кайгыга салып, мезгилинен эртерээк кетип калган, кыргыз элинин чыгаан уулу, жердешим, эгемендүү Кыргызстандын туңгуч Премьер-министри Насирдин Исановдун кара жерди жай кылып жатканына быйыл отуз эки жыл болуптур. Ал күч кайраты толуп, элибиз үчүн, өлкөбүз үчүн чын дилинен берилип иштеп жаткан мезгилинде таш боор ажал арабыздан алып

кетти. Тирүү жүргөндө элибиз үчүн, жаш баладай эми гана тамтаң баса баштаган жаш өлкөбүздүн келечеги үчүн көп иштерди жасамак. Канчалаган тилек- максаттары бар эле, аткарылбай кала берди. Анын аруу дүйнөсүнүн тазалыгы, эли үчүн күйүп-бышкандыгы алтын маселесине байланышкан документтерге кол коюуга жол бербеди. Өлкөбүздүн келечеги үчүн өз өмүрүн курмандыкка чалды.

Жашоосун ойлоп жалпынын,
Көйгөйүн көрүп калкынын.
Капилет жерден мерт болду,
Коргоймун деп кыргыз алтынын.
Жакшы адамдан бак калат,

Жаман адамдан жүрөктө так калат дегендей, Насирдин ага өлгөн жок. Анын элибиз үчүн жасаган эмгеги, өрнөктүү өмүрү кийинки муундар үчүн үлгү болуп, калкыбыздын жүрөгүндө түбөлүккө жашай берет.

Ошол каргашалуу окуя боюнча тиешелүү тергөө, териштирүү иштери жүргүзүлүшү керек болчу. Тилекке каршы, андай болбоду. Американын жан алгычы өлкөбүздөн чыгып кетти. Карапайым калктын колунан эч нерсе келбеди.

Андан бери өлкөбүздө көптөгөн окуялар жүз берди. Алты ажо алмашты. Көптөгөн кыйынчылыктарды башыбыздан кечирдик. Элибиздин жашоосу түп тамырынан өзгөрдү.

Азыркы Президентибиз да Насирдин Исановдун ишин улантып, кыргыз алтыны кыргыз эли үчүн кызмат кылуусу үчүн көптөгөн аракеттерди жасап, бир топ жетишкендиктерге жетти.

Президентибиз Жапаров Садыр Нургожоевич өзү баш болуп, Жогорку Кеңештин депутаты Коргонбай уулу Жусупбек, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Джаптаев Эльчибек Нуржадыевич, Ноокат райондук



мамлекеттик администрациясынын башчысы Иманалиев Данир Белекович, Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Примкулов Мирланбек Исламбекович, Көк-Бел айыл өкмөтүнүн башчысы Карыбеков Кутманали Кудайбердиевич Насирдин Исановдун 80 жылдык маарекесин өткөрүү демилгесин кызуу колдошууда. Алардын иштерине ийгилик каалап, кыргыз элине Н. Исановдой кызмат кылуусун тилеймин!



**КОРГОНБАЙ УУЛУ ЖУСУП,
КРНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН
ДЕПУТАТЫ**

## АГАБЫЗДЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИ ЭЛ ЭСИНДЕ САКТАЛАТ

Аткарган алгылыктуу иштери, ак жүрөктүүлүгү, өз ишине чын дилинен берилген, ак эмгеги менен элинин жүрөгүнөн түнөк тапкан, атпай кыргыз журтуна аттын кашкасындай таанымал инсаныбыз Насирдин Исанов агабызды аталган айыл өкмөтүнүн тургуну, Жогорку Кеңештин депутаты катары жакшы билемин жана ушул агабыздын иниси жана жердеши болгондугума сыймыктанамын. Дили ак, жүрөгү таза агабыз тирүү болгондо эли-журт, мамлекетибиз үчүн дагы көптөгөн жакшы иштерди аткармак. Таш боор ажал жакшыны да койбойт турбайбы. Алланын буйругуна айла жок экен, аргасыз кайгырып кала бердик. Көзү өтсө да кыргыз эли үчүн жасаган ак ниет иштери аркылуу тарых барактарында аты түбөлүккө жазылып калды. Мындай улуу адамдарды эскерип турууну парзыбыз деп эсептеген жердештеринин бири катары, Жогорку Кеңештин депутаты катары жана атуулдук милдетим катары Президентибиз Садыр Жапаровго кайрылып, Н. Исановдун 80 жылдык маарекесин



өткөрүүнү сунуштадым. Ал сунушумду Президентибиз колдоого алды. Маарекенин алкагында байге фондусуна 3 жеңил унаа коюлган спорттук мелдеш өткөрүп бердим. Эми 80 жылдык эскерүү маарекесин жогорку деңгээлде өткөрүү үчүн аракеттенип жатабыз. Агабыздын мамлекеттик ишмер катары тазалыгы, чынчылдыгы, ак ниетүүлүгү жана башка инсандык касиеттери жөнүндө айта берсек сөз жетпейт. Анын жаркын элеси кыргыз элинин жүрөгүндө түбөлүккө жашай берет.

Жайыңыз жаннатта болсун, кыргыз элинин Чолпон жылдызы!

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ ЖУСУП КОРГОНБАЙ УУЛУНА

Элдин жүгүн көтөрөт деп ишенип,
Бир добуштан депутатка шайладык
Күч кайраты ташып турган кези деп,
Оор жүктү моюнуңа байладык.

Сезиптирсиң мойнуңдагы жүгүңдү,
Бала деле кээде болбойт күйүмдүү.
Насыкенин эскерүүсүн өткөрүү,
Оор жүктүн бири ошол бүгүнкү.

Жусуп уулум, уулу экенсиң атанын,
Күчү го дейм элден алган батанын.
Жүрө бергин эл кызматын аткарып,
Толук кылып жакшылардын катарын.

Суук сөздөн, суук көздөн алыс бол,
Ишиң менен эл ичинде калыс бол.

Элиң үчүн көп иштерди аткаргын,
Көккө карай, жете берсин сунган кол.

Иштериңди ийгиликтер коштосун,
Алла Таала жамандарга кошпосун.
Ылайым эле узун болуп өмүрүң,
Кылган ишиң агабызга окшосун.

Жакшы иш жасап алкыштарды ала бер,
Жакшы жактан улам алга бара бер.
Үлгү болуп өсүп жаткан жаштарга,
Ишиң менен жарык болуп жана бер.

Иштериңди көрүп элиң кубансын,
Алкыштарын айтпай кантип туралсын.
Элиң үчүн жасап жаткан иштериң,
Эсеп жетпей, чубалгыдай чубалсын.

Жакшы адам кызмат кылат эли үчүн,
Өзүнө эмес калкына арнайт бар күчүн.
Элим үчүн жакшы кызмат кылам деп,
Чыгарыпсың сен да ушундай бир бүтүм.

***Назикан Мырзабаева.***





## ДЖАНТАЕВ ЭЛЬЧИБЕК КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТТИНИН ОШ ОБЛУСУНДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮ

Эгемендүү өлкөнүн биринчи өкмөт башчысы Насирдин Исановдун изи Кыргызстандын тарыхында калды. Бул көрүнүктүү саясатчы жана ишмер өлкө картасында жаңы реалдуулукту калыптандырууда негизги ролду ойноду, өлкөгө жаңы өзгөрүүлөрдүн шамалын жана жакшы келечекке үмүттү алып келди.

Мына быйыл Ош облусунда кош мааракe – Эгемендүүлүк күнүнүн 32 жылдыгына жана көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмер Насирдин Исановдун 80 жылдыгына карата даярдыктар көрүлүүдө. Анын берилгендиги, эмгеги дайыма эскерилип – сиз жазган китеп аркылуу келечек муун ал жөнүндө билип, жетишкендиктери үчүн сыймыктанышат. Мындай маарекелер Насирдин Исановдун тарыхка кошкон маанилүү салымына ар дайым көңүл буруу максатында өткөрүлө бермекчи.

Кыргызстан Советтер Союзунун курамында турган мезгилде төрөлгөн Насирдин Исанов өзгөрүү жана кайра куруу доорунда чоңойгон. Ал СССРдин кулашынын оор жүгүн жана эгемендүүлүккө ээ болуу үчүн кандай укмуштуудай баа төлөнүшү керектигин сезди. Дал ушул

окуялар аны өлкөнү жаңы бийиктиктерге алып чыгууга жөндөмдүү өзгөчө лидер болууга шыктандырган.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин башкаруунун оор жүгүн Насирдин Исанов өз мойнуна алды. Ага жаш мамлекеттин экономикасын көтөрүү, социалдык негиздерин чыңдоо тапшырмасы берилди. Бул кыйын мезгилде ал жетекчинин кайталангыс сапаттарын: туруктуулукту, акылмандыкты жана өз элинин муктаждыктарын терең түшүнүүнү көрсөттү.

Эркиндиктин жана эгемендүүлүктүн баалуулугун эске алып, Насирдин Исанов башка өлкөлөр менен дипломатиялык мамилелерди активдүү өнүктүрүүнү максат кылып койгон болчу.

Эгемендүүлүк күнүн жана Насирдин Исановдун 80 жылдыгын белгилөөгө камынып жаткан Ош облусунда юбилейлик иш-чаралардын алдында анын эрдиктерин эстеп гана тим болбостон, анын мурасын келечекке өткөрүп берүү да маанилүү. Бул окуя Насирдин Исанов өңдүү улуу инсандардын эмгегине, арноосуна бүгүн да, келечек да муундарын эске салат.

Жыйынтыктап айтканда, Насирдин Исанов – эгемендүүлүктүн, акылмандыктын жана кайраттуулуктун символу. Анын ысымы элдин жүрөгүндө, эсинде сакталып, мурасы келечек муундарга дем болуп кала берет.





**Д. ИМАНАЛИЕВ,**
**Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким.**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТУҢГУЧ ПРЕМЬЕР - МИНИСТРИ НАСИРДИН ИСАНОВДУ ЭСКЕРҮҮ

Эгемендүү Кыргыз мамлекетинин биринчи өкмөт башчысы Насирдин Исанов жогорку бийлик тутумунда аз гана мезгил турса да, ал элдин эскерүүсүндө адамкерчилик сапаты бийик, таза инсан, мыкты жетекчи катары түбөлүккө эсте калды. Мындай өмүрү өрнөк инсандар элдин жүрөгүндө түбөлүк жашайт. Бүгүнкү кеп оролу да Насирдин Исановду дагы бир жолу эскерип коюу парзынан улам чыгууда. Бул улуу инсандын эл үчүн жасаган ак эмгеги эч качан унутулбайт. Тарых барактарына жазылып аты түбөлүкө өчпөй, өмүрү кийинки жаш муундарга өрнөк жана кыргыз элине үлгү болуп кала берет. Бул чыгаан инсандын ишмердүүлүгү, акылкөйлүгү, жумшак мүнөзү, ар дайым жылдызду жылмайып жүргөнү, кыска жана нуска өмүрүндө эли үчүн ат көтөргүс жумуштарды жасап кеткени ар бир инсанды кайдыгер калтырбайт. Ар бирибиздин, улуу кыргыз элинин жүрөгүндө сакталып жашай бермекчи. Элдин чыгаан уулу, агабыз Насирдин Исанов менен ар дайым сыймыктанабыз жана урматтап даңктайбыз.

Насирдин Исановго эгемендүү тарыхыбыздын башатында туңгуч деген сөз туура келет. Ал эркин Кыргызстандын биринчи өкмөт башчысы катары тарыхта эң таза инсан катары элдин эсинде калды дешет. Мен, Ноокат районунун акими кызматына келгенден бери Насирдин Исановдун туулуп өскөн Көк-Бел айылында бир нече жолу болдум. Жогоруда элдердин "Кыргызстандын биринчи өкмөт башчысы катары тарыхта эң таза инсан катары калды" деген сөздөрүнө, ал инсан жашаган жөнөкөй курулган үйүн көрүп дагы бир ирет ынандым. Кыргыз элинин чыгаан уулу, туңгуч премьер министри, эл урматтап сыйлаган инсаныбыз Насирдин Исановдун эскерүү маарекесин 80 жылдыгын Ош шаарында мамлекеттик деңгээлде, ошондой эле кичи мекени болгон Ноокат районунун Көк-Бел айылында белгилөөнүн үстүндө турабыз.

Кыргыз Республикасынын туңгуч Премьер - министри Насирдин Исановдун туулган күнүнүн 80 жылдыгына карата мамлекеттик деңгээлдеги иш-чараны Ош шаарында жана Ош облусунда өткөрүү белгиленип, маарекени өткөрүүгө даярдыктарды көрүү боюнча өткөрүлгөн көчмө жыйындын протоколдук тапшырмаларын аткаруу менен бирге, Исанов Насирдин Исановичтин туулуп - өскөн кичи мекени Ноокат районунда 80 жылдык маарекесин өткөрүүнү август айына пландаштырып жатабыз. Маарекеге карата Көк-Бел айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен Көк-Бел айыл аймагындагы Ноокат-Көк-Бел-Папан унаа жолундагы Н. Исанов атындагы көчөсүнүн 3 чакырым аралыгына 4023000 сомдук тротуар жана Н. Исанов атындагы орто мектебине баруучу ички жолуна 2300000 сомдук асфальт төшөө иштери башталды. Туулуп өскөн айылына Насирдин Исановдун айкелин



орнотууга жер аныкталып, айкелди даярдоого жергиликтүү бюджеттен 1 млн сом каражат каралган.

Ноокат шаарындагы Н. Исанов атындагы эс алуу жайын толук реконструкциядан өткөрүү, Н. Исановдун айкелин оңдоп-түзөп, жылдырууга ПРООНдон 6 млн сом, Ноокат мэриясынын бюджетинен 1 млн сом каралып, жумуштар аткарылууда.

Н. Исановдуӊ өмүрү, эмгек жолу, эмгектери, ийгиликтери менен жетишкендиктери жөнүндө маалыматтарды жеткирүү, билим алуудан талбоону, аракетчил, эмгекчил болууга, кызматын элге арнап, мекенчил болууга чакыруу максатында Ноокат тарых музейинин экспозиция залындагы туруктуу Насирдин Исановдун көргөзмөсүнө экскурсиялар мектеп окуучуларына уюштурулду.

Август айында өткөрүлүүчү маарекелик иш чаранын алкагында,Н. Исанов атындагы орто мектебиндеги Насирдин Исановдун музейине акча каражаты ажыратылып,жаңылоо иштери жүргүзүлүп, анын өмүр жолуна арналган тасманы даярдоо, сүрөт көргөзмөсүн уюштурууга даярдык көрүү,туулуп өскөн айылы көк шиберлүү Көк-Белге 20 боз үй тигилип, маданий массалык иш-чараларды өткөрүүгө учурда даярдыктар көрүлүп жатат.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 484854



## МЫРЗАКМАТОВ МЕЛИСБЕК, "УЛУТ БИРИМДИГИ" ПАРТИЯСЫНЫН ЛИДЕРИ

## КЫРГЫЗДЫН УЛУУ УУЛУ НАСИРДИН ИСАНОВДУ ЭСКЕРҮҮ

Мезгилдин күрөө тамырын кармап, элим үчүн, жерим үчүн деп соккон жүрөгүн, бүт өмүрүн жана ишмердүүлүгүн ыйык мекенине арнаган, элине сиңирген эмгеги менен кыргыздын улуу уулу Насирдин Исанов, Эгемендүү Кыргызстандын соңку тарыхындагы илим менен тажрыйбаны айкалыштырган сейрек кездешүүчү адис катары жалпы кыргыз элинин эсинде турат.

1990-жылдардан кийин өлкөдөгү саясий-экономикалык ири өзгөрүүлөр, күтүлбөгөн кескин бурулуштар, бүтүндөй бир формациянын алмашып, башка нукка кетиши. . . , ушундай оор мезгилде мамлекеттин жалпы жүгүн көтөрүү Насирдин Исановдой руханий жактан дүйнөсү бай улуу уулдарыбыздын тагдырына туш келип, кризистик туңгуюктан чыгып кетүүнүн туура багытын аныктап, алга карай умтулган прогрессивдүү мамлекеттик ишмерлердин бири болчу.



Насирдин Исановдун мекенчилдиги, зор тажрыйбасы, келечекти көрө билген мыкты стратегдиги, эрктүүлүгү жана тазалыгы, турмуштагы эки тизгин, бир чылбыр принцибине бараандуу чекит койдуртуп, премьер-министрлик кызматын үлгүлүү аркалоого мүмкүнчүлүк берди.

Эгерде кыргыздын алмустактан берки тарыхына сересеп салчу болсок, ысык-суукту башынан кечирип, бирде өйдө көтөрүлүп, бирде ылдый чөгүп, бирок өзүнүн улутун көзүнүн карегиндей сактаган, улуу даанышман бабаларыбыздын бейнелерине, баскан издерине күбө болобуз. Мына ошол улуу сапты улап, өлкө эгемендикке жеткен алгачкы жылдарында жаңы доорду жаратууга умтулган эл чыгаандарынын бири Насирдин Исанов болгон. Өлкөнүн жаңы тарыхында оор жүктү мойнуна артып, экономиканын жаңы моделин түптөөгө, башка өлкөлөр менен социалдык-экономикалык жана саясий алакаларды жөнгө салууга бир топ аракеттерди жасаган. Тилеке каршы, жигердүү эмгектенип жүргөн кезинде, залкар мамлекеттик ишмерибиздин жаркыраган өмүрү жалп өчүп, күтүүсүздөн арабыздан кеткени жалпы жумурай-журт үчүн өкүнүчтүү болуп кала берди.

Кыргыз эли өзүнүн чыгаан уулун эч качан унутпайт. 2023-жылы Насирдин Исановдун 80 жылдык маарекеси мамлекеттик деңгээлде белгиленип жатканы ар бир кыргызстандыкты сыймыктандырып жана кубандырып турат. Анын мамлекет үчүн кылган ири жумуштары, баскан жолу азыркы жана болочок муундар үчүн да ар дайым өрнөк жана үлгү болуп кала берет деп ишенимдүү айта алабыз.

Насирдин Исановдун жердеши, Ноокат районундагы Көк-Бел айлынын тургуну, акын Назикан Мурзабаева, "Катылып жаткан ырларым, кайрылбай кетти жылдарым",

"Жүрөктөн чыккан ырларым", "Берекелүү Ноокатым", "Арноо кайрыктары" аттуу ырлар жыйнактары менен элибизге белгилүү. Ал эми, улуу мамлекеттик ишмер, сыймыктуу агабыз Насирдин Исанов тууралуу анын 70 жылдык маарекесинде, эми минтип 80 жылдыгында да жазган ой берметтерине толгон, асыл сөздөрдү шурудай тизген чыгармаларына таазим этүү менен, көркөмдүктүн боегу сүртүлгөн чыгармалары ар бир поэзия сүйүчүлөрүнүн жүрөгүнөн терең орун алат деп ойлоймун.





**ПРИМКУЛОВ МИРЛАНБЕК ИСЛАМБЕКОВИЧ, Н. ИСАНОВ АТЫНДАГЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫ**

## ИСАНОВ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН АЛГЫЛЫКТУУ ИШТЕРИ

Исанов айыл Өкмөтүндө жыл сайын ар кандай иш чаралар өткөрүлүп турат. Мисалы: «Балдар –дүйнөнүн жандуу гүлдөрү»-дегендей ар жыл сайын балдарды коргоо күнү 1-июнь таланттуу балдардын конкурстары, ага кошуп «Баатыр энелерди» сыйлоо, «Карылар күнү», «Энелер күнү» «Майыптар күнү», «Юбилейлик иш чаралар», «Үлгүлүү эне», «Үлгүлүү үй бүлө», «Үлгүлүү ата-эне» сынактары жана маданият министрлиги жактан чыгарылган жобонун негизинде өткөрүлүүчү айылдар аралык кароо-сынактар, «31-август Эгемендүүлүк күнү» жана башка улуу, салтанаттуу майрамдар, Ата-Мекендик согуштун ардагерлерин, ага кошуп тылдагы кызмат кылган ак саамай ардагер энелерди сыйлоо, дагы ушуга окшогон көптөгөн саамалыктарды өкмөт башчы М.Примкулов жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүү менен камсыздайт. Эң кызыгы жылда айылдар аралык чачтарын ак бубак аралаган ак элечек кийген энелердин жана тал чыбыктай буралган келин кыздардын, балдардын катышуусу менен

өткөрүлгөн кароо сынактардын өткөрүлгөнү, элдин көчөлөрдүн кыял кушун көкөлөтүп, көңүл бөлүшөт. Ошол күнү чоң маданият үйүбүзгө кары-жашы дебей баары келип күбө болуп кетишет. Сынакта ак элечек энелердин кыргыздын улуттук каада салтын аткарганын көргөндөр бир чети тан берип, бир чети өкмөтүнүн энелердин талантына маашырланышат. Бул иш чараларды Н.Исанов айыл округунун аялдар кеңешинин төрайымы, КРнын элге билим берүүнүн мыктысы, маданияттын мыктысы, улуттук көркөм өнөргө сиңирген эмгеги үчүн төш белгисинин ээси, КРнын «Ардак грамотасын», «Даңк медалынын» ээси «Элдик прикладдык искусствонун мастери, 2 Алтын дипломдун жана эл аралык кароо конкурстардын жеңүүчүсү көптөгөн фестивалдардын лауреаты, эмгек ардагери, «Баатыр эне» Казыканова Буажардын жана Б.Абдибаитованын эмгеги зор десек жаңылышпайбыз. Айымдар аралык кароо сынакта 2 жылдан бери Күңгөй-Кожоке айылы 1-орунду камсыздап келе жатат. Калыстар тобу өздөрү күбө болуп анын жыйынтыгын чыгарып беришүүдө. Албетте, бул орунду камсыздоо үчүн конкурстун катышуучуларынын салымы зор. Анан айыл башчы К.Каленов изденип жаштык энергия менен иштегени бул ийгиликтерди жаратууда. Ошондой эле айыл башчы М.Мөнөков, С.Рахманов, И.Абдурахманова, М.Насиров, К.Каленов айылдын инфраструктурасын көтөрүүдө, жарыктандыруу, жол оңдоо, таза суу, агын суу менен камсыздоодо, элдин жашоосун жакшыртууда демөөрчүлөр менен алгылыктуу иш алып барып, аймагыбызды өнүктүрүп келет. Айыл башчылар арсында «Мыкты айыл башчы»- деген номинацияны М.Мөнөков жеңип алды. «Жандоочу кийин аттырат»- дегендей. Ар бир айылдан келген сынактын жеңип алган катышуучуларына, демөөрчүлөрүнө акчалай сыйлык, диплом, грамоталары



берилип турат. Айыл өкмөт башчысы туңгуч Премьер-министр, коомдук саясий ишмер Н.Исановдун дагы 80 жылдык маарекесине кызуу даярдык көрүүдө. Башчы М.Примкулов 2023-жылдын 3-май №96 буйругу менен 21 адамдан тургун уюштуруу тобун түзүп, 11 пункттан турган иш мерчем түзүп, анын алкагында иш алып барууда. Бул уюшулган комитет айыл өкмөт кызматкерлери маданият үйү, мектеп директорлору, китепканачылардан түзүлдү. Жергиликтүү бюджеттен 840 900 сом акча каражаты каралып, социалдык-экономикалык жана маданий иш чараларга өткөрүлдү. Атап кетсек, айыл өкмөтүнүн көрнөк-жарнактары жаңыланды, ар бир айылга «Н.Исановго-80» жыл аттуу щиттер чыгарылды, кеңсе алдына Н.Исановдун айкели жаңыдан оңдолуп, түзөлдү Маданият үйүн, айыл өкмөт кеңсесин оңдоп-түзөп, көчөлөрдү, айлананы ирээтке келтиртип, актоо-сырдоо иштери жүрүп, колдон келишинче камылга көрүлүүдө. Ошондой эле курулуш иштерин, инфраструктураны айта кетсем, жумушчу орун түзүлүүдө, Жаңы-Базар борборуна-50 орундуу тигүү цехи курулууда, долбоордук сметасы-8,5 млн сомдук курулушту айыл өкмөтү тарабынан курулуу иштери жүрүүдө, жергиликтүү бюджеттен 2,3 млн сом каралып, калганын демөөрчүлөр тарабынан аткарылууда. Курулуштун ички оңдоп-түзөө иштерине АРИС тарабынан 3 млн сом сарпталып, оңдоо жүргүзүлөт жана 2 млн сомдук тигүүчү машиналар алынат. Аймагыбыздын Жар-Коргон айылында-318 метр, Кожоке айылынын ички көчөлөрүнө-257 метр асфальт төшөө жүрүүдө, чет элдик донорлор менен иш алып барууда, инвестиция тартууда, Арис программасы менен болгон өнөктөштүктө Байыш айылына курулган «Логистикалык борборго» алып баруучу 1600 метр 18.5 млн сомдук жолго асфальт төшөө боюнча келишим түзүлдү. Кеңеш, Н.Исанов, Көк-Бель айыл өкмөттөрүнүн жарандары үчүн калктын

саламаттыгы менен күрөшүүдө, союз мезгилинен кызмат кылып келген Көк-Бель ооруканасынын эски имаратынын ордуна заманбап, инновациялык технология менен жабдылган, эки кабаттуу оорукана курулуу алдында турат, бүгүнкү күндө республикалык бюджеттен 143 млн сом каралып, мамлекеттик сатып алууга берилди. Буюрса бул оорукана бүтүп калса, үч айыл өкмөттүн бейтаптарын тейлөөчү оорукана болот деп ишенебиз.

Ал эми маданий иш чараларга келсек, тунгуч Премьер-министр Н.Исановдун 80 жылдык маарекесине арналган иш мерчемге келсек, 2023-жылдын 9-июнунда Айылдык кеңештин депутаты Г.Байышова менен Г.Эсенгулова ишкер эжекебиз, Ош шаарынын депутаты «Н.Исановдун изи менен» аттуу облустук кече өткөрүп, бул кечеге Алай, Чоң-Алай, Өзөн, Кара-Суу, Кара-Кулжа, Ош ж.б райондордон депутат аялдар, өзүнүн бир туугандары, башчы М.Примкулов, кызматкерлер менен бирге улуттук кийимдер менен кеңсе алдындагы айкелине куран окуп, «Алтын-Казык» ресторанында баарлашуу болуп, улуу инсанды эскерүү өтүп, жасалгалар жасап, бурч уюштурулду. Ошондой эле ар бир мектеп, бала-бакчалар имараттарына, китепканаларга комдук-саясий ишмер Н.Исановдун өмүр-таржымалын, басып өткөн жолун, жасаган эмгектерин келечек муунга үлгү кылган бурчтар уюшулуп, жолугушуулар өткөрүү, тарбиялык сааттар өтүү жана класстан тышкаркы иштерди өткөрүү милдеттери коюлду. Улуу инсанга арналган спорттук мелдештер: волейбол, футбол оюндары ойнотулууда, 31-август Эгемендүүлүк күнүнө карата спорттук мелдештер уюшулуп, сыйлыктар коюлууда. «Адамзатты эки нерсе багыттайт, адал сөзү, ак эмгеги карыттпайт» аттуу маданий иш чарага камылга көрүлүүдө. Көк-Бель айылында 30-август күнү өтүлүүчү иш чарага боз үй жасалгасы менен куруп, көргөзмө уюшулууда.



Мектептердин оңдоп-түзөөсү жакшы болушу, көрктөндүрүүгө катышкандыгы, коомдук тапшырманы убагында, тазалык менен аткаргандыгы, салыктардын жакшы топтолуп, иш пландардын жакшы аткарылышы-айыл өкмөтүнүн алдыга жылышы болуп эсептелет. Бул иштердин жакшы аткарылышы албетте эң биринчи Н.Исанов айыл өкмөтүнүн башчысынын көрөгөчтүк, жаштык жигер менен иш билгиликте талыкпай иштеп көзөмөлдү жакшы кылып, талапты катуу коюп, кызматкерлерди жакшы уюштуруп, жана андагы иштегендер дагы өздөрү менен чымырканып иштеп бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып ынтымактуулук менен иш алып баргандыгында десек жаңылышпайбыз. Ошентип «Изденсең ийгиликке жетесиң» дегендей изденүүчүлүк менен иштеп жаткан ынтымактуу эмгек жамааты мындан ары дагы намысты колдон кетирбей, ыраамды башка жакка өткөрбөй ынтымактуулук менен иштешет деген ишеним ар бир адамдын жүрөгүндө болсун.




## КАРЫБЕКОВ КУТМАНАЛИ КУДАЙБЕРДИЕВИЧ, КӨК-БЕЛ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫ

### Насирдин Исановдун 80 жылдык маарекесинин урматына аткарылган иштер

Коомдук ишмер, КРнын тунгуч Премьер-министри, жердешибиз Насирдин Исановдун 80 жылдык маарекесине карата ал туулуп өскөн Көк-Бел айыл аймагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бюджетинин, Эл аралык донор уюмдарынын, айыл өкмөттүн жергиликтүү бюджетинин жана демөөрчүлөрдүн жардамында бир топ жумуштар аткарылды.

1. 2022-жылдын 1-ноябрь күнү Көк-Бел айыл өкмөтүнө караштуу Кайыңды айылында 100 орундуу баштапкы жалпы билим берүү мектеби 38 387 407 сомго республикалык бюджеттен каржыланып башталган. Аткаруучу: "СК Мадан" ЖЧКсы 2022-жылы 2 700 000 сом



акча каражаты бөлүнгөн. Азыркы учурда жумуш кызуу жүрүп жатат.

2. Көк-Бел айыл аймагын таза суу менен камсыздоо максатында 2019-жылдын августь айында 46 734 329 сомго республикалык бюджеттен акча каражаты каралган. Аткаруучу: "Азия курулуш компании" ЖЧКсы.

2022-жылы 1 млн. сом гана бөлүнүп, жумуш солгундай баштаган. 9 айдын жыйынтыгы менен суранып, 3 000 000 сом акча каражатын бөлдүрттүк. 2023-жылы 2 000 000 сом, андан кийин 5 000 000 сом акча каражаты бөлүнүп, жалпысынан 29 000 000 сомдук жумуш аткарылды. Бүгүнкү күндө жумуш кызуу жүрүп жатат.

3. Аристин "CASA 1000" долбоору аркылуу Көк-Бел ФАП 3 300 000 сомго капиталдык оңдоп түзөөдөн өттү.

4. Арис аркылуу Абылакимов атындагы Көк-Бел орто мектебинин эски от казаны жайгашкан жерди тигүү цехи кылып өзгөртүп жатабыз. Долбоордун баасы 5 800 000 сом. Быйыл долбоор ишке кирет. Keминде 33 жаран жумуш менен камсыз болот.

5. 2019-жылы айыл өкмөтү тарабынан 25 000 000 сомго Ак-Буура дарыясынан Көк-Бел айыл аймагына 4,6 км. жерге суу тартуу үчүн 1-этаптагы долбоор даярдалган. Жергиликтүү бюджеттен жалпысынан 5 786 000 сом, негизинен элден акча чогулуп, ашар жолу менен 2,3 км. жерге керектелүүчү материалдар алынып, суу түтүктөрү тартылган. 2023-жылы райондук өнүктүрүү фонду тарабынан 1 000 000 сом акча каражаты бөлүнүп, жакында 2,3 км. жерибизге суу чыгат.

2023-жылы ушул сууга 2-этаптын долбоору 3,7 км. жерге 22 900 000 сомго долбоор даярдалды.

Биринчи этапка бүгүнкү күндө болжолдуу түрдө 18 500 000 сом, экинчи этапка 22 900 000 сом, жалпысы 41 400 000 сом акча каражаты керек болуп жатат. Айыл

өкмөтүбүз дотацияда болгондуктан КРнын суу ресурстар кызматына проект сметаларын жасап, сураныч кат берип келдик. Буйруса кагаз иштери бүтүп, акча каражат маселебиз чечилсе, жумуш башталат.

Айтмакчы, Ак-Буура дарыясынан Көк-Бел айыл аймагына суу алып келүү үчүн Н. Исанов дагы аракет кылган, бул дүйнөдөн көзү өтүп кетип, башталган жумуш белгисиз себептерден улам токтоп калган. Кийин айыл тургундары башкадан долбоор жасашып иш кайрадан жанданган.

6. 2023-жылы жергиликтүү бюджеттен 4 400 000 сомго жер астынан суу чыгардык. Тендерден "Эл курулуш" ЖЧКсы уткан. 1,5 км. жерге суу түтүктөрү тартылды. Дагы 1,8 км. жерге суу түтүктөрү тартылат. Мындан 350 түтүн таза суу менен камсыз болот.

7. "ОсОО Динат" ЖЧКсы 400 000 сомго тендерден утуп, жергиликтүү бюджеттен айыл өкмөттүн тосмосун оңдоп-түзөөдө.

8. Айыл аймакка кирген жердеги арканы "Ремарк Групп" ЖЧКсы тендерден 44 000 сомго утуп, оңдоп-түзөө иштери башталды.

9. Н. Исанов атындагы мектепке баруучу Сейдалиев көчөсү менен барып, Комсомол көчөсүнөн өтүп, Абдышов көчөсүнө кошулуучу жолго чейин 3 км. жерге 16 700 000 сомго долбоор даярдалган. 2023-жылы жергиликтүү бюджеттен 2 300 000 сом, райондук өнүктүрүү фонду тарабынан 1 000 000 сом акча каражаты каралган. Жакынкы күндөрү жумуш башталат.

10. Н. Исанов атындагы көчөнүн 3 км. жерине тратуар жасоо үчүн 15 600 000 сомго долбоор жасалган. 2023-жылы жергиликтүү бюджеттен 4 023 000 сом акча каражаты каралган. Жакынкы күндөрү жумуш башталат.



11. Айыл өкмөтүбүздүн алды тарабына Н. Исановдун айкелин орнотуу үчүн 0,03 га. жер тилкеси бөлүнүп, Ноокат районунан шайланган Жогорку Кеңештеги 5 депутатыбыздын атынан 500 000 сомго айкели жасалып жатат.

12. Айкелдин айланасын жасалгалоо боюнча тендерден 425 000 сомго "ОсОО Динат Групп" ЖЧКсы тендерден утуп, бүгүнкү күндө жумуш кызуу жүрүп жатат.

13. Н. Исановдун кичи мекениндеги үйүндө бүгүнкү күндө бир тууган иниси Абдирашит Исанов жашап келет. Ошол үйдүн сыртын оңдоп түзөө иштерине жергиликтүү кеңеш 40 000 сом акча каражатын бөлүп берди.

14. Н. Исанов атындагы орто мектебинде Н. Исановдун үй музейи жайгашкан. Музейдеги сүрөттөр, көргөзмөлөр илинген тактайчаларды жана сүрөттөрдү жаңы заманбап стилде оңдоп түзөөдөн өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражаты каралган. Жакынкы күндөрү иштер башталат.

15. Көк-Бел айыл өкмөтүндө көп жылдан бери чечилбей келген 43 га. жер тилкеси 2023-жылы турак жай куруу үчүн трансформация болду. Элден турак жай курууга муктаждарды аныктоо максатында комиссия түзүлүп, комиссия тактоо иштерин жүргүзүп жатышат.

# КООМДУК ИШМЕРЛЕР АЛ ТУУРАСЫНДА

**Казат АКМАТОВ,**
**коомдук ишмер: "Үч-төрт добуш айырмачылыгы болгон"**

Чынчыл, калыс жүргөн адамдардын жүзү дайыма жарык болот. Насирдин жылдызы жанып, жаркылдаган, ыймаиы ысык жигит болчу. Курулуш министри болуп, андан кийин Ысык-Көлгө областык аткаруу комитетинин төрагасы болуп кеткенде министр кезинде жашаган үйү мага тийип калды. Азыр биринчи үй-бүлөмдүн балдары ошол жерде жашап жатат. Президенттик шайлоо өткөргөндө Аскар Акаев менен Насирдин Исанов алдыга оозуп чыгып, экөөнүн ортосунда 3-4 добуш эле айырма болгон. Экөө эриш-аркак болуп жакшы иштеди. Бирок, тилекке каршы кыска өмүр сүрдү. Кыргызда жакшы адамды өлүмгө кыйбайт. Жол кырсыгынан каза болгону табышмак болуп, бүгүнкү күнгө чейин эл арасында ар кандай божомолдор айтылып келет. Улуу адамдар жөнүндө уламыштар жаралып, уламыштарда өзү каарман катары аты өчпөй түбөлүккө кала берет. Насирдин арабызда жок болсо да анын эмгектери, асыл сапаттары элдин эсинде, жүрөгүндө жашап келет, жашай берет.

**Дастан САРЫГУЛОВ,**
**коомдук ишмер: "Адамгерчилиги баарынан жогору эле"**

- 1990-жылы Нарын облусу менен Ысык-Көл облусу бириккен. Ошондо Насирдин Исанов облустук аткаруу комитетинин төрагасы, мен обком партиянын секретары болуп, эки жыл бирге тыгыз иштешип калдык. Анда адамга мүнөздүү улуу адамгерчилик сапаттары көп болчу. Нукура кыргыздын тарбиясына сугарылган инсан эле. Партия, КПСС үстөмдүк кылган доордо, мамлекеттик саясатты, жалпы эл чарбасын башкарууда абдан каардуу саясат жүргүзүлүп турганына карабай, адамгерчилиги баарынан жогору болуп турду. Мен ушуну баса белгилеп айткым келет.



**Амангелди МУРАЛИЕВ,**
**коомдук ишмер: "Ички маданияты жогору болгон"**

- Кесиби боюнча ал киши инженер-курулушчу болчу. Мен таанышканда мамлекеттик курулушта төрага эле. Өлкөбүз эгемендүүлүктү алгандан соң Насирдин Исанов Премьер - министр, мен экономика министри болуп чогуу иш алып барып калдык. Чынында билимдүү, ишке берилген, ички маданияты жогору инсан эле. Мен бул киши менен жолугушуп, бирге иштеп калганыма ыраазымын.

# ЗАМАНДАШТАРЫ НАСИРДИН ИСАНОВ ТУУРАЛУУ

## НАСИРИДИН ИСАНОВ КАЙРАТТУУЛУК ЖАНА МЕКЕНЧИЛДИГИ МЕНЕН ЭСТЕ КАЛДЫ

Жашоо оорураак болгон сайын калайык - журт тарыхка ыктап, руханий дөөлөттөрдүн зоболосу көтөрүлө баштаганы - бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Кыргыз эли үч миң жыл тарыхында кандай улуу инсандарды Ааламга келтирбеди. Кандай деген инсандар кыргыз элинин даңазасын Ааламга жеткирип келүүдө.

Коркуп-үркүп жашоо, ач-жылаңачтыкка багынуу, айрыкча, узакка созулган кордук, азап, басмырлап кемсинтүүгө моюн сунуу-бул адамдын акылына, аброюна теп келбеген нерсе.

Андыктан азаттыкты күсөп улуттар, мамлекеттер күрөшкө, ыңкылапка, согушка аттанган.

1991-жылы биздин 74 жылдык Советтер Союзунун кыйроосу башталып, 15 союздук республикалар өзүнүн эгемен жолун баштаган учурда саясый аренада Насирдин Исановдун авазы билермандык, кайраттулук, мекенчилдик менен эсте калган.

Ошол кездеги кесепеттүү алтындын чыры башталбаса, балким төрөпейил, жүрөгү таза Насирдин Исанов бүгүн биздин элибиздин акылмандарынын бири болуп, кеп-кеңешин айтып, төрүбүздө отурар беле. . .

Айылдык жазуучу, курбум Назикан Мурзабаева накта элдин пикирин чагылдырып, Насирдин Исановго арналган эскерүүлөр топтомун жаратканына ыраазылыгымы билдирип, авторго ден соолук, чыгармачылык эргүү, балдарынын жетишкендиктеринен ырахаттанган чексиз энелик бакыт каалап кетемин.

*Салима Шарипова,*
*Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, Москвадагы эл аралык жазуучулар бирикмесинин мүчөсү.*



## ӨТКӨНДӨР БАРКТАЛМАЙЫН, ТИРҮҮЛӨР ДАҢКТАЛБАЙТ

- Ар тараптуу жетик жигит эле. Мен ардактуу эс алууга чыкканга дейре мамлекеттик, партиялык кызматтарды аркалаган адаммын. Ошол иштеп жүргөн жылдарда не деген чыгаан жигиттер, иш билги адамдар, эли-жери үчүн күйүп-бышкан инсандар менен баарлаштым, аралашып бирге иштештим. Көнүмүш болуп калганбы, азыр деле коомдук иштерден кол үзбөй, калк үчүн кызмат кылып жүрөм. Ушундан улам, адамдарга, калк ичинен суурулуп чыккан мыкты чыкмаларга сын көз менен кароо биз сыяктуу карыяларга адат болуп калгандай.

Мына, жакында Насирдин Исановдун 80 жылдыгын белгилөөнүн алдында турабыз. Азыр алдымда бул инсан жөнүндө мен эмнелерди билем, анын калкка өтөгөн кызматы тууралуу нелерди айта алам деген суроолор турат.

Сөз чындыгынан жанбайт эмеспи, мурда Насирдинди сыртынан гана билчүмүн. Анын Москвадан окууну бүтүп келгенин, Оштогу пахтадан кездеме токуучу комбинаттын курулушуна активдүү катышып жүргөнүн, иш билги, өз адистигин мыкты билген, уюштурууучулук жөндөмдүүлүгү мыкты деген жылуу пикирлерди жетекчилерден, коомчулуктан угуп калчумун. Ушул нерсеби же анын ноокаттык жердешим экендигиненби, өзүмчө эле Насирдинге жан тартып, эл оозуна алынып баратканына жетине албай, кубанып, сыртынан көз кырымды салып жүрдүм. Айтор, ошондо эле назарыма илинген эле.

Өткөн кылымдын 70-жылдары Ош областтык партия комитетин Султан Ибраимов жетектеп калды. Бул инсандын мыкты касиеттерин, калк үчүн жаралган улуу жетекчи экенин бүт кыргыз эли билет эмеспи. Ушул улуу инсандын көз кырына Насирдин да илинген экен, аны

"Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын партиялык комитетинин секретарлыгына жөнөтөт. Албетте, бул союздук мааниси бар улуу курулуш болчу. Анда СССРдин аймактарындагы ушундай ири курулуштарды куруп жүргөн, жогорку класстагы практик адистер иштешчү. Султан Ибраимович жетик жетекчи эмеспи, Насирдинди ушул улуу курулушта иштетип сынап көргүсү келгенби же жаш болсо да өзүнө тапшырылган ар кандай жумушту алып кете аларына көзү жеткенби, айтор, ошол жакта иштөөгө ишеним берди.

Муну угуп алып, бүт Союзга белгилүү адистер куруп жаткан ушул улуу курулуштун партиялык комитетин жетектеп кете алабы деген кооптонуу менде пайда болбой койбоду.

Анткени, аталган башкармалыкта жетекчи болуп Серый Зосим Львович, башкы инженери Хурыев Казбек Бексултанович сыяктуу күчтүү жетекчилер иштешчү. Демек, Насирдин ушундай инсандар менен бирге иштеши керек эле. Жакшы жери, Насирдин жетекчилердин ишенимин актай алды. А түгүл Союзга белгилүү адистер менен тең тайлашып, тил табышып, чоң абройго да ээ болду. Билими боюнча кем калбай, жогорку деңгээлдеги инженер-куруучу экенин көрсөттү. Муну мен угуп, көрүп жүрдүм жана ага болгон ишенимим дагы да артты.

Насирдин 1974-жылдын күз айларында Кыргызстан комсомолунун Ош областтык комитетинин биринчи катчысы болуп шайланды. Ошентип, ага областтагы жаштар ишин жолго коюу жумуштары тапшырылды. Анда мен Ош областтык аткаруу комитетинин төрагасы болчумун. Ушундан улам, Насирдин менен бирге иштешип калдым. Анын тартынбастыгын, ар кандай көйгөйлүү маселелерди чечүүдө аргументтерди пайдалана билишин, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн өз көзүм менен көрүп,



ишмердүүлүгүнө ичим жылып жүрдү. Ооба, ошондой эле болду. Насирдин Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин курулуш жана шаардык чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, андан соң башчысы болуп тез эле кызматы боюнча жогорулап кетти. Ал күн-түн тыным албай, берилген тапшырмаларды аткарууда темирдей эрки, чыныгы таланты жана жөндөмү бар экенин көрсөтүп, эл оозуна алынды. Ушул ийгиликтер аны Кыргыз ССРинин Курулуш министри кызматына жеткирди. Анын саясий аренага чыгышы ушул кызматтан башталды.

Андан соң Ысык-Көл областтык аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеп жүрдү. Насирдиндин күн санап эл арасында өсүп бараткан аброюн көрүп, келечекте мамлекетти башкара турган дагы бир инсан өсүп баратканына көзүм жетип турду. Ага чейин Союз таркап, элдин эркиндигин самап жүргөн элдин тилеги орундалып, эгемен өлкөгө айландык.

Алгач эгемен өлкөбүздүн Президентин шайлоо маселеси турду, элдин алдында. Бирок, бул саясий оюнга айланып кеткенин баарыбыз эле билип калбадыкпы. Президенттикке ат салышууга А. Акаев менен Насирдин чыкты. Бул таймашта А. Акаев жеңип чыгып, Кыргызстандын биринчи Президенти болду. Өз кезегинде ал Насирдинди Вице-президент кылып бекитти. Кийинчерээк Президенттин сунушу менен Насирдин Исановду легендарлуу депутаттар Премьер-министр кылып бекитип беришти. Ушул саясий оюндар жөнүндө кененирээк токтолуп кетейин. Анда жашым жетип, ардактуу эс алууга чыгып калгам. Ага карабай, коомдук иштерге аралашып жүргөнүмдү айта кетейин. Элдердин ортосунда ынтымакты орнотуу үчүн ассоциация түзүлүп, аны жетектөөнү мага тапшырып коюшту. Ошентип, эл үчүн кызмат кылууну дале улантып жүрдүк.

Республикабыздагы саясий кырдаалдар жүрүп жаткан мезгилде генерал М. Абдыракманов экөөбүз эмгек өргүүбүздөн пайдаланып, үй-бүлөбүз менен Алматы шаарына барып эс алып келүүнү чечтик. Адегенде Бишкекке учуп барып, эки күн туруп, анан аттанмакчы болдук. Бишкекке келип мейманканадан орун алдык. Ошол жерде "эртең Президентти шайлашат экен" дегенди уктум. Президенттикке Н. Исановду Нарын менен Ысык-Көлдүн депутаттары сунуштап жаткан экен. Бул кабарды угарым менен Н. Исановго телефон чалып, абал жөнүндө сурамжыладым. Ага Үсөн Сыдыков ушул иш менен алектенип жатканын билдирдим.

Чынын айтайын, мен жердешчилик сезим менен эмес, Насирдиндин Кыргызстандын дээрлик көпчүлүк аймагына мыкты жетекчи болуп калганын эске алуу менен, элдин кызыкчылыгы үчүн иштеп бере ала турган кадр экенине ынанганымдан анын Президент болушуна аракеттендим. Насирдин менен сүйлөшкөн соң, Үсөн Сыдыковдун алдына бардым жана абал тууралуу сурамжыладым. Ал: "Нарын, Ысык-Көл, Ош аймактарынын депутаттары менен сүйлөшүп жатам. Насирдин Президенттикке ылайык экенине депутаттар да ынанышууда",- деген болду. Сыртка чыктым да, тааныш депутаттар менен сүйлөшүп көрсөм, пикир эки ача. Алар: "Үсөн аке башкача багыт берип жатат го", - дешет.

Өтө таң калдым. Чыдабай Насирдинге телефон аркылуу кайра чыктым да, Үсөн акенин кылыгы жөнүндө кабарладым. Ал таң калган бойдон кала берди. Үсөн Сыдыковдун бөлмөсүнө кайра кирип, депутаттардын сөздөрүн айтсам, ал актанган болуп: "Депутаттарга эртең регистрация жүрүп жатканда эскертейин дедим эле", - деген болду. Ушуга окшогон саясий оюндардан улам Президент болбой калды.



Насирдин Кыргыз Республикасынын туңгуч Премьер-министри болуп турганда эки жолу кенен-кесири отуруп сүйлөштүк. Биринчиси, жаңыдан кызматка киргенде болду. Анын иш бөлмөсүндө отуруп алып, ардагер аксакал катары элдин арасында жүрүп жаткан кептер тууралуу кабардар кылдым. Ал эми Насирдин өлкөбүздү өнүктүрүүнүн келечек пландарын айтып берди.

Кийинки жолугушуубуз Ош шаарында болду. Анда да аксакалдык милдетимди аткарып, эл арасындагы көйгөйлүү маселелерди айтып бердим. Айтор, бул жеке жолугушууларыбыздын экөөсү тең терең пикир алышуулар менен коштолду.

Насирдин Кыргызстандын туңгуч Премьер-министри болуп турганда эл үчүн таза иштеп берди. Чыныгы элдин уулу экенин көрсөтө алды. Анын "Чубактын кунундай" болуп ушул күнгө чейин тополоңу уланып келаткан "Кумтөр" алтын кенин иштетүү боюнча Б. Бирштейн жана ал аркылуу "Сиабеко" корпорациясы менен түзүлгөн алгачкы келишимге Кыргызстандын кызыкчылыгы үчүн деп алардын сунуш кылган вариантына макул болбой, кол койбой коюшу иштин көп жагдайларын ырастабас бекен.

Менимче, Насирдин ушул маселенин курмандыгы да болуп калды окшойт. Ошол эле "Сиабеко" корпорациясынын иши менен баратып, авариядан улам Насирдиндин көзү өтүп кетти. Анын өлүмүн жогоруда атап өткөн мен жетектөөчү ассоциациянын чогулушун Ноокат районунда өткөрүп жатып уктум. Чогулушту токтотуп коюп, туура аэропортко бардым. Анын жасаты алынып келинген соң, самолетко жүктөдүк да, Бишкекке алып барып, "Ала-Арча" көрүстөнүнө койдук. Бетин ачып көрдүм. Эч жерине зака кетпептир. Терең уйкуда жаткандай элеси турат.

Өтө кайгылуу окуя болду. Кыргызстандын келечеги үчүн күйүп-жанган жакшы жетекчиден айрылып калдык. Арман күн десең, андан кайгылуу окуя жоктур.

*Абдибаит Тажибаев,*
*Ош областтык ардагерлер кеңешинин төрагасы.*

## АТАНЫН УУЛУ БОЛУШ УРМАТ, ЭЛДИН УУЛУ БОЛУШ КЫМБАТ

Коомдук ишмер Насирдин Исанов Көк-Бел айылында 1943-жылы 7-ноябрда жарык дүйнөгө келген. Ал жөнөкөй, карапайым, үлгүлүү үй-бүлөөдө тарбияланып өстү. Атасы Матмусаев Исан аба, апасы Матмусаева Алима эне бардык мээримдерин, ниеттерин Насирдинди тарбиялап өстүрүүгө, анын келечекте жакшы адам болушуна бурган инсандар эле. Көк-Бел айылында Москвада окуган биринчи бала болгондуктан, аны менен ата-энеси жана бүтүндөй Көк-Бел эли сыймыктанып жүрүштү.

Насирдин менен эс тарткандан баштап бирге жүрдүк, чогуу өстүк. Биздин балалык, өспүрүмдүк доорубуз согуштан кийинки оор мезгилде өттү. Ошондуктан ойноок балалык, карыубуз ката элек мезгилибиз түйшүктүү болду. Насирдин да айылдагы башка балдар сыяктуу эле жайкы каникулда совхоздун жумуштарына активдүү катышты. Эгин оруп- жыюуда, алардагы отоо чөптөрдү жок кылууда, чабууда чоң кишилер менен бирдей иштеди. Совхоздо согуштан кийинки жылдары жумушчу күчтүн жетишсиздигинен, техниканын жоктугунан тоют топтоого, жашы он үчкө жете элек балдар негизги күч болор эле. Насирдин да төрт өгүз чиркелген тросс менен чөп топтогучта өгүз айдагыч болуп иштеди. Он төрт- он беш



жашында ат тырмооч менен чөп тарады,15-16 жашында ат косилка менен чөп орду.

Мектепке барып кат тааныгандан баштап колунан китеп түшчү эмес. Насирдин менден бир жыл мурун мектепке барды, мектепте окуп жүргөндө эле, бардык ою, максаты келечекте инженер-куруучу болууну көздөгөн болуучу.

Согуш мезгилинде биздин айылдын элдеринин көпчүлүгү жертөлөдө жашашчу. 1953-1954- жылдары, элдер жертөлөөдөн чыгып, чийки кирпичтен үй кура баштаган. Насирдин да үй курууну чечишкен атасына жакындан жардам берип, кандай куруу боюнча өзүнүн ойлорун айтып турган. Усталар үйдүн үстүн жаап жатканда ал усталардын жабдыктарын алып эшик-терезелерин өзү эле жасап усталарды таң калтырган.

Насирдин мектепте эң жакшы деген баалар менен окуду. Анын баскан-турганы, жүрүш-турушу, коомдук жайларда өзүн алып жүрүүсү, балдарга болгон мамилеси, сүйлөгөн сөздөрү, акылдуулугу, тартиптүүлүгү, маданияттуулугу, сабырдуулугу, токтоолугу бизди таң калтырат эле. Математика сабагын абдан жакшы көрүүчү, ага көп кызыгып, окуу программасынан тышкаркы китептердеги маселе -мисалдарды көп чыгарар эле. Китепти көп окугандыктан тиги же бул тема боюнча айрым мугалимдер менен талашып, оюн ачык айтып, өз айтkандарын далилдей алчу. Мугалимдердин арасынан математика мугалими Атаев Борис Аликоевичти жогору баалар эле. Анткени ал киши: «мен берген сабактан үч деген баа алсаң Москвага барып бешке окуйсуң» дечү эле.

Насирдин менен бирге окушкан балдар Көк-Бел орто мектебин бүтүрүшүп, бүтүрүү экзамендерин Ломоносов атындагы орто мектебинде тапшырышкан. Анткени Көк-Бел орто мектеби Ломоносов орто мектебине филиал эле.

Ломоносов орто мектебинде жалаң бешке окуган бала жок болгондуктан, Көк-Бел мектебинен чыгарсак бизге уят болот деп Байаманов деген директордун көрсөтмөсү боюнча атайылап Насирдинге төрт коюп койгондугун Аккысбеков деген мугалим айтып жүрдү. Ошонун натыйжасында медалга көрсөтүлбөй калганына Насирдин абдан наараазы болгон. Ошол иш мугалимдер коллективинин арасында да наразылыкты жаратып бир жылга жетпей директор иштен алынган.

Табигат берген зиректигинин, акылынын тунуктугунун, сергектигинин натыйжасында кайсы тармактан көп болбосун ой жүгүртүүсүнүн кенендиги боюнча маектештерин суктандырар эле. Онунчу класста окуп жүргөндө жогорку борбордук окуу жайларына өтүүчүлөр үчүн математикалык маселелердин жыйнагын толук чыгарып, чоң дептерге жазып алган болчу. Ошол дептерин бирге окуган бирөө уурдап алып, бербей коюп, өзү да окууга өтпөй калат.

Бул чөлкөмдөн биринчилерден болуп 1961-жылы Москвадагы инженердик-курулуш институтуна өттү. Биринчи курста күндүзү иштеп, кечинде окуп жүрүштү. Биринчи семестрде математикадан экзамен тапшырган кезде, группадагы 22-студенттен Насирдин «5» деген баа алыптыр, украин улутундагы бир кыз төрт, бир бала үч алыптыр, калгандары экзаменди тапшыра албай калышыптыр. Февраль айынын аягында мага Насирдинден кат келди. «Борбордук жогорку окуу жайларына балдар коркпостон документтерин тапшырып келе беришсин, өзүң да келип тапшыргын»,- дептир. Насирдиндин жолун жолдоп, кийинки жылы Көк-Белден беш бала Москвага окууга барып, өтүшүп, ийгиликтүү бүтүрүп келдик.

Студент убакта Кыргызстандан барган балдар ишемби, базар күндөрү бош убакыт боло калганда



Насирдин жашаган жатаканасына барчубуз. Кайсы мезгилде барбайлы өзү менен бирге окугандарга математикадан, черчениеден, сопроматтан (сопротивление материалов деген татаал сабак бар эле) консультация берип отурчу. Өзү да аларды карап, мына ушулар мени убагында сен бул окуу жайында окуй албайсың, үйүңө эле кетип кал деп мазакташчу деп күлүп калар эле. Чогулганда киного кирчүбүз. Эгерде консультация ала турган студенттер көп болуп калса Насирдин киного барбай калып, ошолорго жардам берчү. 1965-жылы Москвадагы курулуш институтун ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин Кыргызстанга келди. Ош шаардык курулуш трестинде мастерликтен иш баштаган. Кыска мөөнөттө өз ишин мыкты билген адис катары коллективдин ишенимине кирип, кызматтан көтөрүлүп, №3 курулуш монтаждоо башкармасынын прорабы болуп иштей баштады. Ош шаарынын Араван көчөсүндөгү өзбек орто мектеби Насирдиндин прораб болуп иштеген кезиндеги өз алдынча курган биринчи курулушу. Курулуш кабыл алуу комиссиясынан жогорку баа менен кабыл алынганда сүйүнүчүн тең бөлүшүп, бирге жууганбыз.

Аз убакыт өтпөй курулуш трестинин участка башчысы болуп дайындалды, 1967-жылы Ош шаардык трестинин башкы технологу, 1968-70 жылдары ушул эле тресттин 5-курулуш монтаждоо башкармасынын башкы инженери кызматына дайындалды. Ошол жылдары Ошто пахтадан кездеме токуучу комбинатынын курулушу негизги курулуштардын бири болуп саналуучу. Бул комбинаттын курулушуна Насирдиндин кошкон салымы арбын болгон.

Комбинаттын ишке тапшырылышына эки ай калганда партиянын областтык комитетинин биринчи катчысы Сүйүнбаев Акматбек Сүттүбаевич чакырып, жакшы иштеп жаткандыгын белгилеп, областтык партия комитетинин курулуш бөлүмүнүн инструкторлугуна дайындайт.

1970-жылы Ош областтык партиялык комитетинин катчысы Султан Ибраимов Исановду Нарын гидроэнергострой курулуш башкармалыгынын парткомунун секретарлыгына дайындайт. Бул кызматта иштеген убагында партиялык, коомдук ишмер катары, адамдык асыл сапаттары жөнүндө ошол мезгилде аны менен бирге иштеген өзүнүн жардамчысы, согуштун ардагери Пыка Ефим Сергеевич «Насирдиндин мыкты сапаттарын бирге иштеп байкадым, айрыкча жөнөкөйлүгү, кээ бир жетекчилерге мүнөздүү өзүм билемдик пикир, басымдуу үн, сыртын салган көз караш жоктугу, иш боюнча тапшырма берип, анын аткарылышын көзөмөлдөө жагы мага жакшы таасир калтырчу» деп белгилейт.

Нарын гидроэнергострой трестинин жетекчиси Сергей Зоосим Львович, башкы инженери Хурыев Казбек Бексултанович сыяктуу авторитети күчтүү жетекчилер менен тез тил табышып, чоң абройго ээ болду, булардан билими боюнча да кем калбай, жогорку деңгээлдеги инженер- куруучу экенин көрсөтө алды.

Алар өндүрүштүк иштерди талкуулоодо, кадрларды жайгаштыруу, которуштуруу маселесин чечүүдө Исанов менен сөзсүз макулдашуучу болушту.

Кыргызстанда энергетика тармагын көтөрүүдөгү эмгеги, өндүрүштүк ийгиликтерди жараткандыгы менен эл арасында жана жогорку жетекчилердин алдында чоң кадыр баркка ээ болду.

1999- жылы күз айларында Кыргызстан ЛКЖС Ош обласгтык комитетинин биринчи катчысы болуп дайындалды. Бул жөнүндө Насирдин өзү мындай дейт: «Мени күтүүсүздөн Султан Ибраимович өзү чакырып, обкомдун бюросу сени башка ишке которууну туура көрдү. Областта жаштар менен иштөө талалтагыдай жолго коюлбай жатат. Азыркы иштеп жаткан жериңде жаштар



менен жүргүзгөн иш-тажрыйбаңы эске алып сени областка которууну туура көрдүк. Султан Ибраимович Нарын ГЭСтин курулушунун бүтүшүнө аз убакыт калды, курулуш бүткөнгө чейин өз ордумда эле иштеп турбайынбы деп сурандым. Ал киши күлүп, сенин оюңду түшүндүм. ГЭСтин курулушу бүтөрү менен куруучуларга орден-медалдар, сыйлыктар тапшырылат, сенин кошкон эмгегиң дагы эске алынат. Жаштар менен обласггык деңгээлде иштөө көп эмгекти талап кылат, сен мындан да оор кызматтардын тепкичтерин басып өттүң, бул тармакта да ишти жакшы жолго коюуңа обкомдун бюросу ишенет, келип иштегин деп, обласггык жаштар комитетинин башчылыгына дайындаган. Бул кызматта Насирдин 1975-жылга чейин ийгиликтүү иштеди. Ал бул иштерде жаштарды турмуш жолуна туура багыттоодо, алардын эмгекке болгон кызыгуусун арттырууда натыйжалуу иштөө менен жаштар арсында чоң кадыр-барка ээ болду.

1975-жылы Султан Ибраимовичтин демилгеси менен Папан-Кожокелен-Кичик-Алай жолу курула баштады. Курулушта жалаң жаштар иштешкен. Жол бүтөрү менен анын эки тарабына кайын көчөттөрүн отургузушуп, Султан Ибраимович өзү баш болуп комсомолдордун күчү менен аллея уюштурушкан. Көчөттөрдү отургузуп жатканда Султан Ибраимович чөнтөгүнөн бир алтын тыйын алып Насирдинге көрсөтүп, мен карып калдым сен жашсың ушул көчөт эгилген жерди эстеп калгын деп алтын тыйынды көчөт казылган чуңкурга таштап көчөттү отургузушат. Бул дарактын өсүшүнө көзөмөл кылып байкап жүр деп табыштайт. Жалпы аллеянын өсүп жетилишине кезөмөлдү обласггык жаштар комитетине тапшырат.

Насирдин Султан Ибраимовичти өзүнүн «кумири» деп эсептеп: «Аты да Султан, өзү да султан» деп сыймыктануу менен айтып калар эле. Ошондуктан чоң уулунун атын

Султан деп койгон болчу. Султан Ибраимовичтин көзү өтүп кеткенден кийин, айылга энесин көргөнү келип, мага телефон чалып, «тез кел, Папанга барып келебиз» деди. Папан айылына бардык. Баягы отургузулган кайыңдарды кышта элдер отунга кыйып кетип, аллея начар абалда экенин көрүп, Султан Ибраимовичтин сөздөрүн эстеп, абдан ыза болуп, өзүн күнөөкөр сезип турду.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин курулуш жана чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, башчысы болуп турганда күнү-түнү тыным албай, берилген тапшырмаларды аткарууда темирдей эрки, чыныгы таланты жана жөндөмү бар экенин көрсөтүп, эл оозуна алынды. Ушул ийгиликтер анын 1984-жылы Кыргыз ССРинин Курулуш министри кызматына жеткирди. Анын саясий аренага чыгышы ушул кызматтан башталды.

1988- жылы Ысык-Кел областынын аткаруу комитетинин төрагасы кызматын аркалады.

1999- жылы Кыргыз Республикасынын вице-президенти болду.

2000- жылы Кыргыз Республикасынын Премьер-министри болуп дайындалды.

Элдин ичинде, эл аралык байланыштарда чоң кадыр-барк күттү.

Бишкекке командировкага барганда дайыма телефон чалып ден соолугун сурап же жолугуп турчумун. 1991-жылы июль айында барып телефон чалсам жардамчысы Москвага кетти деп айтты. Бир күндөн кийин телефон чалсам, кечээ келди эле бүгүн кайрадан Москвага учуп кетти деп айтты. Эртеси келди. Мен андан эмне үчүн үч күндүн ичинде эки жолу Москвага барып келгенине кызыктым.

Ал мындай деди: «Мурдагы барганымда бизди 23 кишини американын элчилиги шаардын сыртындагы токойдун ичиндеги резиденциясына чакырышты. АКШнын



мамлекеттик катчысы Джорж Бейкер бир аз кечигип келди. Кечикенинин себебин М. С. Горбачев менен сүйлөшүүлөр созулуп кеткенин айтып, кечирим сурады. Ал бизге кайрылып, союздагы учурдагы абал, экономикалык кризис, өндүрүштүн төмөндөп жаткандыгы жөнүндө сиздердин ой-пикириңиздерди билейин дедим эле»,- деп айтты. Жолугушууга баргандардын ичинде илимдин докторлору, союздагы орчундуу ишканалардын жетекчилери, жети союздук республикалардын президенттери Собчак, Жириновский, Мавриониди. Г. Попов, Ю. Лушков, Элчибей ж. б жетекчилер катышышты. Чакырылгандар ой-пикирлерин айтышып, күнөөнү негизинен союздун президентине, өкмөттүн жетекчисине коюп жатышты.

Союздун ичиндеги башаламандыктын болушуна негизинен кайра куруу, айкындуулук күнөөлүү экендигин айтып, Президентти, өкмөттү сотко берип, иштен кетирүү керек экендигин айтышып, ушул маселеде жардам берүүсүн өтүнүштү.

Джорж Бейкер мага кайрылып, бул жөнүндө сиздин пикириңиз кандай деп сурады. Ал буларды айтты: «Мен мамлекеттик катчынын Москвага келерден эки күн мурда жакынкы чыгышта Израиль мамлекети менен Палестинанын ортосунда согуш оту коркунучу пайда болуп жаткан кезде, ал жерде тынчтыкты орнотууда мамлекеттик катчынын салымы абдан зор экенин айтып, ыраазычылык билдирдим. Союздагы жогорудагы айтылган кемчиликтерди, саясий, экономикалык абалдын начарлап бара жаткандыгын жоюу жагы биздин өзүбүздүн негизги милдет экендигин, мамлекеттик катчы биздин мамлекеттин ички турмушуна кирише албастыгын, түзүлгөн абалдан чыгып кетүү боюнча ой-пикирлеримди айттым. Ал эми мамлекеттик катчыга жер жүзүнде тынчтыкты орнотууда ишине ийгиликтерди кааладым.

Мамкатчы менин жаныма келип, подностогу эки бокал шампандын бир рюмкасын мага сунуп, бир рюмкасын өзү алып, залда отургандарга кайрылып «мен ушул бокалды Насирдин Исановдун ден соолугу үчүн аламын» деп, ичип жиберди.

Кийинки күнү М. С. Горбачев учурдагы экономикалык оор абалдан чыгып кетүү боюнча боло турган кеңешмесине чакырыптыр. Кеңешме көп талаш-тартыштар менен өттү. Ушуга чейин мен Горбачев менен эч жолугушпаган элем. Ал киши кеңешмеде мага эски таанышындай Насирдин деп атыман айтып кайрылып өз ой-пикириңди айтчы деди. Мен ойлорумду айттым». Насирдин экөөбүздүн ортобуздагы ачык-айкын айтылган сүйлөшүлгөн сөздөр эч качан тышкары чыкпаганын ал жакшы билчү. Ошондуктан ал менин берген суроолорума дайыма тартынбастан, кенен жооп берер эле.

Жогорудагы борбордо болуп өткөн чет элдиктер менен сүйлөшүүлөр, Горбачев менен жолугушуу, борбор орчундуу маселелер боюнча Премерь-министр менен эсептешип, анын пикирин колдоп жатканы, калк ичинде улам жогорулап бара жаткан аброю кимдир бирөөлөрдүн тынчын алып, терең ойлонтуп жаткан учур эле.

Н. Исанов экономика илимдеринин кандидаты, СССР инженердик академиясынын академиги, СССРдин жана Кыргыз ССринин эл депутаты, парламенттин жана республиканын мамлекеттик Кеңешинин мүчөсү болгон.

Насирдин экономика илимдеринин кандидаттык диссертациясын жактап жаткан кезде ВАКтын жетекчиси анын мүчөлөрүнө кайрылып мындай дептир: «Биздин алдыбыздагы олтурган жаш жигиттин кандидаттык илимий диссертациясын уктуңуздар. Бул жигит менин оюмча рынок экономикасы боюнча билими, алысты көрө билүүсү жагынан СССР министрлер советинин жетекчиси Н.



Рыжковко караганда жыйырма жыл алдыда бара жаткандыгын көрсөттү. Ошондуктан бул жаш жигитке СССР инженердик академиясынын академиги деген наам берүү менен анык мүчөлүккө кабыл алсак». СССР инженердик академиядан 500 рубль маяна чектешиптир. Ушул кубанычтуу окуяны да бирге белгиледик. Насирдин Исанов кыргыз элине эбегейсиз чоң эмгек калтырды. Кыргыз мамлекети эгемендүүлүк алган учурда өзүнүн жетик саясатчы, кеменгер жетекчи экендигин көрсөттү. «Элдики элге, жер байлыктарынын ээси- кыргыз эли» деген принцибин туу тутту. Өзүнүн курч сөзү, принциптүү көз караштары менен иш тутуп саясий курмандыкка чалынды. Эл үчүн иштеп тим болбостон өзүнүн өмүрү менен жооп берди. Өзүнүн жөнөкөйлүгү, иш билгилиги, жүрөгү актыгы, колу тазалыгы, байлыкты, бийликти, ач көздүктү акыркы орунга коюп, тазалык менен чынчылдыкты, жакшылык менен кең пейилдүүлүктү алдыңкы орунга койгон ак ниет инсан кыска, бирок нуска жашоосунда өзүнүн өмүрүн өрнөк катары кийинки муунга, жаштарга калтырып кетти.

Мамлекеттин казынасына, элдин мүлкүнө суук колун салган жок. Кээ бир чиновниктер сыяктуу иномарка машиналарды биринен бирин алмаштырып минбеди. Кабаттап, асман тиреген үйлөрдү салбады. Кайсы жерде иштебесин элдин алкоосуна гана арзыды. Ал «адам баласы байлыгы, бийлиги менен элдин жүрөгүнөн орун ала албайт» деп айтар эле.

Республиканын ички экономикалык, социалдык жана маданий маселелери Премьер -министрдин милдеттерине киргендиктен, алтын кендерин иштетүү мезгилдин талабы болгон. 1991-жылдын күз айларында «Макмал» алтын кенинин алтынын Швейцария мамлекетине алып барып, аффинаждап келүү зарыл болгондуктан, Президент жана Премьер-министр ал жакка барууга даярдык көрүшөт.

Мурдагы пландары боюнча мамлекеттик самолет менен барышмак. Бирок жөнөргө бир күн калганда А. Акаев Насирдинге: «Швейцарияга барууга бекер самолет бөлүнүп калды, ошону менен баралык мамлекеттин акчасын коротпой»,- дейт. Насирдин ал жакта бизди ким тосуп алат, таможня маселеси кандай болот десе, «бардык маселелер чечилген, элчиликтин кишилери тосуп алат» деп коет.

А. Акаев экөө Швейцарияга учуп барышса аэропортто аларды Майрам Акаева, Чынгыз Айтматов жана анын баласы Санжар тосуп алышат.

Ал жерде «Кумтөр» алтын кенин иштетүү боюнча «Кыргыздын досу» деп атанган Б. Бирштейн жана ал аркылуу түзүлгөн «Сиабеко» корпорациясы менен келишим түзүү жагын сунушташат. Насирдин келишимде Кыргызстандын үлүшү даяр болгон товардык алтындан 68,7 пайызы биздин мамлекетке көнсө макул экендигин билдирет. Алар буга макул болушпайт. Келишим боюнча алардын ортосунда бир топ сөздөр өтөт. Насирдин эч кандай келишимге кол койбостон келе берет.

Бул маселе боюнча Жогорку Кеңеш Н. Исановдун келишимде колу бар-жогун билүү үчүн журналист Камил Баялиновду Швейцарияга жөнөтөт. К. Баялинов эч бир документте Н. Исановдун колу жоктугун тактап келет. Көп жылдар бою ичимде сактап жүргөн, Насирдиндин өз оозунан ушул уккандарымды 22 жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин болсо да анын арбагы ыраазы болсун деп ачыкка чыгардым. Анткени түшүмө кирген сайын: «Таштемир жакын сырдаш досум элең го, эл арасындагы сөз болуп жаткан кеп нерселерди бүдөмүктөтпөй өз сөзүңдү айтып койбойсуңбу, болгон чындыкты мен сага гана айтчу элем го дей бергенсийт».



Айылдаш, жердеш карындашыбыз Назикан Мурзабаеванын Насирдинге арнап жазган саптарын келтирүүнү туура таптым.

Байлык деген муз сыяктуу, эрип кеткен күн тийсе,
Бийлик деген куш сыяктуу учуп кеткен кол тийсе.
Адамдыгын түбөлүктүү эл ичинде баркталган.
Адам деген ыйык атын жүрөктөрдө сакталган.
Жусуп акын айтып кеткен,
Адам болуп улуу бол.
Адамдыктан башталат го.
Сага келчүү улуу жол.
Байлык, бийлик бул экөө тең,
Адамдыктын артында.
Адам атын актаганды,
Урмат кылат калкымда.

Улуу инсандын куч кубаты, кайраты толуп турган мезгилде, эли үчүн дагы далай иштерди жасап берерinde, таш боор ажал кырк сегиз жаш курагында арабыздан алып кетти, андан бери убакыт учкан куштай зымырап отуздан ашык жыл өтүп кетиптир.

Бул жылдардын аралыгында мамлекетибизде бир нече президент, жыйырмадан ашуун премьер-министр алмашыптыр. Бирок кыргыз эли ушул күнгө чейин жетимчиликтен арыла элек. Элибиздин санжырасында айтылгандай: «Ата-энеси өлгөн бала жетим эмес, жетим бул-бактысы, башчысы жок эл» деп. Балким Насирдин тирүү болгондо элди ошол жетимдиктен куткарган жетекчи болор беле. Кантсе да тагдырдын буйругу ушундай окшойт.

*Жороев Таштемир –*
*Насирдин Исановдун замандаш досу.*

## МЕКЕНГЕ АРНАЛГАН ӨМҮР

Насирдин агабыз кырсыктан каза болгондо: «Чоң болбой эле кой кайтарып, жанымда жүрө берсең болбойт беле»,-деп апасынын боздогонун укканда адамдар такааты жетип чыдап тура албады. Баары көз жашка чулганып, кандай айла кылсак ушул кемпирдин кайгысын жеңилдете алар экенбиз деген ойдо болушту, ошондо. Бул кыямат сымал каргашалуу окуя менин да эсимде түбөлүккө унутулгус болуп кала берди.

Ал 1991-жылдын 29-ноябры эле. Ошол кырсык жөнүндө да эл арасында ар түркүн сөздөр ушул күнгө чейин айтылып келет. Бирок алар жөнүндө андай-мындай деп айтууга менде эч кандай негиз да, фактылар да жок.

Насирдин Исанович өзү жашаган кыска өмүрүндө бүгүнкү күндө биз көп жетекчилерден көрө албай жаткан чынчылдыктын, адилеттүүлүктүн, таза жашоонун, элге ак ниет кызмат кылуунун эталону боло алды десем аша чапкандык болбос.

Агабыздын 80 жылдыгын татыктуу өткөрүүгө көмөктөшүү ноокаттык ар бир атуулдун парзы деп эсептеймин. Көк-Бел, Исанов атындагы айыл аймактарынын жашоочулары менен барып жолугушканыбызда, алар да карап турбастыгын, колдорунан келишинче маарекени өткөрүүгө кол кабыш кылышарын билдиришти. Насирдин агабыздын жасаган иштерин, өткөргөн өрнөктүү өмүрүн элге даңазалап, өсүп келе жаткан жаштарга тарбиялык маанисин жеткирүү болуп саналат. Юбилейдин чегинде айылга керектүү инфраструктураларды өнүктүрүп, музейин кайрадан жабдып, мектептерди, жолдорду оңдоп, көпүрөлөрдү ж. б. курулуштарды көпкө чейин элге кызмат кыла тургандай кылып, көргөн сайын ошол курулган



нерселер Насирдин агабыздын урматы менен болгонун эстетип тургандай жасоо зарыл.

Албетте, Насирдин Исанов ушундай урмат-сый менен эскерүүгө татыктуу инсан. Мындай экендиги анын өмүр жолуна бир сыйра көз кырын салганда эле билинет.

Тээ алтымышынчы жылдары Көк-Бел айылынан орто мектепти бүтүрүп, билим алууну эңсеп, Москва шаарына жөнөп кетет. Анын ал жакка баруусуна балким орус мектепте окуганы, айылыбызда көп сандаган орустардын жашашы, алардын орус эли, маданияты, билим алууга болгон мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө айткандарынын таасирлери болсо керек деп ойлойм.

Адегенде 1960-жылы «Мосжилстрой» трестине жумушчу болуп иштей баштайт. Соң билимин өстүрүү үчүн 1961-жылы Москвадагы инженердик-курулуш институтуна окууга кирет. Окууну 1966-жылы ийгиликтүү аяктап, «Ошгорстрой» башкармалыгында мастер, участкада прораб, башкы технолог, ушул эле башкарманын СМУнун №5-трестинде башкы инженер болуп эмгектенет. Идиректүү жигит тез эле эл оозуна алына баштайт. Айрыкча билими, жөнөкөйлүгү менен башкаларды таң калтырат. Өзү үйрөнүш үчүн эрикпестен жумуштан кийин калып, башкалардын да отчетторун жасап, инженердик татаал эсептерди чыгарып берет.

Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынганына жыл айланбай Ош обкомунун курулуш бөлүмүнүн инструкторлугуна дайындалат. Анан тез эле «Нарынгидрострой» курулуш башкармалыгынын парткомунун катчылык милдетин аркалайт.

1974-жылы комсомолдун облусттык комитетинин катчылыгына шайланат. 1976-жылы Алма-Атадагы жогорку партиялык мектепти бүтүрөт. Кийин Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин курулуш жана

шаардык чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, башчысы болуп эмгектенет.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бөлүм башчысы болуп турган убакта мен да анын кабыл алуусунда болгомун. Мени анын өтө кичипейилдүүлүгү, маданияттуулугу аябай таң калтырган. Столунан туруп келип учурашып, маңдайына отургузуп алып, шашпай ал- жайды, эл- журтту сурап жатты. Секретарына чай демдетип келип, өзү куюп берип отурду. Кайсы окуу жайын бүтүргөнүмдү, кайсы жерде иштегенимди сураштырды. «Сендей жигиттерди өстүрүшүбүз керек, менин эсимде болот»,- деп эшиктин оозуна чейин узатып койду. Элге, тааныгандарга баарына салам айта баруумду табыштады.

1983-1988-жылдары курулуш министри, андан кийин ошол эле кызмат менен айкалыштырып Кыргыз ССРинин мамлекеттик курулуш комитетинин төрагасынын орун басары кызматында эмгектенет. Ушул жылдар аралыгында «Макмал» алтын комбинаты, Т. Сатылганов атындагы филармония, «Манас» аэропорту, Улуттук китепкана, Кара-Балта килем комбинаты сыяктуу көптөгөн маанилүү обьекттердин курулушуна жетекчилик кылган.

1988-жылдын октябрь айынан тарта Ысык-Көл облусунун аткаруу комитетинин төрагасы кызматында болот. Иш менен катар, бош убактыларын текке кетирбей илимий эмгектин үстүндө да эмгектенген. 1990-жылы экономика илимдеринин кандидаттыгын жактайт. Ушул эле жылдын декабрында Кыргыз Республикасынын вице-президенттик кызматын ээлейт.

Ошол эле жылы Насирдин Исановдун кандидатурасы А. Масалиевдин, А. Жумагуловдун, А. Акаевдин катарында өлкөнүн биринчи президенттигине сунушталат. Бирок А. Акаев президент болуп шайланган. 1991-жылы январь айында эгемендүү Кыргызстандын Премьер-министри болуп дайындалат.



Легендарлуу парламенттин депутаты Ж. Акималиевдин: «Насирдин Исановду Премьер-министрлик кызматка «легендарлуу парламенттин» депутаттары бир добуштан колдоого алган. Ал табиятынан чынчыл, калыс, таза адам болгон. Ал саясатты да, экономиканы да, маданиятты да эң жакшы билген киши эле. Анын ыр жазганан көпчүлүк билчү эмес»,- деп айтканына эч нерсени кошумчалаштын кереги жок деп ойлойм.

Кызматта болгондо суз көрүнгөнү менен досторунун арасында аябай шайырланып, азилдешип, анекдот айтып, ыр окуп, комуз черткенине да бир нече ирет күбө болгомун. Ошондой убактардын биринде таң калып карап калган экемин, мени карап: «Абдыганы иним Премьер-министр да ушундай болобу деп таңгалба. Кызматта жүргөндө жүрүм-турумдун атайын эрежелери, рамкасы болот, кызматтык этиканы сактайбыз. Мындайда досторум, аяштарым менен отурганда мен да жаштыгымды эстеп, булар менен кысылбай, ээн-эркин, ачылып сүйлөшкүм келет, көпкө жолукпай калсам досторумду, алардын кылык-жоруктарын аябай сагынып калам»,-дегени эч эсимден кетпейт.

Ал кишидеги жөнөкөйлүк ушунчалык экен, бир жолу Көк-Бел айылына бир топ министрлерди ээрчитип келип:

-Мына менин туулуп- өскөн айылым, кандай кенен, кооз жер. Бир эле жери суу жок. Жүз пайыз кайрак. Бирок ушул жерге Ак-Буура дарыясынан суу чыгаруу мүмкүнчүлүгү бар. Ушуну кандай кылабыз? Сунушуңуздарды айтып, колуңардан келишинче бир жардам берип койсоңуздар,- деп суранды. Ошондо да өз айылына келип суу чыгарып бергиле деп буйруп жатат дебесин деген тейде тартынганы байкалып турду. Буйрук берсе деле болмок, ал кезде Премьер-министр эмес, алардан берираактагы

чоңдордукун деле «ляппай» деп аткарып турган маал эле, бирок ага бийик маданияты, жогорку кызматтык этикасы жол бербеди. Бирок ал суранычы ишке ашпай, ошондон бир айдай убакыт өткөндөн кийин о дүйнө салды.

Насирдин агабыздын эмгеги татыктуу бааланып, «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери менен сыйланган. СССРдин инженердик академиясынын академиги, СССРдин эл депутаты болгон. Борборубуз Бишкек шаарында эстелиги тургузулуп, көчөлөргө аты коюлду. Кыргызстан мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетине ысмы ыйгарылды. Туулуп-өскөн айылына, айыл аймагына, андагы мектепке аты берилди. Кыргызстан боюнча көптөгөн айылдарга жана башка обьекттерге, Өзбекстандын Жалал- Кудук районундагы кыргыздар жашаган айылындагы бир чарбага жана мектепке да аты коюлган.

Өзү арабызда жок болсо да Н. Исановдун аты кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүнө баа жеткис салым кошкон инсан катары Кыргызстандын мамлекеттик жана коомдук чыгаан адамдарынын катарында түбөлүккө тура берет.

*Абдыганы Алиев,*
*мамлекеттик жана коомдук ишмер.*

## НАСИРДИН ИСАНОВ - XXI кылымдын КАДРЫ

Айтылуу Алай тоо кыркаларынын арасынан орун алган Алтын-Казык тоосунун түбүнө жайланышкан Көк-Белден батышка карай Чеч-Дөбө, Кош-Чан, Боз-Бел деп аталган жерлер бар. Бул жерлерди бир убактарда калмактар басып алып, бийлик жүргүзүп келишкен. Калмактардын көптүгү ушунчалык экен, дубалга чыгып алган улак түшө



албай калчу экен дешет. Куттуу элдин, түптүү элдин уучу куру калбайт эмеспи, эл арасынан баатырлар чыгып, калмактарды келген жагына сүрүп айдаганда:

«Көк-Бел ай, Боз-Бел ай, Атаны биздин Ай-Көл ай»-деп боздоп, сыздап кеткен экен деп айтылат эл арасында легендада. Мына ушул калмак, кыргыз элине белгилүү, касиеттүү, берекелүү Көк-Бел деген жерди жердеген, түптүү элдин арасынан чыккан, көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, инженер- куруучу, Кыргызстан Борбордук Комитетинин курулуш бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз Республикасынын Курулуш министри, Ысык-Көл областтык аткаруу комитетинин председатели, Кыргыз Республикасынын туңгуч Премьер- министри, экономика илимдеринин кандидаты, мурдакы СССРдин инженердик академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын эл депутаты, «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендеринин жана «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалынын ээси Насирдин Исанов Кыргызстандын социалдык-экономкалык жактан өнүктүрүүнүн кечиктирилгис милдеттерин чечүү кызматтык милдетин аткарып жүргөн. «1991-жылы 29-ноябрда күтүүсүз жерден жол кырсыгынан каза болду»-деп укканыбызда, жер астын-үстүн болуп, аң-сезим алай-дүлөй абалда калып, жер томсоруп, уккан кулакка ишенбей, «кырсык каш-кабактын ортосунда беле, өлүм бирөөнө өктөн, бирөөнө оттон экен»-деп жүрөк титиреткен бул окуяга моюн сунбашка арга жок эле. Тагдырдын бул буйругу көпчүлүк элдин сай-сөөгүн сыздатып, боздотуп, көкүрөктү ачыштырган зор өмүрдүн аздыгы ай-деп арман калтырды го чиркин.

Чындыгында арман, арман, арман эле. Насирдин Исанов Көк-Белдин жана Ноокаттын элине гана тиешелүү эмес, ал бүткүл кыргыз журтуна тиешелүү, баш тамгалар менен жазыла турган, элден өтө сейрек чыга турган инсан

эле. Ал Исан абанын гана уулу же Алмаздын гана атасы эмес. Ал-элдин уулу, жаш жеткинчектердин атасы деген урматка, сыйга ээ болуп олтурбайбы. Журт мындай адамын урматтап, сыйлап, улуу сапаттарын, асылзадалуулугун, калк арасында кадыр-барктуулугун кийинки муундар үчүн ачып берүүгө тийишпиз. Деги Насирдин Исанов кандай жолдорду басып өттү, кандай сапаттарга ээ эле, деги ал ким?-деген суроолор туулушу мүмкүн.

Биринчиден - карапайым, турмуштун ачуу-таттуу даамын бала чагынан татып, тоо булагындай оргуштап турган тунук акылынан, зээндүүлүгүнөн, сезимталдыгынан, бул аймактан биринчилерден болуп Москвадагы инженердик курулуш институтунан билим алууну көксөп, чоң сыноодон өтүп, зор мээнеткечтигинен окууга сергек мамилесинин натыйжасында аны ийгиликтүү аяктап, мастер, прораб, башкы технолог, башкы инженер, обкомдун инструктору, комсомолдун секретары, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бөлүм башчысы, министр, областтын аткаруу комитетинин председатели, вице-президент, Премьер-министр болуп эмгекке болгон эргүүсү күндөн-күнгө ашып, мурдагысынан да зор кызматтарды аткара турган мезгилде таш боор ажал арабыздан алып кетпедиби.

Экинчиден - эске ала турганы, туу тутканы, мамлекеттик жумуш, мыйзам булардан улук, булардан бийик, эч нерсе болбоого тийиш деп эсептеп, бүткүл эс- акылын, иш жөндөмүн, жан дүйнөсүн элдин кызыкчылыгы үчүн жумшаганын эске алууга тийишпиз.

Үчүнчүдөн - кандай маселе болсо да маани берип анын маани-маңызын таразалап, аны мамлекеттик масштабда калыс, туура чече билүү жагынан зирек, көрөгөч экендиги, урунган ишинин майын чыгармайынча жаны тынбаган, ар



бир ишин жети өлчөп, бир кескен тактыгын белгилегим келди.

Төртүнчүдөн - жан дүйнөсүндөгү жөнөкөйлүк, аруулук, тууралык, идеясын бекем тутканы, сөздөн жыйынтык чыгарган сезимталдыгы ички дүйнөсүнүн кенендиги, напсисинин тазалыгы.

Бешинчиден - Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын, өнөр жайын, башкаруу ишинде, элдин социалдык абалын көтөрүүдө, социалдык жана экономикалык инфраструктураларды түзүүдө жана иштетүүдө мезгилдин, учурдун жагдайына ылайык өтө жогорку жумуштарды жүргүзгөндүгү,

Алтынчыдан - маңдайынан көрө карыш көсөм экенинин далили, чолпон жылдыздай сүйкүмдүү бийиктиги, сүйлөө маданиятындагы учкул, таамай айткан салмактуу сөздөрү, омоктуу оюнун тактыгы, чымчып сүйлөгөн мүнөзү, мыйыгынан жылмаюуга аргасыз кылган учурлары көпкө чейин адамдар арасында айтылып, элдин калың катмарына жайылып кетчү.

Жетинчиден – инженер- куруучулуктан сырткары, омоктуу ойго терең, өз стили бар акын экендигин «Нookатым», «Ат- Башым», «Жараткаңга» аттуу ырларынан байкоого болот. Ошондой эле дасыккан, камкор жетекчи, илимий инсан экендигин эске алууга тийишпиз.

Шарттуу түрдө баскан жолундагы жети сапаттарынын топтомун белгиледим. Бул жагдайлар Исановду айтуудагы бир гана көрүнүш. Ошентип баскан жолу, уюштуруучулук жөндөмү, чыгармачылык иши, жаштарга өрнөк жана жаш муундарга үлгү болгон жаркын элеси элибиздин сезиминин түпкүрүндө терең жана бекем сакталып, кылымдарды карытарына ишенемин.

*Ташан КАЗЫБАЕВ,*
*КРнын эл агартуусунун мыктысы,*
*мугалим-методист, ардагер, айылдашы.*

## Н. ИСАНОВ- ГЛУБОКО ПОРЯДОЧНЫЙ И В ВЫСШЕЙ СТЕПЕНИ ИНТЕЛЛИГЕНТНЫЙ ЧЕЛОВЕК

Инженер-строитель, кандидат экономических наук. Родился в с. Кок-Бель Наукатского района Ошской области, в крестьянской семье. Трудовую деятельность начал в 1960 г. рабочим треста "Мосжилстрой" в Москве. После окончания Московского инженерно-строительного института работал мастером, прорабом, начальником участка, главным инженером строительно-монтажного управления, главным технологом треста "Ошгорстрой". В 1970-1983 гг. находился на партийной и комсомольской работе. В 1983 г. Н. И. Исанов назначается Министром строительства Киргизской ССР, а с образованием Государственного строительного комитета Республики - первым заместителем председателя Госстроя - министром.

В октябре 1988 г. был избран председателем исполкома Иссык- Кульского областного Совета народных депутатов. С введением в Республике Президентской власти Н. И. Исанов в декабре 1990 г. стал вице- президентом, а с 22 января 1991 г. был утвержден Премьер- министром Республики, став таким образом, первым главой правительства суверенной, независимой Кыргызской Республики в самый сложный переломный период в истории Республики.

По возрасту я принадлежу к поколению тех строителей Кыргызстана, чья деятельность исторически связана с образованием в 1954 г. первого столичного строительного треста №31 с дальнейшими преобразованиями, вплоть до образования Министерства строительства, Госстроя Республики и распада всей этой системы в 90-х годах. По долгу службы мне приходилось контактировать и близко общаться со



многими хозяйственными руководителями и членами правительства Республики, ЦК Компартии Киргизии, среди которых был и Н. И. Исанов.

Писать о своем бывшем руководителе как-то неудобно, но я коснусь лишь тех строи его качеств, о которых мало кому известно.

Я знал Насирдина Исановича по совместной работе, будучи с 1981 по 1988 годы директором Научно- исследовательского института строительства и архитектуры Госстроя Республики, часто встречался с ним, решал с ним необходимые вопросы, поскольку он непосредственно курировал строительную науку. Но я не хотел бы распространяться о его делах в области строительства, науки,, подготовки кадров. Я остановлюсь на некоторых сторонах его характеристики, о которых обычно мы скромно умалчиваем. . . , мы так воспитаны.

Н. И. Исанов - глубоко порядочный и в высшей степени интеллигентный человек. За сорок с лишним лет работы в Кыргызстане я встречался и работал со многими. Должен откровенно признаться, я восхищался умением Насирдина Исановича вести себя достойно в любых ситуациях. Я никогда не слышал от него ни одного грубого, оскорбительного слова. Я видел в нем человека XXI века. . . Ему были присущи такие качества, как добропорядочность, честность, человечность, демократичность, отзывчивость, стремление понять и помочь людям в трудную минуту.

Никогда не забуду, как за пять дней до моего 60-летия Комитет народного контроля (КНК) Ребспублики совершенно несправедливо произвел на меня начет в размере месячного должностного оклада, якобы за "незаконную" выплату премии сотрудникам института. Здесь не место для размышлений на эту тему, но все было законно. . . Накануне заседания КНК Н. И. Исанов вместе со

мной был в КНК, обеяснил членам проверочной комиссии несостоятельность их обвинений в мой адрес. Они согласились с нами, вычеркнули из справки проверки слово "незаконно", заменив его "недостаточно обосновано"... Накануне заседания КНК руководство Госстроя (Я. Е. Фишер, Н. И. Исанов) говорили на эту тему лично с председателем КНК Кондаковым. Вроде бы инцидент исчерпан. . . На заседании КНК выступил сам Н. И. Исанов, где все обьяснил. Но как говорится: "Жираф большой - ему видней". Дело в том, что в экземплярах справки, выданных членам КНК не были внесены изменения. . . Это - самый настоящий обман. . . Мне был сделан начет в размере месячного должностного оклада, а Н. И. Исанову тоже "указали". . . Насирдин Исанович очень расстроился этим несправедливым решением КНК. Ведь он хорошо знал истинное положение дела. . . В последствии Госстрой исправил свою ошибку. Мы вышли из здания КНК. Долго стояли у выхода, беседовали, возмущались. . . Вдруг он мне сказал:"Поехали со мной в Госстрой". - Я отказался. Мы разьехались по своим учреждениям. . . Уезжая в институт, я окончательно решил для себя:"Подам в отставку". Спустя примерно два часа шофер Н. И. Исанова привез в наш институт приказ Госстроя, согласно которому я был премирован месячным должностным окладом "для покупки ценного подарка в связи с моим 60-летием"...

Читатель, надеюсь, правильно меня поймет: дело не в деньгах. Хочу сказать, что когда тебя омрачает необьективность, несправедливость, казенщина, бюрократизм и формализм, невольно вспоминаешь людей, чье имя теплится в твоем сердце. Таким человеком для меня остается Насирдин Исанович Исанов. Он относился к категории таких руководителей, как и Андрей Гаврилович Белоглазов, которые в подобных ситуациях имеют мужество сказать: "Ответственность беру на себя". С таким вышестоящим руководителем приятно работать. . . Однако несмотря на уговоры руководства Госстроя и т. д. , я категорически отказался дальше работать. С исполнением 60-лет, ушел на пенсию. . .



Н. И. Исанов стал министром в 40-летнем возрасте, а в 47 лет - Главой правительства Республики. Наверное и это о чем-то говорит. . .

Насирдина Исановича отличали многие положительные качества делового государственного деятеля, в том числе компетентность в принимаемых решениях, способность эффективно организовать работу соответствующих служб, отделов министерства, отраслей народного хозяйства Республики. Его аналитический ум, быстрая реакция, умение слушать и т. д. позволяли генерировать прогрессивные идеи на пути перехода к рыночным отношениям. Причем каждое новшество, каждый новый шаг он обсуждал со специалистами. . .

Его научный труд "Совершенствование системы управления строительным комплексом Республики", защищенный в Москве на соискание ученой степени кандидата экономических наук, предвещал его готовность к практическим действиям. Но, к сожалению, в качестве Премьера Республики Н. И. Исанов не был даже года. . .

29 ноября 1991 г. , на 49-м году жизни Н. И. Исанов трагически погиб в автомобильной катастрофе. Однако ни трагический случай, столь безжалостно оборвавший его жизнь, ни время, все дальше уносящее его от нас, не смогут ослабить мое уважение к этому весьма порядочному человеку. . .

Н. И. Исанов был министром и государственным деятелем. Он был первым руководителем строительного

комплекса, имеющим ученую степень. Он ко всему относился "по науке", философски. . .

Говорят, что министр знает лучше философа детали дела. Это верно, поскольку его знания в конкретной области обширнее.

Но говорят так же, что у философа больше досуга изучить человеческое сердце, он лучше знает людей, чем министр. Это тоже верно. . . Но еще лучше, если руководитель -и "министр" и "философ". Оба они, благодаря различным областям своих знаний, как утверждают мудрые люди прошлого, предназначены дополнять друг-друга. Мудрые люди утверждают, что влиятельный человек, желающий благо своему народу, должен быть и покроподтверждаю, что эти слова вполне относятся к Насирдину Исановичу Исанову: как "влиятельному" руководителю, для которго "наука" не была пустым звуком. Думаю, что не ошибусь, если скажу, что Н. И. Исанов относился к таким людям, которых не омрачают неудачи, но и не развращают успехи.

*Савельев И. Т.*

*Заслуженный строитель Кыргызской Республики.*

## КАЙДА УЧУШАТ ТҮШТҮКТҮН ТУРНАЛАРЫ?. . .

Кыргыздын чыгаан уулдарынын бири, эгемен Кыргызстандын туңгуч Премьер-министри Насирдин Исанов быйыл 80 жашка толмок. Мындан 80 жыл мурда ноябрда жарык дүйнөгө келген керемет инсан ошол эле ноябрдын жамгырлуу күндөрүндө түбөлүк сапарга аттанып кете берди.

Албетте бийлик үчүн бул күн эчак тарыхый дата болгондон калган. Насирдин Исанов көз жумганда



президент өзү барган үчүн атка минерлердин баары ошол жерде топурап жүрүштү. Кыркылыгы өткөрүлгөндө аны сыйлаган, чогуу иштешип калган үркөрдөй депутаттар гана барышты. Ошондон кийин Ноокатта Көк-Бел деген айыл бар экенин көбү унутуп да коюшту. Кийин ал кишинин 84 жаштагы энеси кайтыш болгондо көкбелдиктер чоңдордон эч кимди көрүшкөн жок.

Бирок карапайым элдин эстутуму андай кыска эмес. Өз кулунун байгеге салган эл азаптуу жарышта ага караан, сүрөөн болот. А эгер орто жолдо чалынып, мүдүрүлүп калса жерибейт, чанып кетпейт, унутуп салбайт. Эл үчүн ал түбөлүк жамы- журттун кулуну болуп кала берет.

Насирдин Исанов элдин эсинде эң оболу адал, жупуну жашаган жөнөкөй инсан катары сакталып калды. Жарыктык, туулган жерине азыркы айыл өкмөтүнүн эле башчылары салып аткан ак сарайларды мындай кой, эки бөлмө времянка да салбаптыр. Анан күтүүсүздөн көз жумганда райондун аткаминерлери анын сөөгүн кайдан узатарын, Президент баштаган мамлекет жетекчилерине Исановдун үйү деп кайсы тамды көрсөтөрүн билишпей кыжаалат болушуп, акыры курулуш уюмдун жумушчуларына шашылыш ремонт жасатышкан. Исан аксакал калган ошол эски там дале турат. Исановдун күтүүсүз кырсыкка кабылышы да коомчулук үчүн азыркыга чейин табышмак. Кээ биреөлөр анын өлүмүн алтын маселеси менен байланыштырып жүрүшөт. Албетте, аны чын же жалган деш өтө кыйын. Бирок толук ишеним менен айтчу нерсе: эгер Н. Исанов Кыргыз Өкмөтүн дагы бир топко жетектеп турганда азыркыдай кемчиликтерге, коррупцияга жол бермек эмес. Ал табиятынан таза киши болчу. Башкалардын да араанын мынчалык ачтырбаса керек эле.

*Жума МАШРАПОВ,*

*Ноокат району.*

## УРПАКТАР ҮЛГҮ ТУТАР ӨМҮР

Бул инсандын жаратылышынан өзүн көрсөтө бербеген, акыл, парасатын, аткарган жумушун мекен, эли-журтка арналган улуулугун кийинки муундардын үлгү тутуусу үчүн биз, бүгүнкү муун аларга өрнөк катары өткөрүп беришибиз абзел. Насирдин Исановдун бала чагынан, студенттик күндөрү, мамлекеттик кызматтардагы ишмердүүлүгү тууралуу жаш муундарга сочинение жаздыруу, конференцияларды өткөрүү, аны жакындан билген адамдардын жолугушууларын уюштуруу, кыскасы ар кандай иш чаралар аркылуу колго алуу бул бери эле дегенде парзыбыз болуугу тийиш.

Насирдин Исановдой чыгаан инсан дайым эле жарала бербейт. Анын туруш- турпаты, ишмердүүлүгү урпактар үчүн үлгү болууга толук татыктуу. Жакшы адамдын жакшылыгын өрнөк тутпаган эл урпактардан эл жүгүн аркалоочу чыгаандарды таптоого алсыз болуп калат.

*Назипа КУРБАНБЕКОВА,*
*ардагер журналист.*



# ДОСТОРУ ДОСУ ЖӨНҮНДӨ

## АЛ ДОСТУККА БЕКЕМ ЭЛЕ

Насирдин бала кезинен эле майин, жоош, оозунан эч бир жаман сөз чыкпаган уяң, жибектей созулган бала эле. 6-7-класстан баштап эле өгүз минип, тарап койгон чөптөрдү өгүз малакүш менен искирт болчу жерге алып келип даярдайт элек. Ошентип окуучулук күндөрүбүз романтикалуу өтөр эле. Мезгил өтүп окуучулук күндөр менен кош айтышып студенттик күндөргө алмашылды. Онунчу классты аяктап Насирдин Москвадагы Куйбышев атындагы курулуш институтунда окуган.

Ошол окуу жайдын студенти болуп калды. Окуп жүргөндө каникулга келгенде ылайдан кирпич куюп атасынын үйүн салган эле. Кийин окууну бүтүп келип иштеп калды. Өзүнүн ак эмгеги, адамга табылгыс жумшак мүнөзү менен, жасаган жакшы мамилеси менен кимге болсо да жагар эле. Өз бешене тери менен, ак кызматы менен улам көтөрүлүп отуруп, Премьер- министрликке чейин жетти. Насип эмес экен, Президент боло албай калды. Ошол иштеп жүргөн мезгилдеринде айылга деле кызматына байланыштуу көп келе алчу эмес. Анча-мынча бир себептер менен келип калса, туугандарында же ата-энесиникинде жатпай биздин үйгө келип жатышчу. Таштемир Жороев, Кенжемат Аблакимов болуп коштоп келишчү. Келип отуруп чай-пай ичилгенден кийин, менин бир комузум бар болчу, ошону колуна алып кыңгыратып чертип, аялы ырдап көңүлдөрү ачылып чери жазылып, тээ алыста калган бактылуу балалык күндөргө, студенттик күндөрүнө кайрылып эскерип, өткөн- кеткенден сүйлөшүп, сагынычын бир кыйла таркатып, анан эртеси узатып келер элек. Нарында иштеп турганда Ысык-Көлгө биз байбичем экөөбүз эс алганы барып калсак, атайын машина жөнөтүп бизди үйүнө алдыртып кетти. Өзү жумуштан оо түн бир оокумда келди.



Өзүндө чарчагандыктын белгиси көрүнүп турса да, уктабастан биз менен аябай сүйлөшүп отура берип саат 4төр чамасы болуп калыптыр. Ошол жылы кичине баласы да капысынан өтүп, жүрөгү күйүткө толуп жүргөн убагы эле. Ошондо мен Насирдиндин элинен алыста кызмат деп жүрүп тууган- уругун, дос- жарларын сагынып, туулган жерине, элине кусалыгы артканын байкадым. Кийин айылга келгенден кийин достордон үчөө-төртөөнү уюштуруп ошол жакка барып, көрүп, жолугуп бир аз болсо да кусалыгын, сагынычын таркатып келгенбиз. Ошондогу биз достору барганыбыздагы сүйүнгөнүн көрүп таң калганбыз»- деп эскерет досу Карабаев Рахман ака.

Дагы бир классташы минтип эскерет. «Насирдин менен 1-класстан баштап онунчуну аяктаганга чейин бирге окудук. Бул ошол бала кезинде эле, жоош, кой оозунан чөп албаган, эч ким менен ооз ачып бейчеки сүйлөгөн бала эмес болчу. Окууну жакшы окуган, ишке дилгир, жумшак мүнөз, бир бала менен дагы катуу сөз сүйлөп урушкан бала эмес эле. Ар дайым бардыгы менен жакшы мамиледе болуп класста барктуу болчу. Агайлар дагы ушундай жумшак мүнөзүнөн, сабакты жакшы окугандыктан жакшы көрүшөр эле. Ошол жумшак мүнөзү, адамгерчилиги алдым- жуттум эместиги Насирдинди жогорку тепкичке чейин көтөрдү деп ойлойм. Өтө эле жакшы үчүн арабыздан эрте кетип калды окшойт. Насирдин өтүптүр дегенди укканда өзүмдү кармай албай жоготуп кое жаздапмын. Кантебиз анан, аргасыз моюн сунасың да. Бирок жүрөгүбүздө жаркын элеси түбөлүккө сакталып калды. Аты өчпөй, түбөлүккө сакталат!

*Кулмаматов Момун,*
*жердеши.*

## АКЫЛГӨЙЛҮК ДИЛИНЕ УЯЛАГАН ИНСАН ЭЛЕ

Алардын группасында 27 студент болгон. Биринчи курстагы биринчи семестрде математикадан экзаменди үч эле студент тапшыра алышкан. Насирдин ошол үч студенттин да "5"ке тапшырганы болгон.

Насирдин тез эле өзүнүн билимин терең өздөштүрүүсү, бардык жагынан төп келген мыкты сапаттары менен группасында гана эмес, института да таанымал боло баштаган.

Окууну бүткөнчө студенттерге консультация берип жүрүп студенттик чөйрөгө өтө таанымал болуп кетти. Москванын көчөлөрүндө жүргөн кезде Насирдинге салам берип, жылуу ырай менен учурашкан ар улуттун өкүлдөрүн көп жолу көрдүм. Анын бош убактысы жок болчу. Ошондонбу жаштарды өзүнө тартып кетчү оюн-зоокторго да катышчу эмес. Студенттерге консультация берүүдөн тажаганын көрбөдүм. Ал советтик жаштардын илим, билимге болгон ынтызарлыгын кубаттачу. Аларга өзүнүн билгендерин айтууну, түшүндүрүүнү парзым деп билчү. Насирдиндин келечекти көрө билген көрөгөчтүгү ушундан да билинип турчу. Өзү да кезинде институттун программмасынан тышкары илимий китептерди көп окучу, өз алдынча ой жүгүртүп,бир нерселерди чечмелел жатканын далай көрдүм. Жаштыктын орошон кучагында жүрүп да Насирдиндин улуулук сапаттарына таңыркай берчүмүн. Кайгы, кубанычын да башкалардан өзгөчө өткөрчү. Көңүлү чөккөндө эрмеги ала келген комузу болчу. Аны күңгүрөтө чертип түпсүз ойго чөгүп олтурчу. Кубанса да колунда комуз эле. Анда шартылдата күү чертип, ажары ачылып, өзгөчө сүйкүмү артылып кетчү. Күңгүрөтө күү чертип олтурган абалын көрүп сурасам: "Ээ Ташыке,- комуз мындай учурларда жан адамга айта албаган сырымды коштогон сырдашым, акыл пештер кеңешчим болуп кетет" деп калчу.



Анын жогорку окуу жайын бүтүрүп жаткан институтка калтыруу сунушуна макул болбой, «Кыргызстаныма кетем, кооз имараттарды курам, элиме өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй курулуштарды тартуулайм» деген аруу тилеги, журтуна кызмат кылууга дилгирлиги кийинки аркалаган иш орундарында даана эле байкалып жүрбөдүбү.

Насирдиндин ашкере жөндөмдүүлүгүнө, өзгөчө зээндүүлүгүнө али күнчө таң калып келем. Ал мамлекеттик кызматты жогорку деңгээлде аткаруу менен бирге кандидаттык диссертация да жазып жүргөн. Аны иш арасында Москвага коргогону барып, окумуштуулар чөйрөсүндө жактаган. Исановдун диссертациясынын маңызын чагып олтурган комиссиянын төрагасы "Исановдун бул диссертациясы СССРдин Курулуш министрлиги кийинки он жылдыктарда аткарар ишти алдын ала уникалдуу бере алгандыгы, экономисттик көргөчтүгү менен өзгөчө" деп кубанганын жашырбаган.

Исановду жакшы билген адамдардын бири катары менин көңүл көйүмдо анын чынчылдыгы, калыстыгы, тазалыгы, эли-журтка кызмат кылсам, Кыргызстанымды өнүккөн өлкөлөрдүн катарына теңелишине атуулдук салым кошсом деген тилегин кыска өмүрүндө аткара алган улуулугу менен түбөлүккө бирге.

*Таштемир ЖОРОЕВ*
*айылдашы, жакын досу.*

## НАСИРДИНДЕЙ АДАМ ЧАНДА ГАНА ЖАРАЛАТ

Көбүнчө адамдын жакшылыгы көзү өткөндөн кийин байкалат. А Насирдиндин башкалардан өзгөчө экени тээ бала кезинен, кызматтарда иштеген мезгилдеринде эле көрүнүп, тез эле эл арасында чыгаан инсан катары бааланып калган. Аттиң зор өмүрдүн аздыгы деп жердештери эле эмес бүтүндөй кыргыз журту өксүп калбадыбы.

Көк-Бел жери кайракы, Кудай берген жаан-чачын менен гана көгөрүп турат. Насирдин да эс тарткандан туулган жерине суу чыгарууга кыялданганын угуп жүрчүмүн. Бир жолу элге келгенде атайын адистерди ала келип, суу чыгаруунун жолдорун изилдеткен. Көзү тирүү болгондо Көк- Бел эли бүгүнкө чейин эңсеп келе жаткан суу проблемасы алда качан ишке ашмак деп улутунуп калабыз.

Ысык-Көлдө иштеп жатканда № 44 жылкы заводунун жетекчилери ошол жактан асыл тукум кочкорлорду алып келүүгө мени жиберишти. Барсам, кызматында экен. Келгенимди түшүндүрсөм, дароо эле кызматтык машинасына олтургузуп, өзү селекциялык чарбага телефон шыңгыратып, дайындап койду. Ошентип, асыл тукум кочкорлорду чарбабызга алып келип, жетекчилерге, элибиз Насирдинге канча ыраазы болгонбуз.

*Жалал САРЫМСАКОВ*
*айылдашы.*

## НАЗАРЫ ТОК ИНСАН ЭЛЕ

Насирдин Исанов- Кыргыз Республикасынын эгемендик алгандан кийин туңгуч Премьер- министри



катары тарыхта калган инсан. Анын өмүрү, ишмердиги жана табышмактуу өлүмү толук изилденип жазыла элек.

Ноокаттын Алтын- Казык тоосунун жана ага туташ жайланышкан Эш жайлоосунун этегинде Көк- Бел айылы орун алган. Ушул жерде 1943-жылы 7- ноябрда Насирдин жарык дүйнөгө келген.

Атасы Исан ава совхоздо бригадир, кийин жумушчу, аттардын ферма башчысы болгон. Апасы Алийма эже совхоздо жумушчу болуп иштеген. Алар төрт перзент көрүшкөн. Эң улуусу- Абдилла. Андан кийинкиси- Насирдин, кызы- Сазда, эң кенжеси- Абдирашит болчу. Булардын арасынан азыр Абдирашит эле бар.

Насирдин айылдагы 7 жылдык мектептен билим алган. Көп адамдар: «Насирдин орус мектебинде окуганбы?»-деп сурап калышат. Жок, ал деле биз сыяктуу кыргыз классында окуган. Буга ошол кездеги чөйрө өзгөчө таасир берген. Бизге белгилүү болгон маалыматтарга караганда райондо биринчилерден болуп Көк-Белде совхоз уюштурулган. Кийин ал №44 жылкы заводу болуп түзүлгөн. Мына ушуга байланыштуу бул жерге иштөө үчүн орус тилиндеги адистер да келишет.

Кийнчерээк кавказдан балкарлар көчүрүлүп келинген. Айтор, биз орус, балкар балдары менен чогуу ойноп, аралашып жүрүп чоңойдук. Мунун пайдасы кийинки турмушубузда да көп жолу тийди.

Атам каза болуп, турмуш- тиричилик менин мойнума жүктөлгөндүктөн, 7-классты бүткөн соң, андан ары башка жакка барып окууну уланта алган эмесмин. Эки жылдан кийин Көк- Белде Ломоносов атындагы мектебинин филиалы ачылган. Мен кайрадан мектепке барып Насирдин менен бир класста чогуу окуп калдым.

10-классты 12 эркек бала бүттүк. Бир дагы кыз болгон эмес. Ал кезде кыздар 5-6 класска чейин окугандан кийин

ата-энелери түрдүү шылтоолор менен окууга жиберишпей, бир- эки жылдан кийин күйөөгө берип жиберишет эле.

Насирдиндин ата-энеси өтө кадыр-барктуу адамдардан болушчу. Ошолордун таасири болсо керек. Насирдин өзү да өтө адептүү, тартиптүү бала эле. Ал мектепте абдан жакшы окуган. Бардык сабактан «5» деген баа алчу. Айрыкча математикадан, физикадан, химиядан укмуш биле турган. Ушул сабактардын күнүмдүк программасы аны канааттандырган эмес. Эртеси боло турган сабактарга ал өзүнчө даярданып келчү.

Математика сабагынан Мамытов Шамурза деген агай берчү. Волейбол оюнуна аябай кызыккандыктан, мелдештер болуп калса, сабагын Насирдинге даярдап коюп, оюн уюштурулган жерге кетип калчу. А. Насирдин агайдан кем эмес деңгээлде сабак өтүп койчу.

Бардык сабактары «беш» болсо, анда эмне үчүн медалист болгон эмес деген суроо туулушу ыктымал. Ал кезде буга көп деле маани берилбеген. Экинчиден аттестатына астрономиядан «төрт» деген баа коюп коюшкан. Бирок Насирдин астрономияны да жакшы билген. Ушундан улам муну атайылап жасаган деген ой пайда болот. Анткени жалаң «бешке» окуган окуучу базалык мектептен эмес, анын филиалынан чыгып жатканы кээ бирөөлөргө жакпаган чыгар.

Жүрүш-турушу сабырдуу, мактанбаган, тартиптүү бала болчу. Шамдагай өскөн, спорттун бардык түрүнө, айрыкча волейбол, баскетбол, шахматка көп кызыкчу.

Боорукерлиги ашыкча эле. Тоого чыкканда биз кекиликтин балапандарын кармап алсак, кое бердирет эле. Айылда чымчыктын балапандарын ал карматпачу.

Онунчу классты бүтүп, Москвага окууга кетти. Кат жазышып турдук. Окууну бүтүп келип, Оштогу курулуш уюмда мастер, участка башчысы, прораб болуп иштеп



жүрдү. Андан соң мамлекеттик, партиялык кызматтарда иштеп, мыкты инсан катары эл назарына илингенин көрүп, билип жүрдүк.

Насирдин жөнөкөй, жупуну, назары ток, алдым-жуттум эмес болчу. Бирок өзүнүн койгон максатына жетүүгө умтулган өжөрлүгү бар эле.

Бир-эки окуя эсимде. Курулуш министри болуп турганда дем алууга чыгып, Көк-Белге өзүнүн «Жигули» машинасын айдап, жанына аялын, балдарын отургузуп алып дем албастан 11 саатта келген. Жетекчилердин кызматтык машиналарын шоферуна айдатып, айылды аралай чаап жүргөндөрүн көрүп эле жүргөнбүз. Ал бир жолу да антпеди. 1989- жылы айылга келгенде июнь айы болсо керек эле. Ак- Буура дарыясы кирип турганда сүзүп өткөн. «Нарынды сүзүп өттүм эле, Ак- Бууранды да сүзүп өтөм деп кыялданчу элем»,-деп айтканы эсимден кетпейт.

Курулуш министри болуп турганда, атаңдын отурган үйүү эскирип болбой калды, жаңылап койбойсуңбу десем: «Мен өзүм курулуш министри болсом, атамдын үйүн жаңыласам, эл эмне дейт?»-деп макул болбой койгон. Бул республиканын бардык курулуш материалдары колунда турган инсандын жообу эле. Ал үй ошол бойдон турду. Насирдин өткөндөн кийин мамлекет үч бөлмөлүү үй салып берди.

1988- жылы чоң уулу Султан табышмактуу кырдаалда каза болду. Мектепти бүткөндөн кийин бир чоң окуу жайына киргизип коюуга мүмкүнчүлүгү бар эле. Бирок, «турмушка аралашып бышсын» деп, заводго жумушчу кылып ишке орноштуруп койгон. Султан атасына окшогон узун бойлуу, сымбаттуу жигит болчу. Анын тагдыры кайгылуу болуп калды. «Бала тынч жатсын» деп ишти козготкон да жок.

Ар кандай адам киндик каны тамган жерди сагынат эмеспи. Насирдин да ушундай адамдардан эле. Анын алыста куса болуп, кичи мекенин сагынганын байкаган жайым бар. 1989- жылы декабрь айында аялым экөөбүз Чолпон- Атага дем алганы барганбыз. Ал кезде Ысык-Көл менен Нарын кошулуп бир област болуп калган. Борбору Балыкчы шаары эле. Биринчи катчылыгына Ж.Аманбаев, областтык аткаруу комитетиин төрагалыгына Н.Исанов бекитилген. Байланышканыбыздан кийин ишемби күнү Насирдин машинасын бизге жибериптир. Биз келсек, өзү үйүндө жок экен. Нарынга сессияга катышууга кетиптир. Кечки саат 23төрдө келди. Чарчаган түрү бар. Ага карабай апасын, айылын, элижерин кайра- кайра сурап отурду. Кусалыгын байкадым.

Областтын, райондун жетекчилери кызматы боюнча запастагы офицерлер болушат эмес беле. Ошондо анын чини полковникке жеткен экен. Форма тиктириптир, аны кийип, ары- бери басып көрүндү. Аскердик форма аябай жарашыптыр. Кандай гана кийим кийбесин жараша турган жигит эмес беле.

Эртеси Насирдин мага өзүнүн ырлары жазылган бир дептерди көрсөттү. Аны толук окуп чыкканмын. Ар кыл темада, көбүнчө кыргыз жеринин кооздугу жөнүндө жазылган ырлар экен.

Н. Исановдун андан аркы өмүрү бүткүл Кыргызстанга маалым. 1990-жылы октябрь айында Жогорку Кеңештин сессиясында Президенттикке ат салышып, (белгилей кете турган нерсе анын талапкерлигин көлдүктөр көрсөтүшкөн) экинчи турга экөө чыгып, А. Акаев Президент болуп шайланган. Ал өз деңгээлинде атаандашы Н. Исановду вицепрезиденттикке сунуш кылган. Бирок тез эле Кыргыз Республикасынын туңгуч Премьер-министри болуп дайындалган.



Кыргызстандын экономикасын, элдин турмушун жакшыртуу максатында талыкпастан жанын үрөп иштеп жүрүп, 1991-жылы 29-ноябрда Ноокен районунда табышмактуу кырдаалда автомобилдик авариядан каза болду.

Насирдин жубайы Бузүйнат ушул эле өзүбүздүн Көк-Белден. Насирдинден эки класс кийин окуган. Кийин жогорку маалыматтуу болуп, түрдүү тармактарда иштеп жүрүп, азыр ардактуу эс алууда.

Кызы Марияны көпчүлүк жакшы билет. Президенттик аппаратта иштеди. Жогорку Кеңештин депутаты болду. Уулу Алмаз Новосибирскиде, Түркияда, Японияда окуп билим алган. Экөө тең үй-бүлөлүү, балдары, кыздары чоңоюп калышты. Демек Насирдиндин неберелери өсүп жатат.

Насирдин биздин эсибизде жогорку маданияттуу, алысты көрө билген, эмгекчил, узак- жакынга бирдей мамиле жасаган, ички жана сырткы дүйнөсү таза, элдин сүймөнчүгүнө ээ болгон адам катары кала берет.

*Рахман КАРАБАЕВ.*

# ЖИГИТКЕ ЖЕТИМИШ ӨНӨР

*(же Насирдин Исановдун чыгармачылыгы)*

## НООКАТЫМ

Кыял бал - ар адамга дайым канат,
Кааласаң бир заматта айга алыпарат.
Айлантып бүт ааламды бир секундда,
Кааласаң жылдыз болуп жанып калат.

Кыялдын түркүн-түркүн кылдары көп,
Келтирүү мүмкүн эмес күүгө үгүттөп.
Чече алат анын сырын билген адам,
Ошондо көркүн ачат жаздай бүрдөп.

Ноокатым бүгүн келдиң көз алдыма.
Кыялым учту беле алда кайда.
Бир кезде сенин көркүң тааный албай,
Ишене албай караармын кайра-кайра.

## АТ-БАШЫ

Тоосу бийик чокулары келишкен,
Коктусунда суулары муз эриткен.
Уч-кыйырсыз жайлоолору мелтирейт.
Мелдешкенсийт кемминби деп көк менен.

Оту күчтүү, суусу таза-туптунук,
Тескейинде жайлоолору кулпуруп.
Кышы, жайы эрибеген муздары,
Турат Кудай кулагына угулуп.

Тоолоруңду марал-кулжа маралайт,
Ой-түзүңдү кекилик-чил аралайт.
Тескейлерди колдон жасап койгондой,
Түркүн гүлдөр башын ийет салаалайт.



Жарашыктуу атың сенин Ат-Башы,
Өзүң деле болдуң бекен жер башы.
Илгертеден ата-баба жактырып,
Көп жерлерден тандап алган сыяктуу.

## ЖАРАТЫЛЫШ

Жаратылыш кандай уста чеберсиң,
Бир-бирине бириктирип келесиң.
Ааламдын эч жеринде кемтиги жок,
Баарыбызга сен атасың, энесиң.

*1991-жыл, 4-март*

## ЧЫРАК-КАВАК

Атың чырак, өзүң чырак жаркырап,
Маңдайында жаркыраган көл турат.
Аппак тамдар өрдөк сымал тизилип,
Киргиң келет ар бирине суу сурап.

Көчөлөрүң түптүз болуп жебедей,
Кылым көргөн дарактарың кебелбей.
Талааларың көлдөн түзөп койгондой,
Уюп турган айран өңдүү ченелбей.

Кавак, Чырак аттарыңар жарашкан,
Көл жээгине эгиз болуп жайгашкан.
Күндө, түндө кайтаргандай силерди,
Как тиреген тоолор турат кар баскан.

*Насирдин Исанов 1990-жыл, 4-март.*

# Сулуулук
## (аңгеме)

Сулуулук. Бул сөздү күндө эле угуп жүрбөйбүзбү, көнүмүш эле болуп калган сыяктуу. Бирок тереңирээк карап көрсөк, кандай көп сырдуу, көп кырдуу түшүнүк. Жаратылыштын сулуулугу, жан-жаныбарлардын сулуулугу, адам баласынын сулуулугу. . .

Ошолордун ичинде аял сулуулугу өзгөчө. Аял сулуулугу!? Канча ойчул акылмандар, сөз устаттары, акындар асыл сөздөрүн сулуулукка арнаган. Бирок анын терең маңызын, маанисин ачууга сөз жетер бекен? Жетпейт! Сөз менен сулуулукту түшүндүрүү кыйын нерсе го, бул адам акылынын түбөлүк түгөнбөс аракети болуп кала берет көрүнөт. Сулуулукту көз менен көрүп, ой менен сиңирип, ар ким өзүнүн сезимине жараша кабыл алат ыктымал. Канча сезими күчтүү, таланттуу кишилер сулуулукту боек менен полотно бетине түшүрүүгө аракет кылышкан. Кээ бир сүрөттөрдү тартууга жылдап убакыт кеткен. Канча сүрөттөр адамзатка мурас болуп, алардын авторлорунун аты түбөлүк элдин эсинде калбадыбы. Бул да сулуулуктун күчү эмеспи.

Сулуулук адамзаттын, ар бир инсандын ички рухий дүйнөсүнүн түркүгү болуп жүрбөсүн? Адамзаттын тарыхына, анын басып өткөн азаптуу татаал жолуна сулуулуктун таасири кандай? Анын өлчөмүн билүү кыйын. Бирок таасири чоң экени талашсыз нерсе. Тарыхтан белгилүү эмеспи, сулуулуктун касиети менен өлкө менен өлкө жарашып, же болбосо, чабышып кыргын болгон. Сулуулук бүтүндөй элдин тагдырын чечүүгө себеп болуп, баш алууга көтөрүлгөн кылычты токтоткон учурлар да тарыхта аз эмес.



Ошентип, сулуулукка кандай түшүндүрмө берсе болот? Бир жагынан бул өтө жөнөкөй, күндөлүк турмушубузга аралашып эле жүрбөйбү, экинчи жагынан ал бир алыс жүргөн, акыл-ой менен да жетпей турган нерсе болуп жатпайбы.

Сулуулук жөнүндө сөз козгоого турмуштагы бир жөнөкөй эле эпизод себеп болуп олтурат. . .

Жумуштап борбор шаарга келип, республикалык бир мекеменин коридорунда керектүү каалганы издеп жай баратсам, алдыдан орто жаш, сулууча келген аял чыга калып, мурдагы тааныш кишидей саламдаша кетти. Бейтааныш неме учурашып сурашып жатканына өзүмдү оңтойсуз сезип, кайдан тааныш болду деп кысталып ой жүгүртө баштадым. "Өзүңүз кандайсыз, ушул жерде иштейсизби?" - деп сурап, жүзүн кунт коюп карап, эске салууга аракет кылып ичимден кыйналып жаттым.

Чебер уста - табийгаттын миллиондогон жылдар ичинде жасаган дүнүйөдөгү эң баалуу нерсеси - бул адамдын акылы го. Акындын сыйкырдуу бир касиети, качандыр бир көргөн же уккан, анан унутулуп калган нерсени, керек болуп калса, өз түпкүрүнөн, калың катмардан издеп тапкандай көз алдыңа тартат. Ушундай касиетти берип койгондугу үчүн эле адам баласы табийгатка кандай ыраазы болуш керек!

Мына эми эсиме түшө баштады. Ким менен сүйлөшүп жатканымды эми түшүндүм. "Сиз анча деле өзгөрбөптүрсүз", - деди. Мен сыртымдан сөз уламыш болуп,' ичимден өзүм менен сүйлөшүп жаттым. Мындан он беш жылча илгери болгон окуя көз алдымдан кино тасмасындай өтө баштады. . .

Институтту бүтүп, гидростанциялардын курулушунда иштегениме сегиз жылга жакын болуп, тажрыйба жакшы эле болуп калган. Бир күнү курулуш башкармасынын жетекчиси мени чакырып, чет мамлекетке барып иштеп келүүнү сунуш кылды. Ал жерде да тоолуу шартта гидроэлектрстанция куруш керек экен. Тажрыйбалуу адистер керек экендигин түшүндүрдү. Мен дароо эле макул болгон соң, эртеңден баштап эле документтерди ырастоону тапшырды.

Эки күн өткөндөн кийин керектүү кагаздарды алып борбор шаарга келдим. Күз жаңыдан башталып, гүлдөр жайнап, дарактар көркүнөн кете элек, күн салкын сонун кез. Биздин тоо арасындагы чакан поселкабыздан кийин борбор шаар укмуштуудай эле сезилди.

Керектүү мекемени таап, анын жетекчисинин кабыл алуу бөлмөсүнүн каалгасын ачтым. Кандайдыр бир күч бетке жалын чачкандай, дене дүрт деп босогодо бир азга селдейе түштүм. Эшиктин маңдайында, терезенин түбүндө машинкага бирдеке басып жаткан кыз көзгө урунду. Бүркүлгөн "жалындын" себебин эми түшүнүп, өзүмдү колго алууга аракеттендим. Каалганын ачылганына алаксыдыбы, ал жалт бурулуп бир карап алып кайра машинкага үңүлүп калды.

Мен каалганы акырын жаап, салам айттым. Кыз салам алып, машинкага басканын токтотуп, суроолуу мени карап калды. Гипнозго кабылгандай мен селдейип турам. Ички сезим, жүгүрүк ой өздөрүнчө диалог жүргүзүүдө. Муну карасаң, ушундай да сулуу болобу, сулуулук ушундай да таасир береби?

Бир аз жылмайгансып, көздөрү жадырап карап турушу гипноз астында кармап турду. Көздөрү чоң, бир аз карамтылыраак тарткан, учу билинер-билинбес кайрылган узун кирпиктери атайын ушул көздөр үчүн жасалгандай.



Маңдайы жазы келип, кызгымтыл тарткан, чийилген сары каштары маңдайы менен көздү жараштыруу үчүн атайын жасалгандай.

Карасаң, жаратылыш кандай уста, кандай чебер! Эки каштын ортосу бир аз ийилип, керектүү өлчөмдө гана ийилип, анан мурунга уланып кеткен - кырдач мурун, ошого жараша жука эриндер, ооз менен көздү бир уста жасагандай кандайдыр бир окшоштугу байкалып турат. Атайын ушул бетке жасалгандай күрүчтөй тизилген тиштерин кара. Маңдай менен ээк атайын бир сызыкка коюлганбы, ээктин узундугу менен маңдайдын жазылыгы бир өлчөмдө болгонун кара. Ээктин учу назик ийилип, алкымга өз кыраатты менен кошулат. Керек болсо оймо-чийме гүлгө окшоп, анан учу атайын сөйкө ил дегенсип оңтойлонуп турат. Чачтары жээрде сыяктуу, бирок кашына караганда бир аз ачыгыраак же саргычыраак көрүнгөнсүйт. . .

Селдейип турганымды байкап, бир кезде ичимен чочуп, өзүмдү колго алып жетекчиге кире турганымды түшүндүрдүм. Кыз бир бутун столдон бери чыгарып, анан тал чыбыктай ийиле туруп маңдайындагы эшикти көздөй кадам шилтеди. Арыкчырай шыңга бойлуу экен. Үстүнө кийген кызыл кофтасы, күрөңүрөөк тарткан жол-жол юбкасы ушул кыз үчүн атайын тигилгендей. Билинер-билинбес көкүрөгү так ушундай болуш керек дегенсип турат.

Кайра чыгып эшикти жаап, эки колун артына алып туткаsuccessfully кармап жөлөнүп туруп калды. Шеф телефон менен сүйлөшүп жатат деп койду. Түшүнгөн кишидей мен баш ийкемиш болдум. Бир аз пауза болуп, оропара туруп калдык. Күтпөгөн жерден шыңгыраган коңгуроо үнү бул абалдан чыгууга жардам берди.

Кыз эшикти ачып, шамдагай бурулуп кирип кетти. Бир аздан кийин чыгып, колу менен эшикти көрсөтүп, кире

бериңиз дегендей ишарат берип, бир аз жылмайгансып туруп калды. Кызга жанашып анын жанынан өтө берерде мурда эч сезбеген кандайдыр бир жагымдуу жыт бур дей түштү. . .

Босогону аттап кабинетке кирдим. Такыр башка дүйнө. Төрдө кырк жашка чамалаш, чачы сүксүйгөн, курагынан ашкан капкара киши олтурат. Жашына ылайыксыз эткээл, креслого батпай чалкалайт. Бети топтоголок болуп, узун-туурасы бирдей. Эткээл жаагы кулакты сүрүп чыгарчудай болуп турат. Тоголок мурунду ушул бетке атайылап жасап, анан көздүн тушун бармак менен басып жалпайтып койгон. Оң колун креслого артылта таштап коюп, мени башыман аягыма чейин карап чыкты. Өзүнүн артыкчылыгын, күчүн жарыялагандай сезилип турду.

Жакындап барып салам айтып, кол сундум. Ал креслонун артынан оң колун алып, өзү козголбостон колун сунумуш болду. "Отур!" - деген үнү буйрук бергендей угулду.

-Ии-и, баатыр, эмне жумуштап келип калдың?

- Чет мамлекетке барып иштеп келүүгө жолдомо берип жатышат, керектүү кагаздарды сиздер аркылуу ырасташ керек экен, ошого атайын келдим.

- Кана, берчи кагаздарыңы. . . Эмне, чет мамлекетке барып акча таап келейин дедиңби?

- Жо-ок, акча бул жерде деле жетиштүү, ал жакта тоо жерде гидростанция куруу боюнча адистер керек экен, мага сунуш кылышты эле, макул болдум.

- Аа... а, отузга эми чыккан турбайсыбы, эң сонун курак. Баары алдыда экен. Чет тили боюнча кандайсың?

- Институтта окуп жүргөндө француз тилинин атайын курстарын бүтүргөмүн. Французча сүйлөшүп, түшүндүргөндү билем, чертеждорду окуй алам.

- Аа-а, анда жакшы экен.



Ал мен берген тиркелген кагаздарды чоң сөөмөйү менен ары-бери барактап карамыш болуп, анан столдун кырына кадалган кнопканы баш бармагы менен басып, колун өйдө көтөрүп айлантып креслонун артына таштап койду.

Эшик ачылып, жанагы кыз кирип карап калды.

- Света, мынабу жигиттин документтерин тактап, даярдап бер, мен кол коюп берем.

- Макул, - деп, кыз чыгып кетти.

Чоң ырахмат айтып, мен да кабыл алуу бөлмөсүнө чыктым. Документтер салынган папканы кызга сундум.

- Абдан жакшы атыңыз бар экен, Светлана. Менин атым -Артур.

- Жакшы. . .

Ал менин кагаздарымды барактап карап жатты.

- Мен сизге көз артам, чет мамлекетке кетип жаткан турбайсызбы.

- Ооба, өзүм да күткөн эмесмин, барып иштеп кел деп жатышат.

- Ленинграддан окуган турбайсызбы, кандай сонун.

- Ошондой, Ленинград- абдан жакшы шаар. Мен ал жерде окуганыма абдан сыймыктанам, жакшы билим бергенине ыраазымын.

- Атыңыз эмне үчүн Артур, кыргызча эмес го?

- Аны ата-энемден сураш керек.

Ал мени бир карап, күлүп койду.

- Документтерди такташ үчүн бир топ убакыт керек, бул жерде күтөм десеңиз олтуруңуз же болбосо, шаарга чыгып сейилдеп, кечирээк келсеңиз да болот, - деп кире бериш жерде турган отургучту көрсөттү.

- Ушул жерде эле күтөйүн.

Ал шкафтан атайын кагаздарды алып толтура баштады. Мен жакты карай кыры менен олтурат. Бир аз

кызгылтым тарткан сары чачтары далысына түшүп турат. Бел атайын сызгы менен түздөп койгондой. Белден ылдый жак бир аз жабылып, олтургучка жайылгансып сандар юбканы керип, дене түзүлүшү даана байкалып турду. Тизе тоголок болуп, андан түптүз болуп буттун сызыгы кеткен. Бет менен балтырлар бир устанын колунан чыккандай кандайдыр бир окшоштугу бардай.

Машинканын ар жагында телефондор шыңгыраса, өйдө болуп колун созуп, турбканы алган кезде денеси созулуп узаргансып, бел ичкерип бир тутам эле боло түшкөндөй. Бардык мүчөлөрү бири-бирине жарашып, дене кандай сындуу.

Менин карап олтурганымды сезгендей, улам бурулуп карап коет. Мен оңтойсуз абалга түшүп, көзүмдү ала качам.

Бир кезде мекеменин жетекчиси бир жакка барарын, анан качан келерин билбейм деп айтып чыгып кетти. Ал жумуш күнүнүн аягына чейин келген жок.

- Бүгүн ишиңиз бүтпөй калды көрүнөт, эртең дагы келиңиз, - деп кыз кагаздарын жыйып, кетүүгө даярдана баштады.

Мен эмнегедир кылчактап, туруп кете албай себепсиз эле олтуруп калдым. Анан кыз сумкасын алып жөнөгөндө кошо чыктым.

- Сиз дагы ушул жакты көздөй кетесизби? - деп, бульварга чыгып кошо бастым.

- Ооба, тиги проспектке чыгып, троллейбуска түшүп кетем.

- Шаарыңар абдан кооз, сонун. Айрыкча, ушул бульвардан басканды жакшы көрөм, бир нече күн болбосом сагынып калам.

- Кесибиңиз эмне? - деп олдоксон сурап, өзүм уяла түштүм.



- Кесибимди көрдүңүз го, азыр университеттин филология факультетинде төртүнчү курста сырттан окуйм.

- Абдан жакшы экен, бирок иштеп да окуган кыйын эле болсо керек?

- Анча деле кыйын эмес, бирок убакыт жетишпейт.

Башаламан сүйлөшүп келе жатып, бульвардын аягына чыгайын деп калдык. Троллейбустар биринин артынан бири тизилип, аялдамага токтоп кетип жатышты.

- Мен тигил жерден троллейбуска түшүп кетем. Эртеңкиге чейин жакшы калыңыз.

Кандайдыр бир күч ичимден кетирбе деп сүрөп жатты. Эмне кылышымды билбей өзүмдү зордуктап, кечки тамакка шерик болууну сунуш кылдым. Өзүмдү оңтойсуз сезип, бетим ысып кызарып кеттим өңдөнөт.

- Ырахмат. Мен апамды да эскерткен эмесмин, ал күтөт, жакшы калыңыз! — деп чуркап кетти.

Көчөнүн четинде мен эмне кыларды билбей бир топ туруп калдым. Андан кийин эч максатсыз баш ооган жакка акырын басып жөнөдүм. Ал кыздын бой түзүлүшү, көз карашы, кыймылдары тасманы кайра-кайра кайталагандай көз алдымдан өтүп жатты.

Эртеси жумуш күнү башталар мезгилде мекемеге келдим. Тиги кыз мурда жумушка барып калган экен. Эшикти ачканда эле шашып менден мурда салам айтып жиберди. Майда көгүш тарткан гүлдөрү бар, белине кур байланган көйнөк кийип келиптир. Ары-бери басса, солкулдап, көйнөк бой жарашыгын андан бетер чыгаргандай.

... "Жалгыз сага жарашкансып көрүнөт... " - деген ыр сабы эсиме түшүп жатты.

- Бир-эки сааттын ичинде бүтүрүп, шеф келсе кол койдуруп, кагаздарыңызды бүтүрүп берем.

- Ырахмат, анча деле шашылыш жок.

Үйрөнгөн отургучка отуруп, бул жерден оңтойлуу жер дүйнөдө жоктой сезилди. Канча болсо деле отура берем деп өзүм менен ичимден сүйлөшүп жаттым. Кыз шамдагай кыймылдап, керектүү нерселерди жай-жайына коюп алып, бутун адаттагыдай учкаштырып отургучтун астына бүгүп коюп иштей баштады. Жаңы кийген көйнөгү бой түзүлүшүн кечээгиден да даана көрсөтүп тургандай.

Кандайдыр бир терендеги ой мекеме жетекчиси келбей кое турса экен деп ичтен шыбырап жатты. Аңгыча эле эшик тарс ачылып, күшүлдөп-бышылдап ал кирип келди. Салам айтымыш болду. Кыз ишин токтотуп, бир нерсе айтабы деп, аны тиктеп калды. Тапшырма алуу көнүмүш иш болсо керек.

- Оо, жигит, сен кечээтен бери кетпей отурасыңбы? - деп, тамашалагандай болду.

- Жок, жанараакта эле келдим, - деп актангандай болдум.

- Биздин кыздын жанынан чыкпай калган турбайсыңбы.

Ошентип, кызга эчтеме дебей кабинетине кирип кетти. Бир аздан кийин коңгуроо шыңгырады. Кыз шарт туруп, шамдагай басып жетекчинин кабинетине кирип кетти. Бир топ жок болуп кетип, анан чыгып: "Сиздин ишиңизди бир аз кое турушка туура келип жатат, шеф бир тез бүтүрө турган тапшырма берди", - деп айтты.

-Эчтеке эмес, мен күтө турам.

-Бир-эки саатка шаарга чыгып келсеңиз да болот.

-Шаарда ишим деле жок, сизге тоскоолдук болбосом, ушул жерде эле олтура турайын.

-Мейли, өзүңүз билиңиз, - деп, жалт карап жылмайып койду.

Оңтойлонуп олтуруп ойго чөмүлүп, кыялдана кеттим окшойт. Кээ бир ырлардын саптары эсиме түшө баштады:



. . Бой тумар сындуу периштем. . .

. . Жамалың айдай жайнаган. . .

. . Илебиң индус чайы эле, кыяльң кытай шайы эле. . .

. . Ак куунун мойнуна окшоп салааларың. . .

Убакыттын тез өткөнүн кара, бир паста түш болуп калыптыр. Мен түштөн кийин келейин деп сыртка чыгып кеттим. Бир кыйла убакыттан кийин келсем,» документтериңиз даяр болду, мынакей»,- деп мага сунду. «Четке жакшы барып, жакшы иштеп келиңиз, жакшы нерселерден ала келиңиз»,- деп жылмайды. Биринчи жолу күлүмсүрөгөн көздөрүн жакындан тике көрүп турдум. Өзгөргөнүн кара, ар кандай болуп кубулуп.

Кагаздарды колунан алып, чоң алкышымды айтып, анын илбериңки мамилесине ыраазычылыгымды билдирдим.

Эмнегедир кечээкиден баатырыраак болуп калыптырмын, бир топтон бери тааныштай сезилип турду.

- Мен бул ишти эки эле күндө бүтөт деп ойлогон эмесмин, өтө тез бүтүрүп бердиңиз.

- Эчтеме эмес, бул менин күндөлүк ишим да.

- Мен сизге карыз болгондой болуп калдым, эгерде айып көрбөсөңүз, жумуштан кийин бир-эки саат убактыңызды сурар элем.

- Ой, билбейм, кечке чейин дагы эмне иштер болуп кетээрин,- Анча-мынча көңүлү бардай сезилди.

- Анда мен жумуштун аяк чанинде келейин.

- Жок, келбей эле, мынабу номер менен телефон чалып койсоңуз, — деп, кагазга жазып берди.

Саат алтыга жакын телефон чалсам, шеф бир топ жумуш берип, бүгүн бүтүрөсүң деди, ошондуктан качан бошорум белгисиз болуп жатат деп түшүндүрдү. Андан кийин үч-төрт жолу телефон чалдым. Улам барган сайын анын көңүлү чөгүп, капалана баштаганын үнүнөн байка-

дым. Жанагы килтейген орой жетекчисине сыртынан ачууландым. Саат сегизден өткөндө дагы бир жолу телефон чалып, анын абдан ыза болуп турганын байкап, бүгүн жолугушуу болбой турганына көзүм жетти...

Эртеси бир ишим чала бүтүп калгандай сезим менен автобуска түшүп, тоо арасындагы өзүмдүн поселкамды көздөй жол тарттым. Жол алыс. Бир күн кечке жол жүрүш керек. Терезенин түбүнө олтуруп алып, жолду карап ойго батып келе жаттым. Кечээги кыздын элеси көз алдымдан кетпей койду.

Бул эмне деген сезим? Бул сүйүү эмес, албетте, башка нерсе. Сүйүү деген бул- адамдын өзгөчө сезими эмеспи. Ал адам баласына бир гана жолу келсе керек, туруктуулугун карачы. Ал сулуулукка деле анча баш ийбейт го. Адам өзү түшүнө албаган, күтпөгөн бир мезгилде сүйүүнүн пайда болгонун карачы. Ар бир сулууну көргөндө эле сүйүү пайда боло берсе, эмне болот эле? "Сулуу- сулуу эмес, сүйгөң- сулуу", - деген сөз бекеринен чыккан эмес го. Адам баласы ушул сүйүү касиетин берип, аны ушунчалык туруктуу кылып койгону үчүн табийгатка миң мертебе ыраазы болушу керек.

Бирок сулуулуктун да өзгөчө бир күчү бар экени талашсыз. Ага кечээ эле күбө болбодумбу. Адам баласы сулуулуктун баркына жетип, аны баалай алабы, сулуулуктун ээси өзү баалай, сактай алабы? Сулуулуктун баркына жетип, сактай билүү да өзүнчө бир сулуулук го!. .

Андан бери канча күндөр, айлар, жылдар өттү. Канча суулар агып, турмушта канча өйдө-ылдыйлар болду. Баягы окуя такыр эстен чыккан.

Кызык. "Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт", деген чын окшойт. Алдымда турган баягы кызбы?! Убакыт кандай ырайымсыз нерсе. Бардык нерсенин, адам эмес таштын да түрүн өзгөртөт го...



Кайда баягы мөлтүрөгөн кыз, жоодураган көздөр, тал чыбыктай бой? Көздүн алдындагы, моюндагы майда бырыштар кайдан келген?

Кайда кеткен эки беттин жалыны?. .

. . . Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт. . .

Дүйнөдө эң өкүнүчтүү нерсе - бул бардыгынын убактылуулугу го. Өмүр дагы убактылуу. Анын баалуулугу да ошондо эмеспи. Адамдык сапаттын негизи, ошол өмүрдү баалай билип, өмүрдүн сулуулугун баалай билүүдө турбайбы!

*Н. ИСАНОВ.*

## ЭЛИБИЗДИН АБИЙИРИНЕ ШЕК КЕЛТИРБЕСЕК!

Совет жергесинде татаал өзгөрүүлөр жүрүп жатат. Тилекке каршы, экономикалык гана эмес, саясий кризиске күбө болуп олтурабыз. Партиянын демилгеси, аракети менен түзүлгөн айкындуулук, ачыктык, демократиялуулук абалдан пайдаланып, дили бузуктар өлкөнү бөлүп-жарууга, улуттар аралык маселени курчутууга, партийный беделин түшүрүүгө түздөн-түз аракет жасап жатышат. Алар өткөн жылдар бою чечилбей келген социалдык, экономикалык маселелерди, кыйынчылыктарды, партиянын кетирген кемчиликтерин пайдаланып, өздөрүн элдин тагдырын тарткан кишилер сыяктуу көрсөтүүдө. Эмгекчилердин айрым катарын, анын ичинде асыресе жаштардын, интеллигенциянын да саясий маданиятынын али жетишсиздиги аларга ыңгайлуу шарт түзүп берүүдө.

Албетте, жалпы Мекенибизде түзүлгөн кырдаалдын биздин республикага, элибизге таасири тийбей койбойт, биз мындай көрүнүштөрдөн сыртта калып кала албайбыз. Бирок, эң алды менен ойлонушубуз керек, жөн эле бирөөлөрдү ээрчий беребизби, же болбосо, акыл токтотуп,

ар нерсени терең ойлонуу менен өзүбүздүн туура жолубузду табабызбы?

Акыркы учурда республиканын кээ бир жерлеринде, өзгөчө баш калаабызда көпчүлүктү тынчсыздандырган кыймылдар пайда боло баштады. Аймагыбызда жүрүп жаткан жаңылануугa алымсынбай, эми биз уйкудан качан

ойгонобуз дегендер да жок эмес. Бүт өлкө козголуп атса, жым-жырт жата беребизби. Балтика боюндагы, Кавказ тарабындагы республикалардан артта калдык деп, ал эмес ал жактан чабарман болуп келген «чакырылбаган» өкүлдөрдү олуядай көрүп, жаштарды терс жолго үгүттөгөндөргө күбө болуп олтурабыз.

Бул күндөрдө элибизге токтоолук, сабырдуулук, ынтымактык, оор-басырыктык өзгөчө зарыл болуп турат. Шүгүр мындай сапаттар эзелтеден бери кыргыз калкында бар, алар да өз таасирин берет деген ишеничибиз күч!

Жөн эле башкаларды ээрчий бербей, биз өз элибиздин, өз жерибиздин кайталангыс өзгөчөлүгүн, кылымдар бою калыптанып келген үрп-адатын, ыймандык, асыл касиеттерин, меймандостук, боорукерлик сапаттарын, бүгүнкү күндөгү өнүгүү деңгээлин эске алып, туура багыт алышыбыз керек. Калайык-калкыбызда атам замандан бери мезгилдин татаал сыноолорунан өткөн бир жакшы салт бар. Кичине иш же чоң иш болобу, талаш-тартыш болобу - элибизде карыялардын, аксакалдардын кеңеши менен чечилип келген. Бул эң жакшы касиетти бүгүнкү татаал учурда туура колдонсок, оң таасирин бербей койбойт. «Карынын кебин капка сал» деген накыл ой бекеринен чыккан эмес, тарыхыбызга бир аз көз чаптырып керсек, айыл болобу, уруу болобу, же бир чоң эл болобу алардын ар биринин карыялар тобу болгон. Аларды эч ким шайлаган эмес, аларды турмуш өү тузгөн. Бул топко бардык эле жашы жеткен, сакалы агарган кишилер кире берген эмес. Ага элинин азап-тозогун кошо тартышкан, эл тагдырына баш оту менен кирген, өзүнүн акылмандыгы



менен эл ишеничине ээ болгондор гана кирген. Күндөлүк турмуштан келип чыккан нерселерди, же журт башына түшкөн түйшүктү чечиш үчүн аксакалдар чогулуп, алтын акылын ортого салып, бир бүтүмгө келишкен. Алардын чечими башкалар үчүн, жаштар үчүн парз.

Демек, демократиялуулук, ынтымактык, тартиптүүлүк биздин элдин канында бар. Ошол касиетти, салтты колдонууну бүгүн турмуш талап кылып олтурбайбы.

Совет бийлиги деле, бийликтин жаңы түрү болуп турмуштун өзүнөн чыкпады беле. Жумушчулар (Ивановодо) өздөрүнүн кадыр-барктуу өкүлдөрүн жиберишип, совет (Кеңеш) түзүп, ал кийин жалпы мамлекеттик ыкмага айланган.

Бүгүн да акылман карыяларыбыз аз эмес, алардын сабаттуулугу, турмуштук тажрыйбасы - биздин түгөнбөс кенчибиз. Түшүнгөн жетекчилер мурда деле, азыр да бул салтты туура колдонуп келген, турмуш көрсөткөндөй ошондой жетекчилердин иши эч качан жаман болгон эмес.

Бирок тилекке каршы уламдан-улам бул салт өзүнүн маанисин жоготуп баратышы кейиштүү - нерсе. Кээ бир жаштарыбыз, ал тургай токтолуп эле калган сабаттуу кишилерибиз түзүлгөн кырдаал-шартты эсине албай, улуу-кичүүнү көзгө илбей тайкы ойлукту көрсөтүп, муундарды жолго үндөөгө аракет жасашы - элибиздин мүнөзүнө эч бир туура келбейт.

Биз бир нерсени калетсиз түшүнүп алсак, демонстрация, митинг аркылуу жакшы турмушка жете албайбыз. Биз ага ак ниет эмгек, мыкты тартип, чыныгы ынтымак, илимий- техникалык өнүгүү менен гана жете алмакчыбыз. Балтика жээгиндегилердин, же башка чыгыш Европа элдеринин жолун автоматтык түрдө өзүбүзгө көчүрүп ала коюу бизге туура келбейт. Анткени биздин элдин тарыхы, мүнөзү, психологиясы алардан бир кыйла айырмаланып турат. Ырас, республикада чечиле элек көп иштер бар. Алардын жүзөгө ашырылышын тездетүү зарыл. Азыр

кыргыздардын 80 проценти элет жергесинде жашайт. Бул да чоң маселе жергиликтүү калктын ичинде өнөр жай жумушчулары, инженер-техникалык адистердин аз болушу да ойлонулуучу иш.

Айтайын дегеним, бүгүнкү күнгө калыптанып калган абал менен биз эсептешишибиз керек. Республикабыз - көп улуттуу, алар ондогон жылдар бою жанаша, ынтымакта жашап келе жатышат. Биздин ыйык милдетибиз - дал ошол ынтымак-ырашкерди сактоо. Топтолуп калган кемчилик-терди, убактылуу кыйынчылыктарды бири-бирибизге шылтап, бири-бирибизди күнөөлөсөк, бул акыры жакшы нерсеге алып келбейт. Бул жерде жашап жаткан элдердин эч бир күнөөсү жок. Күнөөнүн көбү өзүбүздө, ошол оорчулуктарды жеңилдетүүгө дарман-шайыбыздын азы-рынча жетпей жаткандыгында.

Эмнесин жашырабыз, мурда кээ бир жетекчилерибиз күнүмдүк турмуш менен алек болуп, элдин келечек тагдыры жөнүндө ойлонбой келген. Жалпы агымга кошулуп, кайра курууну жүргүзгөн өндөнүмүш болуп, бирок өз кызыкчылыгын кубалап келген кадрларыбыз, тийиштүү деңгээлдеги жетекчилерибиз азыр да аз эмес.

Эми биз мындай абалдан тийиштүү жыйынтык чыгарып, келечегибиз жөнүндө терең ойлонууга мезгил жетти. Бул багытта кечээ жакында болуп өткөн КПСС БКнын кезектеги пленуму көп маселелерди козгободубу. Мына, алдыбызда шайлоолор турат. Максат - эл үчүн күйгөн, ички дүйнөсү таза, ишмер өкүлдөрдү шайлап, төмөндөн баштап эң жогорку баскычтарга чейин татыктуу намыскөйлөрдү тандоо. Бул элдин келечек тагдырын чече турган маселе. Шайлоо өнөктүгү да жөнөкей шартта өтүп жаткан жери жок. Демократиялык кырдаалдан, шайлоо жөнүндөгү жаңы мыйзамдын мүмкүнчүлүгүнөн пайда-ланып, мансапкорлук менен депутат болом деп далбас ургандар да жок эмес. Мындай максаттарды ишке ашыруу үчүн кээ бирөөлөр алды- артын карабай, эле жердештик,



жек-жааттык белгилерди курал катары да пайдаланып жатышы өкүнтпөй койбойт. Бул келечекте кур намыска, жаман адатка алып келе турган көрүнүш. Баарыдан да сенектик мезгилде ар кандай терс иштерди жасап, кайра куруунун шамалынан табийгый түрдө четке чыгып калган айрым адамдарыбыз да депутаттыкка ат салышып жатканы жалпы элибиздин беделине өз залакасын тийгизип жүрбөсүн. Булар. эмнени көрсөтүүдө? Биздин өзүбүздө да толуп жаткан ички, өзүнчө чечиле элек маселелерибиз бар экенин айгинелейт. Ал жалпы маданиятыбыздын деңгээлин, биздин ички дүйнөбүздүн, ээлеген инсандык ордубузду жана башка жагдайларды камтыйт. Негизги айтайын дегеним, азыр кыргыз калкы жооптуу учурду өз башынан кечирүүнүн босогосунда, чоң сыноонун алдында турат. Бүгүнкү милдет - байыркы элибиздин абийир-намысын сактап, ушул сыноодон уят болбой өтүп, алдыга жылуу. Калкыбыз кылымдар бою башынан көп окуяларды өткөзгөн, алдыда турган сыноолордон да ар- намыс менен чыгат деген чоң үмүт бар. Ал үчүн ата- бабабыз кылымдар бою топтоп келген жакшы касиеттерди колдонуп, элибиздин тагдыры, келечеги жөнүндө терең ойлонуп, өткөндүн учуна чыгуу. Бул, жолдун негизи - сабырдуулук, достук, абийирдүүлүк, тартип. Жанаша жашап жаткан бардык улуттарды урматтоо, биримдикти чыңдоо.

Кыргыздардын кандай экенин, ким экенин өлкөбүздүн бүт элине ап тургай дүйнөгө көрсөтө турган учур келип жетти. «Бир карын майды - бир кумалак чиритет» кылбайлы!

*Насирдин Исанов,*
*эл депутаттарынын*
*Ысык-Көл облбокомунун төрагасы.*

## Н. ИСАНОВДУН ИШ УЧУРУНАН ЭЛЕСТЕР












































Исанов Насирдин
(1943-1991)
Тунгуч Премьер Министр



Карабаев Рахман
1941-жылы туулган
Кесиби : Ички иштер кызматкери



Кулмаматов Момун
1941-жылы туулган
Кесиби: Бухгалтер



Касымов Акбарали
1941-жылы туулган
Кесиби: Байланыш кызматкери



# НАСИРДИН ИСАНОВ ТУУРАЛУУ БАСМА СӨЗДӨ

**ПРЕМЬЕРДИН ӨЛҮМҮ КОКУСТУКПУ? ЖЕ. . . НАСИРДИН ИСАНОВДУН ӨМҮРЛҮК ЖОЛДОШУ БҮЗҮЙНАТ ИСАНОВА ОЙ БӨЛҮШӨТ:**

**-Кыргыз Республикасынын биринчи Премьер-министри Насирдин Исановдун жубайы катары аны балалык күндөрүнөн бери эң мыкты билген жакын адамы катары эрте үзүлгөн өмүрүнө, саясий биографиясына кандай толуктоолорду киргизе аласыз?**

-Мен Насирдинди бала кезден бери билем. Орто мектепти чогуу окудук.

**- Чогуу окуган белеңиздер?**

-Айылдагы мектепте окудук. Мектепте окуп жүргөндө тентектигин көрбөдүм. Жакшы окучу. Ошол кезде да мыйыгынан жылмайып коюп жүрө берчү. Бала кезинде бирөө жарым менен мушташып же сөгүшкөнүн угуп көрбөптүрмүн. Дайыма колу бошой калган учурда начар окуган балдарга сабакты түшүндүрүп жаткан кездери азыр да көз алдымда турат. Мугалимдердин баары аны жакшы көрүшчү. Насирдин математика сабагын жанындай көргөнүн айта кетейин.

Анын тил мугалими менен тигини-муну талашкандыгы жөнүндө айтылган сөз-дөрдү угуп, канча ирет таң калып да жүрдүк. Адамды өзүнө тарткан мүнөзү бала кезден эле бар болчу.

-Балким, тил мугалими менен да бекеринен талашпаса керек. Анткени, Насирдин Исановичтин ыр жазып, адабий чөйрөгө жакын экендигин да угуп жүрөбүз.

-Ыр жазганы чын. Китеп кылып берели дешсе да болбой, көпкө өмүр сүрчү адамдардай кебелбей кийин деп койчу.

**- Саясатка бурулуп кетпегенде акындык жагы ачылып, эл оозуна алынып, акын катары белгилүү болуп кетмек беле... Эми ал жагын сиз жакшы билсеңиз керек?..**



- Ал табиятынан жумшак мүнөзү менен саясатчыга караганда чыгармачыл адамдарга көбүрөөк окшочу. Жазуучу, акындардын чыгармачылыгына терең байкоо жүргүзүп, кылдат мамиле жасачу. Адабият айдыңында жаңы чыгарма жаралып, же жаңы калемгердин ысмы пайда болсо кудум жаш баладай сүйүнүп, ошол кубанычты дайыма мени менен бөлүшчү. Эгер ал курулуш, саясат жагында көп иштебегенде акындык жагы да эбак ачылмак.

**-Чоң кызматтарда курулуш министри, кийин Премьер-министр болуп турганда деле үй салбаптыр. Бул эмне анын жөнөкөйлүгүбү?**

-Үй салганга Насирдиндин мүмкүнчүлүктөрү көп эле болгон. Байлыкка жутунчу эмес. Ал эми азыр бийликке келген жетекчилер элге иштеп берүүдөн мурда бир нече үй салып, анан байлык топтоо менен убара болуп жатышканын эл деле билет. Мен ошолорду көрүп таң калам. Насирдин мындай жетекчилерди көрсө чыдап отура алмак да, жол да бермек эмес. Бийлигине таянып, элдин байлыгына көз арткан, аны уурдаган жетекчилерди душманынан да жаман көрчү. «Элден ашып кетпейли, тегеректи карачы, оор турмуш болуп жатса эл катары бололу»,- деп көп айтар эле.

**- Ысык-Көлдө канча иштеди?**

-Төрт жылга жакын иштеди окшойт. Балыкчы шаарындагы жаңы курулушта Насирдиндин салымы чоң. Аны көлдөгүлөр жакшы билишет. Президенттикке Насирдиндин кандидатурасын да депутаттар көтөрүп чыгышкан. Үй курсак Насир Көлгө деле бирди салдырып коймок. Ак, адилет жашоо анын башкы оюу, жашоосунун маңызы болгон.

**-Премьер-министр болуп келгенде Бишкекте үйүңүз-дөр жок беле?**

- Ооба. Бишкектеги үйүбүздү Көлгө кеткенде башка бирөөгө берип салган элек. Борборго кайтып келген кезибизде мейманканада жашап турууга туура келди. Кийин Чыңгыз Айтматов өзүнүн үч комнаталуу үйүн тапшырган соң бизге берилди.

**- Жалгыз сиздин үй-бүлөңүз эмес, жалпы журтубузга да оор кабар-бул Насирдин Исановичтин автокырсыктан каза болушу десем жаңылбайм. Ушул суук кабарды сиз качан уктуңуз?**

- Менимче саат бирлерден кийин уктум окшойт. Өкмөттүк дачадан кудам угузду.

**- Медеткан Шеримкуловичпи?**

- Ооба. Ал күндү эскерүү мага оор. Ошол кайгылуу күндөн бери жүрөгүм жаралуу. (эже токтоно албай көзүнө жаш алды).

**-Өкмөт башчысы бир фирманын жетекчиси менен барбай койсо болот беле?**

-Болмок. Бирок, кызмат экен. "Сиз барып келиңиз" деп суранышыптыр. Ал кезде дүйнөлүк чоң фирмалар биз менен жаңыдан гана кызматташып жаткан кези эмес беле?

**- "СИАБЕКО" фирмасына окшогон дүйнөлүк аренада чуусу көп фирмалардын биздин кен байлыктарыбызга, алтынга болгон ниети түз эмес экенин Насирдин Исанович башка жетекчилерге караганда мурун сезиптир. Тигилер өздөрүнүн кара ойлорун ишке ашыра албай каларына көздөрү жеткен соң "тазалап" коюшту деген сөздөр элди аралап жүрөт. Бул сөздөргө кандай карайсыз?**

- Ал жөнүндө билбейм, айта да албайм.

**- Андан да шофердун артына отурган турбайбы?**

- Ошондой болуптур.



-Эреже катары отурбаш керек экен. Шофер өзүн сакташ үчүн рулду буруп жибергенде күч келип анын артындагы адамга тиет эмеспи.

- Башка адам болгондо отурбайт беле. Насирдиндин кара санабаганын карасаң.

- Ушул жерде дагы бир версия дайыма эл арасында айтылып жүрөт. Ошол автокырсыктан жалгыз гана Насирдин Исанов каза болуп, беркилер эч нерсе болгон эмес. Анан аварияга чейин эле Исановдун денеси муздак экен деген кептер да бар.

- Көзүң менен көрбөгөн соң айтыш кыйын да... Андан да ушундай опурталдуу кезде тигиндей-мындай деш туура эмес. Кудай эле билбесе, аны эч ким билбейт.

**- Ошол окуяга чейин өзүн кандай алып жүргөн?**

- Бул командировкага Бирштейн менен баргысы келген эмес. Температурасы көтөрүлүп, өзү врачтарга көрүнүп жүргөн. Өзүм бара албайм го, менимче Фишерди жөнөтөм деген. Бул сөздү түшкү тамактанууга келгенде айткан. Ал эми кечкисин үйгө келгенде, даярданып «барып келишим керек болуп калды» - деди.

**- Фишер эмне үчүн Бирштейн менен барбай калды?**

- Насирдинге "Өзүңүз барып келбесеңиз болбойт. Анткени "СИАБЕКО" фирмасы дүйнөдөгү чоң компаниялардын бири эмеспи, өзүңүз гана барыңыз?" - деп суранышыптыр. Насирдин: «Жума күнү чогулушум бар»- десе, «Ага үлгүрүп келип каласыз да"- дейт. Президент коноктор түштүктөн келгенден кийин Нарынга аң уулоого алып кетем деп сүйлөшүптүр. Бул сөздөрдү кечинде үйгө келгенде ошентип айтканы эсимде. Баргысы келбей кетти. Кетпес сапарга кетип бараткканын жүрөгү сезди го. Тигилердин программасы да укмуш болсо керек. Андан да бизге келип жаткан чоң фирманын алгач келе башталабы Насирдинден сурап калбаптырмын. "СИАБЕКО" фирмасынын айланасындагы дүйнөлүк чыр ал кезде башала элек болчу. Насирдин да эмне болгон фирма экенин

билген эмес. Швейцарияга барып келгенден кийин кыйналып жүрдү. Ал жакка жашыруун барышкан.

**- Швейцарияга эмнеге барышкан?**

- Жанагы компания чакырган да. Москвага кеттик деп бул жактагыларга билгизбей чыгышып Швейцарияга кетишкен. Аскар Акаев менен Насирдин төрт күндөн кийин кайра келишти. Ошол жакка барып келгенден кийин үч күн өтүп Насирдин каза болуп отурбайбы. Менимче ошол жерде чоң сөз болгонбу, билбейм.

**- Бул фирма менен түзүлчү келишимде кыргыз элинин кызыкчылыгы аз экенине Насирдин Исановичтин көзү жетип макул болбой коюптур деген сөздөр болуптур. Ооба. Биздин Кыргызстанга бул келишимдин кызыкчылыгы, өндүрүшүбүзгө азырак экенин айтып келген. "СИАБЕКО" фирмасы тууралсында дагы эмнелерди айтканы эсиңизде бар?**

-Болбогон компания окшойт, ызы-чуусу көбүрөөк экен, муну кайдан таап келишкен деп айткан. Эми бул иштердин чындыгы кийинчерээк калкып чыгат го. Чыңгыз Айтматовдун балдары катышкан иш экен.

**- Кайсы баласы?**

- Санжарбеги. Ошол тааныштырыптыр. Өзү келбей жүрбөйбү мында. Насирдин Швейцариядан келгенде эмнеге кыйналып жүргөнүн кийин өзү айтар деп ошондо кенен кесири сурап калбаптырмын. Ошого өкүнөм.

- Окуянын жүрүшү шектенүүгө шарт түзүп бергенсийт. Анткени, ошол күнү Премьер-министрди областынын чегинен аким Бекмамат Осмонов узатпайт, андан дагы Насирдин Исанович отурган машинанын шоферу да ошол эле күнү рулга алгач отуруп, ГАИнин кызматкерлерин алдыга кетип калышкан.

- Билбейм... (көзүнүн жашын сүртүп жатып) билбейм ким билсин? Балким...

**-Жалал-Абаддан эмнелерди карашмак эле?**

-Таш-Көмүр шаарындагы заводду.



**- Жарым өткөргүчтөр заводунбу?**

- Ооба. Жанагы алтынды, башка кендерди иштетип чыгаруучу заводго айландырабыз деген ой менен алып барса керек. Бирштейн алтын жана башка кендер кай жерде жайгашканын билиш үчүн чалгындап барган.

Түштүктөн ары Нарын, Казарман, Сары-Жаз аркылуу келебиз деп кеткен. «Ошондой пландар болуп жатат, бирок министрлер менен чечиле турган иштер бар, ошону ар биринин оозунан угуп албасам иш болбой жатат»,- деп айткан.

**- Үйдөн чыгып кетип бараткандагы эң акыркы сөзү эсиңиздеби?**

- Дайыма командировкага кетерде папкасын алып, кийимин кийгизип, туфлисин тазалап кийгизүү-менин милдетим эле. Биз жаңыдан баш кошкон жаштардай ысык мамиле кылчубуз. Кетип бараткнда ооруп жатканы өңүнөн көрүнүп турду. Ары-бери басып ваннага барып жуунуп, кухнядан тамак ичти. Новосибирскиде окуп жүргөн уулубуз каникулга келген. Баласы деле, мен да безилдеп барбай эле койчу, ооруп жатсаң дедик. Кудай таалам да барба деген өңдүү белги берди окшойт. Өзүн начар сезип турганына карабай, «Президент өзү суранып, барып кел деп жаткан соң болбойт. Сүйлөшүп койдук» - деди.

Калгысы келип, бирок, биз жаткан бөлмөгө кайра-кайра барып, көптөн кийин кийинип чыкты. Мен кухняда элем. Кетип баратып, "колдон келсе ал жакта түнөбөй, кайра кечкисин мында кайтканга аракет кылам го" - деди. Көрсө бул Насирдин экөөбүздүн жашообуздагы анын эң акыркы сөзү болуп калыптыр.

**- Сөөгүн алып келгенге сиз да барып келдиңизби?**

- Жок. Насирдин каза болду деген сөздү укканымда мен өлүмдү жоготуп койдум. Мага Кочкордо авария болуптур деп угузушту. Вертолет менен Нарын аркылуу келебиз го деген Насирдин, Кочкордо болду дегенге ишенип калгам. Машинада авария болду десе, ал вертолет

менен кетпеди беле дедим. Кочкордон бери жер көргөнү машинага отуруп келе жатканда кырсык болгон деп жүрбөймбү.

**- Эмне үчүн Ноокен районунда каза болуп жатса Кочкордо деп жашырышкан?**

- Анысын билбедим. Эмне ой менен ошентип сыр жашыргандарын мен ушул кезге чейин түшүнбөйм.

Машинада келаткандардын арасында жалгыз өзү гана каза болгонун эртеси гана угуп жүрөм. Бул жерде түшүнүксүз нерселер өтө көп.

Ошол кезде коопсуздук комитети же башка органдар кыймылдап койгонго жарашкан жок. Мен ошого таң калам. Окуянын изи сууй электе Бирштейн өз охранасы менен таксиге түшүп Андижанга, анан Ташкенттен чет өлкөгө учуп кеткенге үлгүрүшкөн. Премьер-министр каза болуп жаткан соң ар кандай сөздөр болушу мүмкүн эле. Ошон үчүн да аларды кандайдыр бир мөөнөткө кармап туруш керек болчу. Мага Бирштейнди ооруканада жатат деп угузушкан. Андай эмес эле бир жери чийилбей Андижан аркылуу качып кетиптир.

**- Бирштейн Насирдин Исановичке топурак салганга келдиби?**

- Жок. Ала-Арча көрүстөнүндө ошол компанияда иштейт деп бирөөнү көрсөтүштү. Ага көңүл деле бурганым жок.

**- Сизге көңүл айтып, Бирштейн телеграмма жөнөткөнгө жарадыбы?**

- Кайдан.

**- Бирштейн ошол кезде өкмөттүк дачада жашаган деген сөздөр бар?**

- Аны биле албадым. Балким жашагандыр, ким билет.

**-Насирдин Исанович каза болгондон кийин сиздин үй-бүлөңүздөргө, балдарыңыздарга жардам берүү тууарасында сөз болду беле?**



- Аскар Акаевичтин иши көп. Өзүңөр жакшы билесиңер. Ал эми Майрам Акаева Насирдиндин кырккы бүткөнчө келип турду.

**-Каза болгон жерине эстелик тактай орнотулганбы?**

- Жок. Бул жерде Премьер-министр Насирдин Исанов автокырсыктан каза болгон деп белги таш орнотуп коюшса болмок. Жетекчилерибиздин колдору бошобой, бул ишке анчейин маани бербей жүргөн чыгар. Исанов көчөсүнө да эстелик тургузсак болот болчу. Шаардык акимчиликтин бул боюнча атайын чечими да бар. Ал оюбуз да ишке ашпай жатат. Мындай оор учурда ким жардам бермек эле. Кимдин-ким менен иши бар. Насирдиндин эстелиги эмес, ар ким өзү менен өзү болуп калбадыбы.

**- Премьер-министрдин жубайы катары анча-мынча кадрлык иштерине кийлигишкен учурлар болду беле?**

- Жок. Ал тургай кээ бир жетекчилердин аялдары кадр боюнча аралашкан учурларын угуп, «мамлекеттик ишке аялдары кийлигишпесе» деп, жини келип, кыжырданчу. Ошонун кесепетинен бийлик эшалонуна компетенттүү эмес адамдар келип жатат деген. «Саясатчыга аял үйдөгү иши менен түркүк болсо- жардамы тийгени»- деп калчу.

**- Насирдин Исанович каза болгон жерде кийин болдуңузбу?**

- Былтыр жайында уулум экөөбүз атайын машина менен барып көрдүк.

Авария болуп каза боло турган деле жер эмес. Капырай, ошол окуяны көргөн эл деле бар экен. Атайын ал окуяны изилдегеним жок. Изилдегенде эмне, болор иш болду. Кимдин кара ою болсо кудайга койдум.

**- Ошол кайгылуу окуядан кийин деле Бирштейн кеңешчи болуп иштеп жүрдү окшойт?**

- Ооба. Балким азыр деле жашыруун келип жүргөн болсо керек. Бүгүн келип жатабы, биздин жетекчилер менен жолугушуп жатабы, ишибиз деле болбой калды.

Швейцарияга барганга чейин "СИАБЕКО" фирмасы жөнүндө дурустап билип алса болмок экен.

Барбаса билбей деле калмак. Насирдин ошол кезде Президенттин ишенимине кирип калса керек. Биздин республикага пайда келтире турган пландарды айткан го. Бирок, Насирдин алардын ойлорун акыркы күндөрү билип калды окшойт. Швейцариядан келгенден бери кийин бир сырды ичине катып, ой басып жүрдү. Өзү да түшүнүксүз ойлуу болуп кетти. Ооруганы да бекеринен эместир деп калам.

**- Канча жыл өмүрлүк жолдош болдуңуздар?**

- Насирдин экөөбүз 27 жыл чогуу жашаптырбыз. Азыр ойлоп көрсөм көңүл кала турган бир катуу сөз айтпаптыр. Мага болгон, балдарына жасаган аталык мээрими башкача болчу. Адамды күлдүрүп сүйлөөчү. Насирдинди көп эстейм, ал ошого татыктуу.

**- Достору кандай эскеришет?**

- Туулган күнүндө достору биздин үйгө келишет. Насирдинди эскеребиз. Насикем болсо минтип, тигинтип айтмак дешип сөздүн башын Насирдинден башташат. Насирдиндин ар бир күнү биз үчүн майрам эле. Азыр да кээ бирөөлөргө таң калып сөз кылып калсам, "Насирдин эркелетип турмуштан эч нерсени көрбөй калгансың" - деп калышат.

**- Балдарыңыздын ичинен кимисин жакшы көрчү?**

- Баарын эле. Көбүнчө кызын. Ал өзү да атасына окшош. Колу бошой калса экөө сырдашып, кобурашып калышчу. Анын айткандарын эки кылчу эмес.

**- Кызыңыз кайда иштейт?**

- Экинчи баласы менен үйдө отурган. Окулист болуп иштечү. Быйыл чыкты жумушуна. Уулубуздун бири Түркияда окуйт.

**- Кайын энеңиз барбы?.**

-Кайын энем бар. Азыр 85 жашта. Кичүү баланын колунда.



- Эсимде Насирдин Исанов тууралсындагы телефильмден көрсөткөн.

**Жаңы Премьер-министр болгон кезде тартып калышкан. Бийликке келгенине эки, үч ай болуп областтарды кыдырып жүргөн кези эле. Алайдан ашып Ноокатка айылдагы атасынын үйүнө келген. Бир туугандарычы?**

- Үч эркек, бир кыз болчу. Насирдин экинчи баласы.

**- Айылга үй салган беле?**

- Кайдан. Насирдин каза болгондон кийин жардам катары райондогулар үч бөлмөлүү үй салып беришкен. Ырахмат айтса болот.

**- Досчулукка кандай карачу?**

- Бекем болчу. Москвада окуп жүргөн кезиндеги курсташтары, балалык кездеги достору менен азыр да катташып турабыз. Досторунун аттарын айтпай эле койгонум оң го. Бирин жогору коюп, экинчисин төмөндөн кароо болчу эмес.

**- Илимий иштерин качан жазчу?**

- Көбүнчө үйдө отуруп жазды го. Элчилеп отпуска алып жазбай, бош күндөрү иштечү. Ошентип жүрүп кандидаттыгын жактады.

**- Докторлугунчу?**

- Даярдап жүргөн. Чоң ойлору бар эле өзү менен алып кете берди.

**- Эмнеге кызыкчу?**

- Кышындасы лыжа тепкенге барат болчу.

**- Туулган күнү качан эле?**

- 1943-жылы 7-ноябрда туулган. Биз үчүн бул күн кош майрам болчу.

**- Насирдин Исановичтин туулган күнүндө азыр эмне кыласыз?**

- Досторун, жакын туугандарын, куда-кудагыйды үйгө чакырып куран окутам. Ала-Арча көрүстөнүнө барып башына гүл коюп, эскеребиз. Ал каза болгондон бери

мамлекеттик ишмер катары чоң жыйындарда атын атап коюшканга жарабай жатышат.

**- Улуттук майрамдарга, салтанаттуу кечелерге сизди чакырышабы?**

- Насирдин каза болгондон кийин унутушту. Ал тургай Манастын 1000 жылдык тоюна да чакырышкан жок. Кээ бир министрлердин секретаршалары деле чакырылыптыр. Аманчылык болсо Насирдин жөнүндө, башка иштер боюнча көп нерселерди айтып берер да күн келер.

*Маектешкен: Бекен НАЗАРАЛИЕВ.*

## ТЕЛЕФОНДОГУ СҮЙЛӨШҮҮ

Исанов Насирдин- бул ысым кыргыз журтчулугунун карапайым адамынан баштап, ат жалын тартып минген ар бир атуулунун жадынан чыга элек. Насирдин Исановдун жетекчи катары мыкты сапаттары бар экендигин ошол бирге иштешкен учурларымда байкадым. Айрыкча жөнөкөйлүгү, айрым бир чоң жетекчилерге мүнөздүү болгондой өзүм билемдик буйрутма пикир, басымдуу үн, сыртын салган көз караштын жоктугу адамга жакшы таасир калтырчу. Иш боюнча тапшырма берип, керек учурунда анын аткарылышына көмөк көрсөтүп, өз маалында чакыртып көрсөтүп турар эле. Маектешинин кызмат абалына карабай өндүрүштүк маселелерге карата козголгон ойлорду адамдын жүрөгүнө жеткире айтып, түшүндүрүп, кайра анын оюн угуп, багыт берчү. Кайсы тармактан көп кылбасын, ой жүгүртүүсүнүн кенендиги, жеке пикиринин ынанымдуулугу менен кыраакы жетекчи экендигин көңүлүнө кыттай уючу.

Эсимде жолку телефон сүйлөшүүсүндө кимдир бирөөгө көрнөк-жарнактар жөнүндө айтып келип, кыргызча тил эрежелерине ылайык жазууну, деген улуттук тилге маани берүүнү баса белгилеп өтүп,



«...айылдын, жердин, суунун аталыштарын жазганда тилибизге этият мамиле жасоону үйрөнсөк. Мисалы «Темировка» айылын «Темир» айылы деп коюу керектир, өзүңөр дагы карап көргүлөчү, кандай болгон күндө да улуттук тил маданиятыбыз-тунук акыл-эс менен карай турган олуттуу маселе»,-деп телефонун койду. Уюткулуу журттун улуттук тилине аяр мамиле кылганына ичим жылыды.

Насирдин Исанович Исанов жөнүндө азыноолак көргөн-билгендеримди эскерип жазуу менин парзымдай туюлуп жүрчү. Ал киши менен азыраак иштешип, турмуштук, өндүрүштүк багытта көп таасир алдык. Андай адамдар дүйнөгө сейрек жаралып, эрте өтүп кетет тура. Кыргызда жүргөн-турганы, кылган кызматы менен өрнөк болгон, элим, жерим деп жүрөгү күйүп, бараандуу эмгек жараткан кеменгер инсандарды залкар деп аташат эмеспи. Мына биз жашап жаткан мезгилдеги көзүбүз менен көрүп, биз күбө болгон коомубуздун залкарларынын бири ушул -- Насирдин Исанов.

*Керимбек КАДЫРАКУНОВ,*
*Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар*
*Союзунун төрагасынын орун басары.*
*(«Инсан» журналынан алынды)*

## ТАБЫШМАКТУУ «ЖОЛ КЫРСЫГЫ»--КОР БОЛГОН АЛТЫН КЕНИ

«Ошол түн Насирдин Исановдун Ысык-Көл областкомунун төр

агалык кызматындагы акыркы түнү экен көрсө. Эртеси ал премьер-министрликке дайындалганы Бишкекке жөнөп кетти...»

«Катар иштеген эки жыл аралыгында Исанов менен Аманбаевдин кер-мур айтышып, кырсыйыша түшкөн кездерин байкай албапмын». «Республикага жетекчи кадрлардын уюткусун берип келген көл аймагы Ж.Аманбаевдин да, Н.Исановдун да Президент болбой калышып, жаңылыш убактылуу нерседей баалады. («Кыргыз руху» гезити. 30- сентябрь, 1992-жыл).

Насирдин Исановдун калк ичинде улам жогорулап бараткан аброю кимдир бирөөлөрдүн тынчын алып, кылым ичинде сыры ачылбаган бир бүдөмүк окуяга алып барып такап койду. Ошол кездеги жаңыдан менчиктештирүү, жумушсуздук, Союз ыдырагандан кийинки тоскоолдуктар, кыйынчылыктар Насирдин Исановдун жеке ишкердүүлүгүнүн аркасында жөнгө салынган, турукташтырылган. Белгилүүү коомдук ишмер Султан Ибраимовдун «Жогорку мектебинен» өтүшкөн эки кадр Н. Исанов жана Ж. Аманбаев анча-мынча маселелерди борборго карап отурбай эле КМШ өлкөлөрүнүн Президенттери менен түз сүйлөшүп чечип коюшчу экен. Ысык-Көлдөн кетерде Н. Исанов аябай тынчсызданып Ж. Аманбаевди издеп, аны таба албай, маанилүү бир нерсени айткысы келген дешет. Бирок ал айтылбай калыптыр...

Республиканын ички экономикалык, социалдык жана маданий турмушуна байланышкан маселелердин көбүн премьер-министр чечкен. Ал убакта жаңы бүтүм чыгарылып, кыргыз алтын кендерин тайганча шимшилеп жүрүп «кыргыздын досу» атанган Б. Бриштейн жана ал аркылуу түзүлгөн «Сеабеко» корпорациясынын алдоо жана көз боемочулук кылаарына алдын ала көзү жетип, өлкөнүн келечегине кайдыгер карабаган Насирдин Исанов макулдук бербей койгон. Ал өлгөндөн кийин 4-5 күн өткөндөн кийин А. Акаевдин 1991-жылддын 2-декабрындагы Указы менен мамлекеттик-менчик «Сеабеко-Кыргызстан» корпорациясы



түзүлгөн. Бардыгын таң калтырган нерсе кыргыз элинин байлыгын пайдалануучу корпорациянын уюшулушу, келишимдин жашырындуулугу. Чет өлкөлүк компаниялардын кыргыз алтынын каалагандай пайдаланганы ушул күнгө чейин уланып келет. Кыргыздын чыгаан инсаны Насирдин Исановдун башын жеген алтын чырыбы? Муну изилдөө, тактоо иштери али алдыда.

*Анара СУРАКМАТОВА*

*«Аалам» гезити*

## ЖАКШЫНЫН АТЫ – ЖАЛПЫНЫКЫ
## (Макала массалык маалымат каражаттарынан алынды)

Республикалык массалык маалымат каражаттарында мурда билдирилгендей, жакындан бери боордош Өзбекстандын жергесинде Насирдин Исановдун ысмындагы колхоз пайда болду. Андижан областынын Жалал - Кудук районундагы Ильич атындагы колхоздун эмгекчилери демилге көтөрүп, чарбага Н. Исановдун атын берүүнү чечишти. Алардын бул чечимин райондук жана областтык Совет колдоп чыкты.

Өткөн жекшембиде чарбанын борборунда ушул окуяга арналган чоң жыйын болуп өттү. Ага азан-казан эл чогулду, эки республиканын жамаатташ райондорунан көп чакырылган өкүлдөр келишти. Жыйындын тер жагына Н. Исановдун кара тасма менен арчындалган портрети коюлган. Оң тарапта азалуу аземде жасалгаланган кыргыздын боз үйү турат. Жыйынды эл депутаттарынын Жалал-Кудук райсоветинин раиси Мухтар Алимов ачты. Ал Насирдин Исановичтин адамкерчилик сапаттарына жана мамлекеттик ишмердигине жогору баа берди. Жыйындын катышуучулары мусулман калкына ылайык маркумдун

арбайына куран окутуп, бата кылышты. Андан соң бүгүнкү салтанат аземине атайын чакырылган Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин төрагасы Медеткан Шеримкулович Шеримкуловго сөз берилди. Ал Н.Исановдун өмүрү, мамлекеттик, коомдук жана илимий ишмердиги жөнүндө кең-кесири тааныштырып, аны көп иштин көзүн билген, көрөңгөлүү инсан катары мүнөздөдү. Кыргыз парламентинин төрагасы колхоздун эмгекчилерине, алар аркылуу жаны өзбек журтуна Н.Исановдун арбайын сыйлап, урмат көрсөтүлүп жатканы үчүн чын ыкластан ыраазылык билдирип, мезгилсиз дүйнөдөн кайткан кыргыз премьери кандаш- жандаш эки элге жан-жүрөгү менен жакшылык каалаган, алардын ортосундагы ар тараптуу мамилелерди өнүктүрүүгө бардык күч-аракетин сарлтаган, сөзү менен иши айкалышкан чыныгы интернационалист болгонун белгиледи. Өзбек агаиндердин ушундай азалуу учурда кыргыздардын кайгысын бир туугандарча тең бөлүшүп отурганы ак пейилдүүлүктүн, адамкерчиликтин күбөсү. Н. Исанов көзү өткөндөн кийин да минтип өз ысмы менен коңшулаш эки элдин туугандыгын ого бетер ширетип, ортого данакер болуп жатканында чоң маани, бийик жышаан бар. Өзбектер менен кыргыздар - түбү бир атанын - Түрк атанын балдары. Өткөн жылы Ошто болгон ойронго эки эл күнөөлүү эмес, өздөрүнүн арамза максаттарын көздөгөн журт бузарлар күнөөлүү. М. Шеримкулов өзбек менен кыргыздын арасында Н. Исанов сыяктуу азамат уулдар бар кезде эки элдин биримдигин эч ким буза албай тургандыгына бекем ишенгендигин билдирди.

Кайсы эл үчүн болбосун өзүнүн көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмерлеринин биринен айрылуу - жалпы улуттук кайгы болот, деп белгиледи андан ары М. Шеримкулов. Н. Исановдун капилет каза болгону менин жеке керт башымдын да кайгысы болду: Насыкен



экөөбүз ырыскылаш ынак достордон элек, уругубуз бир, туугандык жайыбыз дагы бар болучу. Ошондуктан бүгүн сиздерге атпай кыргыз журтунун. Президент Акаевдин атынан, жеке өз атыман жана маркумдун бул жерде катышып олтурган үй-бүлөсүнүн атынан Н. Исановдун жаркын элесине урмат көрсөтүп жатканыңар үчүн ыраазылык билдирип таазим кылабыз. М. Шеримкулов колхоздун раиси Рыспай Эрматовго Насирдин Исановдун портретин таберик кылып тартуулады. Андан соң эл депутаттарынын Андижан областтык Советинин раиси Кайымжан Холмирзаев сөз сүйлөп, Насирдин Исанович жөнүндө өзүнүн жылуу сөздөрүн айтты. Ал бардык улуттардын, анын ичинде кыргыздар менен өзбектердин бирдей даражада урматына арзыган уздай тунук адам болчу. Жакшы адамдан жакшы наам калат, деп айтты андан ары К. Холмирзаев. Бүгүн минтип чарбага анын ысмын берип жатабыз, эми Насирдин Исановдун ысымын уятка калтырбагандай жашап, иштөө эки элдин мойнундагы парзы болуп калды. Эл депутаттарынын Ош областтык Советинин төрагасы Б. Сыдыков колхозго Н. Исановдун ысмы берилип жатканын чоң маанидеги иш катары белгилеп, Андижандык коңшуларга мындай адамкерчилик үчүн ыраазылык билдирди. Чарбанын аймагындагы №27 орто мектептин директору Турганбай Муратов колхоздо, төрт мектеп бар экенин, эми алардын эң мыкты төрт окуучусуна колхоз башкармасы Насирдин Исанов атындагы төрт стипендия белгилегенин билдирди. Биздин жерде Исановдун руху жалгызсырабайт, деди ал, мындан ары жыл сайын ушул күнү анын элесин эскерип, атайын жыйналып турабыз. Журналисттердин суроолоруна жооп кайтарып, маркумдун жубайы Б. Исакова көзүнөн жашы кылгырып мындай деп айтты:

- Биз ордобуз кулагандай оор жоготууга учурадык, катуу кайгыга кабылдык. Андыктан биздин кайгыбызды тууганддарча тең бөлүшүп, өмүрлүк жолдошумдун арбайына урмат көрсөтүп жаткан өзбек агайындарга кандай алкыш айтарымды да билбей турам. Бир гана айтарым: балдарымды атасындай достукка жана сөзгө бекем, улутуна карабай адам баласын үйрүлүп сүйгөн адам кылып тарбиялоого бардык күчүмдү жумшайм.

## АТАМДЫН ЭЛЕСИ ЧЫНДЫКТЫН ЖАНА ТАЗАЛЫКТЫН СИМВОЛУ КАТАРЫ ЭСИМДЕ КАЛАТ

**(Макала массалык маалымат каражаттарынан алынды)**

Мария Исанова - кыргыздын белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмери, Эгемен Кыргызстандын тунгуч премьер-министри Насирдин Исановдун кызы. «Аккан арыктан суу агат» дейт элибизде. Мария Исанова ата жолун жолдогон, жаңы муундагы жаңы генерациядагы жаш саясатчылардан. Ал өлкөнүн социалдык тармагында эл аралык финансы уюмдарынын долбоору менен түздөн-түз иштеди. Айрыкча, Азия өнүктүрүү банкы менен бирдикте өлкөдөгү социалдык инфраструктуранын өсүшүнө чоң салым кошуп келүүдө. Бүгүнкү гезит мейманы - Мария Исанова.

**-Мария Насирдиновна, ата жолун жолдоп, чоң саясатка аралашканы жатыптырсыз, ага эмне себеп болду, дегеле бүгүнкү саясатка сиздин көз карашыңыз.**

-Сөздү алыстан баштайын, мен буга чейин Азия өнүктүрүү банкында көбүреөк иштеп калдым. Негизги кесибим микрохирург, АБР болсо Кыргызстандын түштүк областтарынын социалдык обьектилерин асырееп мектептерди, медициналык мекемелерди ремонттоо жана



грант үлөштүрүү иштерин жүргүзгөндүктөн ушул багытка сүңгүп кирип кеткеними өзүм да билбей калдым. Ошол жерде жүрүп айрыкча түштүк аймагынын алыскы айыл-кыштактарында мектептердин абалынын өтө эле начардыгын, медициналык мекемелердин орду түбү менен жоктугун көрүп нечен ирет каңырыгым түтөдү. Ошондо ойлогом, элет элине жардам бере турган адам керектигин, өлкөбүздүн айыл-кыштактары мамлекеттик коргоосуз, көзөмөлүсүз калганын, өз арбайын өзү согуп эптеп өлбөстүн күнүн кечирип жатканын. Албетте, чечилбес маселе болбойт, мен көргөн, мен билген, бүгүн элет калкы баштан кечирип жаткан проблемаларды да чечсе болот. Ага күйүп-бышкан адам керек. Менин чоң саясатка аралашайын деген аруу тилегим ушул болду, анан мен саясатчынын, мамлекеттик ишмердин үйүндө чоңойдум. Атам саясатчы, мамлекеттик чоң кызматтагы адам болгондуктан үйдө саясат жөнүндө, мамлекеттик иштер жөнүндө дайыма кызуу сөздөр, талаш-тартыштар болуп турар эле, Мен ушундай чөйрөдө чоңойдум. Бекеринен айтылбайт эмеспи, мугалимдин баласы мугалим, дарыгердин баласы дарыгер, инженердин баласы инженер болот деп. А биздин үйдөн бир да дарыгер чыккан эмес, максатым Москва мамлекеттик университетинин тарых факультетине тапшыруу болчу. Бирок ата-энем жалгыз кызын жандарынан алыс чыгаргылары келбеди, анан да саясаттан алыс болсун дешти го сыягы, айтор дарыгерликке окууга беришкен. Албетте, мен ал жерден жаман болгон жокмун, бирок, биринчи эле күнү дарыгерлик менин ишим эместигин, мен чоочун короого түшүп калганымы, ар кандай эле адам дарыгер боло албасын, ага тубаса талант, жөндөм керектигин билдим. АБР менен иштешип кеткенимин бир себеби да ошондон. Анан менин өзүмө гана белгилүү өзгөчө касиетим, адамдар менен тез ымалага, мамилеге келем, тил

табышканга өтө жөндөмдүүмүн. Бул мага атам Насирдин Исановдон калган касиет деп билем. Анда ушундай улуу жөндөм, касиет бар болчу. Мага бул АБРдин грант боюнча проектисинде иштеп турганымда өтө чоң пайдасы тийди. Ошондо мен айыл калкынын жашоосун, турмушун, ыйын, кайгысын сураган эч ким калбай калганын, алар жалгызсырап, жетимсиреп чүнчүп баратканын көрүп көңүлүм чөктү. Аларга бир сындырым нан бералбасаң да жыгылып жатканда колуңу созул тургузуп койгонуң жакшы сөз менен көңүлүн көтөрүп жүрөгүн жибиткенин көңүлү кирдеп турган адам үчүн чоң дем берет эмеспи. Атам жаш кетти. Бул бир гана биздин эмес бүтүндөй кыргыз элинин кайгысы, ыйы деп түшүнөм мен. Анын бүтүрө албаган далай иштери өзү менен кетти. Албетте, атамдын бүтүрө албай, аягына чыгара албай калган иштерин кимдир бирөө өзүнө алышы керек болуучу. Ушул вазипаны мен өзүмө алдым. Аны канчалык деңгээлде аткара алам ал келечектин иши.

**-Бүгүнкү саясий ситуацияны кандай баалайсыз?**

-Албетте, бүгүнкү кырдаал оор. Аны өткөөл мезгил деп жымсалдап келатабыз. Бирок, анын өтө эле узакка созулуп кеткени карапайым адамдарды кыйнап койду. Антсе да мен бу заманга анча деле нааразы эмесмин, кадыресе эле тарыхый окуя катары баалайм. Биздин эң негизги жетишкендигибиз, эгер мындан үч жыл мурун шаар, элет калкы мамлекеттен бир нерсени үмүттөнүп жашаса бүгүн андай "иждивенческий" психология жок. Адамдар өздөрүнө ишенип жашай башташты. Төмөндөн идеялар жарала баштады. Мен болочок долбоорлордун дизайны менен же аны жазуу, ойлоп табуунун үстүндө иштегенди жактырам. Ошондо мен айыл калкы жаңы долбоорлордун үстүндө иштей башташканын, башын оорутуп бир жаңылык ачуунун үстүндө аракеттене



башташканын баамдадым. Бул албетте, кубана турган көрүнүш.

Азыр кайсы саясатчынын оозун караба, биз өнүгүүнүн түкүндөй же баланчадай моделин тандап алышыбыз керек дегендей сөзүн угасың. Мен буга каршымын. Биз кайсы бир өлкөнүн багытын, өнүгүүсүн ээрчибешибиз керек. Өзүбүзгө гана тиешелүү, башкаларды туурабаган, алардан таптакыр айырмаланган жолду тандап алышыбыз керек. Адам жашоосу деле ушундай эмеспи, бирөө экинчисин тууран, анын жашоо багытын тандап албайт, ар ким өз жашоосун өзү тандайт. Жыгылат, турат, башка жолго түшүп алат, кайрадан өз жолун табат, мүдүрүлөт, башын томуйтат дегендей өмүр бою изденип жашайт эмеспи. Биз да азыр ошондой изденүү жолундабыз. Бирок, сөзсүз өз жолубузду табабыз. Албетте, кайсыдыр бир деңгээлде кайсыдыр бир мамлекеттин өнүгүү багытына окшош багытка түшүшүбүз мүмкүн, бирок дал ошондой багыт деп айтууга эч болбойт. Себеби биздин жашоо шартыбыз. элибиздин менталитети башка.

**• Мария Насирдиновна, Сиз эл аралык фонддордо көп жыл иштеп калганыңыздан улам ушул суроону берейин деп жатам. Дүйнөдө фонд дегендер өтө эле көп экен. Алар артта калган, эми гана бутуна туруп өнүгүп келаткан мамлекеттерге жардам беришип, көпчүлүк учурларда багытында аныкташып, алыстан туруп көзөмөлдөп турушат экен. Менде кээде ой кетет да, эмнеге эле биз өз алдыбызча жашаганга үйрөнбөй башкалардан кайыр-садага сурайбыз, өзүбүз билген эле нерсени үйрөтүп койгула дейбиз. Жатып ичерликтен эми гана кутулуп кайра жатып ичерликке бараткансыйбыз?**

-Туура айтасыз, азыр биз наркоман сыңары болуп калдык, сайынмайынча туралбагандай, инвестициясыз,

мындайча айтканда, чет элдин жардамысыз өз алдыбызча жашай албай тургандай чекке жеттик. Бардык тармактарыбыз инвестиция менен гана кармалып турат. Ошол келген жардамдар кандай инвестициялар кредитпи же грантпы? Эгер кредит ала турган болсок, аны белгилүү бир тармактарды өнүктүрүү, бутуна тургузуу үчүн алыш керек, ал эртең пайда бергендей болушу керек деп ойлойм. Ал эми гранттарды социалдык сферага жумшаса ылайыктуу деп айтаар элем. Албетте, кредиттерди биз өтө ыксыз пайдаланганыбыз, алардын айрым бир бөлүктөрү кээ бир чиновниктердин алкымына кирип кеткени өтө өкүнүчтүү. Грант түрүндө келип жаткан жардамдарды айтсак, мага мисалы Агахандын фондусу жагат. Ал кээ бир фонддордой беш-алты тармакты алып чайналбастан бир жактуу иштейт, социалдык тармакта гана. Нарында институту иштеп жатат, түштүктө үч багыт боюнча иш жүргүзүүдө, айыл жашоосун колдоо, медицина жана эл агартуу тармагы. Фонд негизинен алыскы райондорду же Алай жана Чоң Алай районун колдоону өз милдетине алган. Ал кандай жардамдарды берет? Мисалы, айыл өкмөтү мектеп же ФАП үчүн имарат берет, фонд аны ремонттойт, керектүү жабдуулар менен жабдыйт, мугалимдер үчүн болсо тренингдерди өткөрөт. Эл болсо курулушка жардам берет. Мына ушундай жардам туура деп ойлойм, кээ бир фонддордун долбоордун 30-40 пайызын эл өз жанынан төлөсүн деген жарлыгы, тартиби натуура. Азыр айыл калкынын иштегендери дээрлик жок, алар үчүн 30-50 сом чогултуу оор. Бирок биздин элет калкыбыз келген жардамдардын экинчи жагын унутуп жатышат. Кайда барба өтө ыраазылыктарын айтып гана чектелишүүдө. А мен аларга түшүндүрүп айтып келатам, бул акча асмандан түшкен жок силерге келди, бул силердин акчаңар, демек силер аны көзөмөлдөгөнгө, анын канчасы кайда кетти



сураштырып билгенге акыңар бар, ошол укугуңардан пайдалангыла деп. Мектеп директорлорунан мен курулуштун сапаттуу бүтүрүлүшүн көзөмөлдөгүлө деп айтканым ошондон.

**-Жогорудагыга үндөш суроо, биз сөз кылып жаткан АБР, Дүйнөлүк банк, Агахан фондусусуз эле жашап кетсек болбойбу? Илгеркилер мындай учурда "арзандын шорпосу татыбайт" дечү эле.**

-Менин жеке пикиримде биз өз алдыбызча жашап кеткенге толук мүмкүнчүлүгүбүз бар. Чакан мамлекетпиз, беш миллиондон ашып-ашпаган калкыбыз бар, жерибиз кудаага шүгүр кен-байлыктарга бай, бейиштин бир бурчу. Ал үчүн аң сезим көтөрүлүш керек го дейм. Биз мындай бир түшүнүккө, өмүр бою карыз алып жашоого болбойт, эмне үчүн өзүбүздү өзүбүз бага албайбыз дегендей ойго келишибиз, ошол ой биздин жан дүйнөбүздү эзип кыйнашы, намысыбызды келтириши керек. Жаштарыбыз да өздөрү жөн жай олтурбай, боштукка эрк бербей, арак-шарапка берилбей мектептерин оңдотсо, көпүрө салдырса же башка бир керектүү иштерди бүтүрүшсө эмнеге болбосун, болот.

**-Мария Насирдиновна, Фонддордо иштеп туруп кичи Мекениңизге кандай кемөк көрсөтө алдыңыз?**

-Кичи Мекенин ким унутсун. Ал мага кайда жүрбөйүн дайыма күч берет, шыгыма-шык кошуп жаңы белестерди ашканга демөөр берип турат. Мен анын мага ушунчалык жакындыгын самолет аэропортко конгону баратканда сезем. Бирок ишиме байланыштуу жардамдарды берип жатам. Мисалы чет өлкөлүк донорлор келип кайсы тармак боюнча кайсы регионго жардам берүү керек деген маселе каралып калганда Ош областы жөнүндө, "ал бай регион, эли жакшы жашайт, биздин жардамга муктаж эмес" дегендей сөздөр дамамат айтылат. Ошондо мен, жок андай эмес, эгер Ноокат шаарын гана айткыңар келсе силердин пикиринер мүмкүн туурадыр, бирок айылдарда турмуш начар, аларга

сөзсүз жардам керек деп далилдөөгө, керек болсо "согушууга" аргасыз болом. Мында менин салымым бар деп ойлойм. Албетте, кичи Мекеним үчүн көп нерсе жасай албаганыма ичим күйөт, намыстанам, бирок, ал иштер алдыда, эсен болсок элимдин далай жакшылык-жамандыктарына туруп берем деген пикирдемин.

**-Акыркы жолу айылда качан болдуңуз?**

-Ноябрь айынын төртүнөн жыйырмасына чейин айылда болдум. 4-ноябрь атамын туулган күнү. Ал күнү Жалалабат областынын Ноокен району атамын атын алып жүргөн мектеп интернатта бокс боюнча эл аралык мелдеш өткөрүштү. Мени ошол турнирге чакырышкан экен барып катышып келдим. Калган күндөрдү Көк Белде өткөрдүм. Атамдын, апамдын туугандары, достору, санаалаштары, айыл аксакалдары менен жолугуштум, алардын атам жөнүндөгү сөздөрүн уктум. Кыргызда сөз бар эмеспи, "атаң өлсө да атаңды көргөн өлбөсүн" деген. Алардын сөздөрүн угуп олтуруп атамды эстедим, атамдын кыска бирок, даңктуу, таза, абийирине балта чаппаган, элим деп күйүп-жанган турпатын көз алдымдан кечирдим. Мени атамдын элеси дайыма таза, ак иштөөгө багыт берип турат.



# АЙЫЛДАШТАРЫ АЙТЫШАТ

## ЗЭЭНДҮҮ ЖАНА ЗИРЕК БОЛЧУ

Насирдин менен курбалдаш теңтуш катары балалыгыбыз бирге өттү. Кошуна болуп жашачубуз. Бала кезинде эле токтоо башка балдарга окшоп шоктонбогон окууга өтө зээнин койгон, аябай тартиптүү эле. Мүнөзүнүн жакшылыгынан мугалимдер дагы жакшы көрчү. 10-классты аяктаганга чейин эле окуудан, коомдук иштерден жакшы жагын гана көрсөтүп башкаларга үлгү болчу. Ошондо эле келечектен көптү үмүттөндүрчү. Айылыбызда орус улутундагылар көп жашагандыктан балдары менен чогуу ойноп, окуп, алардан орус тилин жакшылап үйрөнүп алган эле. Ал нерсе кийин студент мезгилинде жакшы жардамы тийгени айтып калчу. Ошентип, убакыт зымырап өтүп, окуусун бүтүп келип ишке орношуп иштеп калды. Көп жолуга албасак дагы анда-санда учурашып турдук. Ошондо баягы-баягы алтындай болгон балалыктын бактылуу күндөрүнөн кеп салып, студенттик мезгилден, андан соң иштеп жаткан иштери тууралуу сухбатташаар элек.

Жараткандын жазмышы экен кара санатай адамдардын кесепетинен калкына дагы да ак дилден кызмат кыла турган убагында жашоо менен кош айтышып кете берди. Тууган урук эли журтубуз арман кылган боюнча гана кала бердик. "Эр эмгегин жер жебейт"- дегендей досумдун эмгектери мамлекет тарабынан бааланып, көптөгөн орден медалдардын ээси болду. Андан тышкары көзү өтсө да түбөлүккө сакталып аты калды. Ушундай ак жүрөк, ак иштеп элинин жүрөгүнөн түнөк тапкан чыгаан инсаныбыз менен ар дайым сыймыктанабыз жана жүрөгүбүздө бекем сактайбыз. 80 жылдык эскерүү маарекеси кут болсун, жаткан жери жайлуу болуп бейишинен берсин Алла.

*Жаанбаев Дади,*
*жердеши жана курбалдашы*



## ИНИБИЗ - СЫЙМЫГЫБЫЗ

Насирдин окуп жүргөндө эле бардык нерсеге акылы жеткен зирек болчу. 10-классты аяктап жогорку окуу жайга да өз күчү менен өттү. Ана-мына дегенче 5 жыл да билинбей өтүп, өзүнүн кесиби боюнча ишке кирип иштеп калды. Иштегенде да жакшы иштөөнү ниет кылып, жаштык жигер менен берилип иштеп жатты. Убакыттын өтүшү менен жамаган жумуштары аркылуу эл оозуна алына баштады. Ал тууралуу жакшы кеп-сөздөрдү, жылуу пикирлерди уккан сайын биз да ушундай инибиз бар да деп сыймыктана баштадык. Айылыңан ушундай атактуу инсан чыкса анан кантип сыймыктанбай кое аласың. Насирдиндин жаштайынан эле зээндүүлүгү билимге умтулганы, кичи пейил мүнөзү, улуу кичүүнү ар дайым урматтап сыйлаганы, келечекте жакшы адам болуп чыгарына көптөрдү үмүттөндүрөр эле. Тууган уруктардын, классташтардын жалпы эле айылдаштары адашбаптыр. Ал көпчүлк ойлогондой калкынын керегине жараган эр азамат болуп чыга келди. Ак эмгегинин натыйжасында көптөгөн сыйлыктардын ээси болду. Илим жактап, кандидаттык алды. Илим, билим, тажрыйба топтоп, элине дагы да жакшы кызмат кыла турган учурга келгенде күтүүсүздөн жашоо менен кош айтышып кете берди.

Өмүрү кийинкилерге өрнөк болуп, эмгеги тарых беттеринде түбөлүккө сактылып калды. Биз ушундай чыгаан уулдарыбыз менен ар дайым сыймыктанабыз.

*Айткулов Нуркамил*
*Айыл аксакалы*

## «КАЗЫНАГА КОЛ САЛБАЙМ ДЕГЕН»

Насирдин бала кезинде мен кыйла эле эс тартып чоңоюп калган элем. Мен жогорку класста окуганымда ал инибиз 1-класска келсе керек. Мектепте кийин жогорку окуу жайда да мыкты окугандан кабарыбыз болчу. Кийин ишке орношуп иштей баштаганда да инибиз жөнүндө жакшы сөздөрдү угуп жүрдүк. Кээде иш сапары менен келип калганда жолугуп да калар элек. Өз ишине өтө берилген, чынчыл өз көмөчүнө күл тартпаган, жесем, алсам дебеген алдым жуттум бала эмес экени жөнүндө айылда ар дайым айтышаар эле. Ал турсун эл арасында колунда амал анан калса, жыгач такта, курулуш материалдары турганда атасынын үйүн оңдоп салып берип койбоду дешкендер да болду. Эгер Насирдиндин ордунда башка жегич адам болуп калганда атасынын, акесинин үйүн оңдоп, өзүнө какайтып үйдү салып коймок. Бирок бул инибиздин жүрөгү андай арам оокатка карап сокпоптур. Мен ак иштейм, ак жашайм, колумду булгап, казынага кол салбаймын деген ураан менен гана жашаптыр. Ошол тазалыгы бул инибиздин атын түбөлүккө калтырып жатпайбы. Биз Көк-Бел эли жалпы эле кыргыз эли ушундай чыгаан ак жүрөк уулубуз менен сыймыктанабыз.

*Каратай аба*
*Айылдын уулу аксакалы*

## "КЛАССТА КЛАССКОМ ЭЛЕ"

-Мен Насирдин менен 9-10-класста чогуу окудум. Мектепте тартиптүү, өтө зирек, аракетчил, намыскөй, өзүн таза, тыкан алып жүргөн, класстын класскому болчу. Бир да жолу бирөө менен урушуп, катуу айтканын көргөн жокмун.



Ал кезде Союздун талабы күчтүү эле. Жайкы эс алууда чөп чабыкка, күзүндөсү пахтага барчубуз. Насирдин ошол жерде да үлгүлүүлүгүн көрсөтүп, биринчилерден болуп, планды ашыгы менен толтурчу. Жакшы адамдардын өмүрү кыска болот деген чын беле. 48 жаш кырчын курагында бул дүйнө менен кош айтышып кете берди. Адамдын оюо кайда гана кетпейт. Кээде мен Насирдиндей эл үчүн иштеген патриот, калыс, чынчыл ишмерлер көп болсо, Кыргызстанда жашоо башкача болмок беле?. . деп көп ойлойм.

*Калбай ЖААНБАЕВ,*
*классташы.*

## «МУЗЕЙИН ТҮПТӨӨ КЫЙЫНГА ТУРДУ»

-1995-жылы Ташан Казыбаев демилге көтөрүп, тууган- уругун, жоро-жолдошторун аксакалдарды чакырып сүйлөшүүлөр жүрүп олтурул, натыйжасында ушул музей түзүлгөн. Албетте, музей ачып, ага жетиштүү материалдарды жыйноо оңойго турган жок. Насирдин Исановдун сүрөттөрү, колдонгон буюмдары Бишкекте болгондуктан ал жакка барып, таап алып келүү бир топ кыйынчылыктарды жараткан. Башында өкмөт тарабынан бир аз жардам болгону менен учурда эч кандай көмөк жок. Бул үчүн айлык акы албай, агабыздын арбагы ыраазы болсун деп иштеп жатабыз. Ушул мектепте окуп кеткен, 1964-жылы туулган айылдаштарыбыз колдоо көрсөтүп, музейдин ичине Исановдун бюстун орнотуп беришти. Кудай буюрса, музейдин имаратын кеңейтип, керектүү жабдыктар менен камсыз кылуу пландары бар.

*Бекболот КАЗЫБАЕВ,*
*Н. Исанов атындагы орто мектебинин*
*мемориалдык музейинин жетекчиси.*

## ЭЛДИН ЖҮРӨГҮНДӨ САКТАЛЫП КАЛАТ

Жакшы адамдар жөнүндө алардын жасаган алгылыктуу иштерин айта берсең, жаза берсең сөз да, убакыт да жетпейт. Ошондой инсандын бири Насирдин Исанов десем жаңылбаймын. Мен окууну бүтүп келип, ошол кездеги Көк-Бел селсоветинде эсепчи болуп иштеп калдым. Ошондон баштап эле мен бул инсан жөнүндө жакшы кеп-сөздөрдү угуп калдым. Менден бир жаш улуу экен. Насирдин Исановду көргөн билген ким болсо да ал жөнүндө мактоо гана сөздөрүн айтар эле. Жакшынын өмүрү кыска дегендей өз ишине берилип чын жүрөгүнөн эли үчүн күйүп бышып иштеди. Алтын чырынын айынан капилет жерден каргашага кабылды. Өмүрү гүлдөп турган мезгилинде бул жашоо менен кош айтышып алтындын курманы болуп кете берди. Калың кыргыз элин кайгырган кара туманы каптаган боюнча кала беришти. «Өмүр бизден өтүп кетсе эл эмгектен эскерет»,- дегендей анын жаркын элеси Кыргыз элинин жүрөгүндө сакталып кала берет. 80 жылдык эскерүү аземин элибиз, тууган урук, жакшы санаалаштары мамлекеттин кызматкерлердин коштоосунда өткөрүлүүдө. Улуу инсан Насирдин Исановдун жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун. Ал кишинин арбайына арналып курандар окулсун.

*Турдубаева Патилла,*
*эмгек ардагери.*



# ЭЛ УУЛУН ЖАКЫНДАРЫ ЭСКЕРИШЕТ

## АЛ АКТЫКТЫ, ТАКТЫКТЫ ЖАКШЫ КӨРЧҮ.
## (Жубайы Бүзийнаттын эскерүүсү)

Биз Насирдин экөөбүз жаш тыгыбыздан эле бири-бирибизге көңүлүбүз түшүп. Жогорку окуу жайын аяктагандан соң турмуш жолуна сапар тартып, түндүгүбүздүн түтүнүн булатып, коломтобуздун отун жандырып үй-бүлөлүк бактылуу күндөрдү баштаган элек. Насирдин окуучулук кезинен эле уяң, жоош, ашыкча сөз сүйлөбөгөн, ар дайым орду менен сүйлөп окуусуна жакшы көңүл буруп, бардык дитин окууга гана коер эле. Окуу жайга да өз күчү менен өтүп, жакшы окуп бүттү. Анан жумушка орношту, иштеген күндөн баштап эле ишине жоопкерчилик менен карап, чын дилинен берилип иштеп жүрдү. Кайсыл кызматтарда иштебесин аларга да өзүнүн ак ниет эмгеги менен жетти. Ушунчалык ишине берилгендиктен балдарыбыз кичине кезинде эртелеп туруп, балдар ойгонгончо кетип, кеч балдар уктап калганда келчү. Кээде эки -үч күн балдар менен сүйлөшө албай калган күндөрү да болчу. Бирок үй-бүлөгө өтө камкор эле, балдарына мээримдүү ата болчу. Эч кимисине ачууланып катуу сүйлөөчү эмес. Мага да аяр мамиле кылып сыйлап турчу. Тууган-урук досторго да жакшы мамиледе болор эле. Бирге иштеген коллективи менен да бир туугандай мамиледе болуп сыйлашып турушчу. Бир нерсени алайын жулайын деген ойдон такыр алыс болчу. Жада калса айлыбызга өзүбүз үчүн үй да салып албадык. Бардык дитин ак иштөө, ак жашоо деген гана принцип менен жашап жүрдү. Кыргыздын алтынын коргоймун деп жүрүп кырчындай күлгүн курагында бул жашоодон кош айтышып кете берди. Аттиң арман, канчалаган максат тилектери ишке ашпай өзү менен кошо кете берди. Ошондуктан кыргызда бир кем дүйнө деп айтылат турбайбы. Жашоо токтоп калбайт тура,



Тирүүлөрдүн жашоосу улана берет экен. Ичиң толо күйүт, арман менен толуп, күндөр күнгө, жылдар жылга жалгашып мезгилдин дөңгөлөгү айланып, убакыт алга жылганы менен, жүрөктүн жарасын, көңүлдүн бөксөөсүн эч ким, эч нерсе толуктай албайт экен. Аргасыз Алланын буйругу деп коюп өзүндү-өзүң алдоо менен өмүрүң өтүп, турмуш сапарын улана берет турбайбы. Жакшы адамдын өмүрү кыска болуп, Аллага жакын болот дейт экен. Мүмкүн ушул айтылган чын чыгаар деп ойлоп кетем. Насыкемдин жаткан жери торко болсун, жараткан жаннат төрдөн орун берсин. Ушул эскерүү аземин уюштуруп жаткандарга, аны демилгелеген Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Жусуп Коргонбай уулуна, Президентибиз Садыр Жапаровго, жалпы эл иш-чараны уюштуруп жаткандарга үй-бүлөбүздүн, туугандарыбыздын жана жеке өзүмдүн атымдан терең ыраазычылык билдирүү менен чын жүрөгүмдөн чыккан ыракматымды айтып кетемин. Бардыгына Алла ыраазы болсун. Иштериңерде ийгилик коштоп кызыр жылоолосун. Заманыбыз тынч, элибиз эсен болсун. Ылайым эл арасынан Насыкенин бүтпөй калган иштерин уланткан эр-азаматтар чыксын. Кыргыз элим кыйналбай, бардар турмушта жашап, жерибиз гүлдөп өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кошулсун.

## АТАМДЫН ӨРНӨКТҮҮ ТАЗА ӨМҮРҮ ТАРЫХТА КАЛДЫ
## (Кызы Мария Исанова атасын эскерет)

Атабыз биз үчүн кол жеткис өтө бийик таянар тообуз эле. Биз эли урматтап сыйлаган, ак жүрөк, чынчыл, өз ишине чын жүрөгүнөн берилип иштеген, өз көмөчүнө күл тартпаган, туура жол менен гана басып, элинин жүрөгүнөн орун тапкан, кичи пейилдиги менен улуу кичүүгө жаккан

кыргыз журтуна таанымал инсан атабыз менен ар дайым сыймыктанаар элек. Ушундай инсандын балдары болуп калганыбызга Аллага ыраазы болуп, шүгүр келтиребиз. Атабыз биз үчүн өтө камкор эле. Жумуштан эртерээк келип калган болсо биздин сабактарыбызга көңүл бөлүп, бизге акыл-насаатын айтып, эл сүйгөн жакшы адам болушубузду, сабактарды жакшы окуп келечекте бир кесиптин ээси болушубузду көп айтар эле. Атабыз бизге өтө майин мамиле кылып, сылык-сыпаа сүйлөчү. Катуу сөз айтып биздин көңүлүбүздү оорутуп, бир да жолу капа кылган адам эмес болчу.

Бизди жогорку окуу жайлардан окутту. Билимдүү адам болушубузга акыл кеңештерин айтып турар эле. Биздин атабыздын мүнөзүндөй мүнөз эч кимде жок болсо керек деп ойлоп кетем.

Исан чоң атабыз жакшы адам болгонун кошуналары кеп кылып айтышар эле. Чоң атабыздын жакшы тарбиясын алган атабыз, ушундай эл сүйгөн, эл суктанган адам болуп калганына түз таасирин тийгизсе керек. Баарынын эле ата-энеси өздөрүнө кымбат, албетте, бирок биздин атабыз сейрек жаралчу адам экени талашсыз. Атабыз капилеттен каргашага учурап, алтындын курманы болуп, аргасыз ажалга баш ийип, арабыздан кеткени, таянган тообуз урап, ай талаада калган тайлак сымал боздоп калбадыкпы. Өзөгүбүз өрттөнүп, жүрөгүбүз жалынсыз күйүп, кайгынын кара туманы каптап, жаныбызды коерго жер таппай, боздоп-сыздап отуруп калдык. Өйдө-ылдый чуркадык, бирок биздин үнүбүз да, алыбыз да эч нерсеге жеткен жок. Ошондо гана алсыз пенде экенибизге көзүбүз жетти.

Бардык ишти бир Аллага гана тапшырдык. Ким кара санатайлык кылса, бул дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да жазасын алар деп «арманыбыз аттын башындай» болуп кала бердик. Атабызды жайына жөнөтүп коюшуп,



кыргыздын алтынын каалагандай калчап пайдаланышты. Бирок байлык менен бийликтин түбүнө эч ким жеткен эмес, түбөлүктүү да эмес. Атакебиз ак иштеди, аз иштеди, саз иштеди. Өмүрү өрнөк болуп, тазалыгы, ак жүрөктүүлүгү менен тарыхта калды. Баскан байсалдуу жолу кийинки жаштарга үлгү болду.

Атабыздын жашоодон эрте кеткенине ичибиз күйүп өкүнсөк дагы эли сүйгөн, эли урматтап сыйлаган инсан болгону менен сыймыктанабыз. Ал киши бүтүрө албай кеткен иштерин кийинки муундар, кыздары, балдары бүтүрүүгө аракет кылып жатабыз.

Убакыт закымдап өтүп атабыздын жашы 80ге барып калыптыр. Көзү өтсө да эли үчүн, өлкө үчүн жасаган ак эмгеги бааланып мамлекет башчыбыз өзү баш болуп, эскерүү аземин өткөрүп берүүгө аракет жасап жатышканына, биз, үй-бүлөбүз менен чын жүрөктөн терең ыраазычылык билдирип, рахматыбызды айтабыз. Эл сыйлаган улуу инсан Насирдин атабыздын жайы жаннатта болуп, бейиштин гүл бакчаларынан орун берсин Аллахым.

Жакшы адамдын жаркын элеси, эмгеги элинин жүрөгүндө сакталып, тарых барактарынан окулганы улуу көрүнүш. Биз ушул жагдай үчүн да дайым сыймыктанабыз. Атабызды эскерген, эстеген карапайым калың элибизге терең ыраазыбыз.

## «МОСКВАГА ЭЭРЧИП АЯБАЙ ЫЙЛАГАМ»

Агамды эстеген сайын жүрөгүм ооруйт. Кабырга өз колум менен жаткырдым. Акыркы кирпичти койгончо тирилип кетээр бекен деген чоң үмүт менен турдум. Биринчи, экинчи күндөрү чачы кара бойдон туруп, үчүнчү күнү агарып кетти. Өз ажалы менен кеттиби же саясий өлүм

болдубу, колдон эч нерсе келбегенден кийин Кудайга салдым. Агам жөнүндө айта берсе сөз түгөнбөйт. Абдан эмгекчил, боорукер, кичи пейил эле. Үй-бүлөдө 3 уул 1 кыз болчубуз. Мен кенжеси болгондуктан эрке өстүм. Бир кыз үчүнбү, эжемди да аяп турар эле. Апама: "Бу чаначыңыз сууга барбай эле койсун, мен алып келем",- деп бакандьі ийинине илип алып, топ кыздар менен суу ташып келчү. 2-классымда ал Москвага окууга жөнөп жатканда артынан ээрчип аябай ыйлагам. Мени кыялбай кайра-кайра чуркап келип бетимден өөп, бооруна кысып акырын басып кеткени эсимде. "Болоор бала жашынан" дегендей, азыр ойлосом, агамдын ким болоору бала чагында эле билинет экен. Андан иш качып кутулчу эмес. Аз өмүрүндө баарын жасап кетти. 7-8-классында эчки союп, анын ичегисинен комуздун кылын жасап, өз колу менен өрүктөн комуз чаап, ага тагып, күүгө салган. Күндүзү үйдө жумуш кылса, түндөсү элге кино койчу.

Жумуртка сатып окуу куралдарын алып, ата-энеге түйшүгүн артпаган жан эле. Менин боюм жетпей турган жерге текче жасап, китептерин коюп койчу. Канча тентектик кылсам да мага такыр катуу тийчүү эмес. Бир жолу сабакка барбай койсом, сарайдын жанында үйүлүп турган тикендүү карагайдын үстүнө ыргытып жиберген. Бир ирет шаардан келип: "Үкам кыш куй",- деди. Ошентип мен кыш куюп, экөөбүз адамдарды чакырып, ашар жолу менен жашап жаткан үйүбүздү курганбыз. Шаардан келгенде ак көйнөгүн чече салып, шымаланып дароо жумушка аралашчу. Чынында кара жумушту катыра жасачу. Мындан 150 жыл мурда Султан деген абдан акылдуу, иштерман, чынчыл, адамдык сапаты бийик бабабыз өткөн экен. 150 жылдан кийин ошондой болуп Насирдин агам жаралыптыр. Эми мындай инсан болобу, болбойбу ал белгисиз. Чынында мындай адамдар чанда болот да. Агам аз



жашаса да кеп иш жасап кетти, мен ошого сыймыктанам. Агамдын басып өткөн жолу бизге өрнөк болуп калды.

*Абдырашыт ИСАНОВ,*
*бир бир тууган иниси.*

## «ИШТИН КӨЗҮН БИЛЧҮ»

- Насирдин акем институтта окуганда мен 7-класстын окуучусу элем. Кичинекей балдарды абдан жакшы көргөн, боорукер, зээндүү, аз сүйлөп, көп иш кылган кайталангыс жан эле. Дайыма кандай кырдаал болбосун күлүмсүрөп, жайдары жүрчү. Бир нерсени сурасаң эринбей жооп берип, үйрөткөндөн чарчачуу эмес. Чоң-кичине дебей ар бир адамга кылдат мамиле жасаганына суктанаар элем. Кандай гана иш болбосун майын чыгара жасап, устачылык кылып, комуз чертип ырдачу.

Бир ирет Насир акем экөөбүз сарай салып жатканбыз. Сарайга коюлчу жыгачтар арчадан экен. Ошондо оңой менен мык өтпөгөн арчага мыкты кагып, көргөндөрдү таң калтырган. Ырасында, иштин көзүн билген, эмгекчил, сабырдуу адам эле раматылык акем.

*Абдыкадыр ИСАНОВ,*
*иниси,*

# ТУНГУЧ ПРЕМЬЕР МИНИСТР ЫР САПТАРЫНДА

**АТЫҢЫЗ ТҮБӨЛҮККӨ ЖАШАЙ БЕРЕТ**
**(Н. Исановдун жаркын элесине арналат)**

Аттиң ай окуганда арман ырды,
Жүрөгүм аянычтуу сыздап турду.
Көзүмдөн мөлтүр толо жаш куюлуп,
Көтөрө албай турам мен кайгың-муңду.

Оор басырык, жаркын мүнөз периште,
Окшоштурам мөмөлөгөн жемишке.
Шум ажалдын өкүмүнө баш ийип,
Кеттиңизби бакыт издеп бейишке?

Бул жалгандан чыкпады деп эч пайда,
Чындык издеп кеттиңизби тигил жайга.
Алтын жаштык, өмүрдү артка таштап,
Неге мынча шашылдыңыз деги кайда?

Шыңга бойлуу керилген сының кетти,
Ачылбай жан дүйнөңдө сырың кетти.
Жаштыктын чагылгандай жарыгы өчүп,
Айтылбай ичиңизде муң-зар кетти.

Барыңызда барктап тонду жаппай калдык,
Ишиңизге кылгансып ичи тардык.
Жалп этип арабыздан өчкөнүңдө,
Жабылып ыйласак да таппай калдык.

Күн өтүп, айлар агып, жылдар жылып,
Жатасыз жер кучактап муңга тунуп.
Досторуң түгөл жүрөт ойноп-күлүп,
Сиз болсо жоксуз азыр гүлдөй сынып.



Оо дүйнөгө кокус кетип сабалап,
Дос, туугандын жүрөктөрүн жаралап.
Чын дүйнөнүн шам чырагын тамызып,
Жүрө бериң бейиш гүлүн аралап.

Жарк этип күндөй күлүп жарык таңда,
Кыргызда сиздей чыгат кылымдарда.
Атыңыз түбөлүккө жашай берет,
Кыргыз деген касиеттүү калкың барда.
Кыргыз деген касиеттүү калкың барда.

*Эгемберди Ороков.*

**НАСИРДИНДИН БИЙИКТИГИ ӨЗҮНДӨ**

Насирдиндин бийиктиги өзүндө,
Намысында, акылында, сөзүндө.
Көңүлүнөн түнөк таап муундардын,
Кош айтышып кете берди бейкүнөө.
Көтөрүлбөй көңүл кургур суз тартып,
Көзүң жумдуң муун-жүлүндү муздатып.
Кош айтышып күтүүсүздөн кетишиң,
Көкүрөктү ачыштырды сыздатып.
Шум ажал жан аганы эрте алды,
Элеси эстен кетпей элде калды.
Баарына күбө болчу тагдыр өзүң,
Кокуй ай, албай турган пенде барбы?!
Бийлигинен өздүк пайда кылбаган,
Билимине, таалимине таң калам.
Залкарлыгын, айкөлдүгүн ар качан,
Кыргыз эмес, татар дагы сыйлаган.
Кара кылды как жарганга сүйүнүп,
Күнүмдүккө күл тартпадың күйүгүп.

Өрнөк болуп өмүр жолуң, басканың,
Өрүш алып барат эске түйүлүп.
Сезиминде чоң-кичине балдардын,
Батасында ак сакалдуу чалдардын.
Кыска өмүрү арман ырга айланып,
Калктын уулун жоктоп турат катарың.
Көк-Белиңдин карааны элең, акылы элең,
Төп келип төрт тарабың Кудай берген.
Ачып берди айкелиңди Асан иниң,
Атпай журттун сезиминде ал маараке ң!

*Ташан КАЗЫБАЕВ,*
*Ноокат районундагы Н. Исанов атындагы*
*орто мектептин мугалими.*

## ЭСТЕН КЕТПЕЙТ ЭЛЕСИҢ

Жакшы адамдын өмүрү кыска деген,
Айтылган сөздөр чын белем.
Аттиң ай, бул дүйнөдөн эрте кетти,
Асыл адам Насирдин байкем.
Баскан турганы абдан жөнөкөй,
Сезчү эмес, өзүн төрөдөй.
Адамдарга бирдей мамиле жасап,
Адаты жок эле бой көтөрмөй.
Чындыкты дайым сүйлөгөн,
Кошоматчылыкты эч бир сүйбөгөн.
Көрсөтчү өзүн ар качан,
Аткарган иштери менен.
Басып өтүп, бийлик баскычын,
Бардык иштин тапты ачкычын.
Ак иштеп аракет жасап,
Алды элден ыраазычылык алкышын.



Сүттөй таза жан эле,
Таза, абийирдүү болууга үндөгөн.
Сырткы, ички жан дүйнөсү төп келген,
Кыргыз жоктур, аны билбеген.
Туура берип тарбияны,
Өстүрдү Алмаз менен Марияны.
Экөө тең колго алды,
Ата жолун улантканды.
Чөнтөгүн толтурууну билбеди,
Күнү-түнү тынымсыз иштеди.
Элим, жерим деп жүрдү,
Эмне? Эрте кетишин билгенби?
Бүт кыргыз эли тааныган,
Абийири таза, асыл адам.
Эл мүлкүн элге сактайм деп,
Өз өмүрүн курмандыкка чалган.
Алла Таала берип ыраазылык,
Бейиштин төрүнөн орун берсин.
Сиздей алтын адамды,
Унутпайт түбөлүккө эли-жерин.
Эстен кетпейт элесиң,
Элиңдин эсинде кала берсин.
Өзүңдүн өлбес эмгегиң менен,
Жаштарга өрнөк бересин.

*Молдош Сыдыков,*
*Кек-Бел айылы.*

## АЙКӨЛҮМ, КӨЙКӨЛҮМ КАГЫЛАЙЫН КӨК-БЕЛИМ

Улуу инсан Насир аганы эскерүү
Кооздугуңду айтып болуу кыйын да,
Атың Көк-Бел жериң Көк-Бел чынында.
Суусуз деле жоготпойсуң көркүңдү,
Жараткандын белгисиз бир сыры да.
Мынча көркөм мынча сулуу жараткан,
Көктө булут термелгенсип бараткан.
Кубулжутуп сайрап турган куштарың,
Көөдөндөгү көңүл чериң тараткан.
Таң сүрүлсө күн шооласы чачырап,
Тоолорунда мөңгүлөрү жалтырак.
Тунук булак даамын татып көргөндө,
Кайталангыс кереметин калтырат.
Кереметтүү ушул кымбат жеримден,
Касиеттүү уулдар чыкты керилген.
Эли үчүн жери үчүн ойлонуп,
Эмгектенип чын жүрөктөн берилген.
Ак эмгегин арнап дайым элине,
Кызмат кылды Насир акам жерине.
Иштеп турса суу келтирет деп жүрүп,
Арман болду бүгүн Көк-Бел элине.
Аттиң арман өмүрүнүн аздыгы,
Тагдыр сизге ушул күндү жаздыбы?
Достор менен бирге жүрөр кезинде,
Уулун жоктоп эли-журтуң калдыбы?
Жаштар чыксын ага жолун жолдогон,
Өзүн эмес эл тагдырын ойлогон.
Сиз сыяктуу улуу инсан чыксын деп,
Мен ар дайым мына ушуну ойлоном.

*Байтокоева Гулжамал Салиевна*



## АЛ КАЙРАДАН ЧЫН ЭРКИНДИК ТАҢЫ АТКАН

Көз ачканда жаның турган болуп от,
Көралбаска так сайылган болуп ок.
Исановдой кыраан уулуң ар дайым,
Кыргыз барда дале жанат алоолоп.

Жаралганда таң болуп жаңы аткан,
Салкын желиң эркелетет сылап чачтан.
Насирдин деп атап койгон аты үчүн,
Ал кайрадан чын эркиндик таңы аткан.

Тайманбастан элге арнап жүрөктү,
Турмуш ага көп нерсени үйрөттү.
Каршы сөзүн укса дагы көптөрдүн,
Тээ тоолордой бекем коргоп күзөттү.

Каран түшкөн ошол күнү элине,
Бороон-чапкын, шамал согуп демиге.
Насирдиндей уулун жоктоп бул тоолор,
Мөлтүлдөтүп жашын төгөт кериле.

Күзөтчүдөй көзүн албайт чубашып,
Тегеректейт колуна-кол улашып.
Белден сынып шылк дей түшкөн кишидей,
Тоолор коштойт улуу сөздөр курашып.

*Маматали кызы Букалча.*

**СИЗДЕЙЛЕР ЭЛДЕ, САНАЛУУ ГАНА. . .**

Көңүлдүү иштеп калайык калкка,
Көрүндүң эле далай бир журтка.
Ак көңүл сиздей эмгекчил адам,
Жаралат экен саналуу гана.

Көрө албас душман бар беле, ага,
Көз артып сага тар беле, ага.
Азгырып сени жолуңдан, ага,
Кырсыкка шылтап кылдыбы таба.

Кырсыктан уулуң өлдү деп, ага,
Элиңе кабар угулду ага.
Укканда бардык элимдин, ага,
Көзүнөн жашы куюлду, ага.

Кокустан кырсык болдубу, ага,
Душмандын көөнү толдубу, ага.
Чымындай жаның чыркырап, ага,
Оо дүйнө керек болдубу сага.

Уулуңда көңүл болбоду, ага,
Уктабай сизди ойлонуп, ага.
Ата деп, ыйлап таба албай, ага,
Курчады аны күтпөгөн санаа.

Кызыңдын жашы тамчылайт, ага,
Айталбай сыздайт арманын сага.
Күйүттүү арман басылбай, ага,
Сезимде калды дабасыз, ага.



Апаңыз калды айрылып, ага,
Айласыз сыздап кайгырып, ага.
Армандуу кошок кошуптур, ага,
Ажалга аттиң жок экен арга.

Жамгырдай төгүп көз жашын, ага,
Жубайың калды жамынып кара.
Жумуштан келип калса деп азыр,
Жолуңду карап күткөнсүйт, ага.

Досторуң сени сагынды, ага,
Келсе деп самайт бир жолу гана.
Кетипсиң келбес өтө узак сапар,
Көрөөр күн аттиң шул беле, ага.

Таарыныч барбы тагдырга ага,
Тууганың калды жолукпай канча.
Мүрзөгө сөөгүң коердо, ага,
Тарткысы келбей топурак сага.

Топурак торкоо болсо дейм, ага,
Тозокту билбей өтүңүз, ага.
Жаткан жер жайлуу болсо дейм, ага,
Алыңыз орун бейиштен гана.

*Бүайша АЛЫМСЕЙИТОВА.*

## НАСИРДИН АГАНЫ ЭСКЕРҮҮ

Арбактардын атына куран атап,
Өлгөндөрдү эскерүү жакшы адат.
Журту үчүн эмгек кылгандарды,
Жүрөлү унутпастан дайым барктап.

Табиятта кыянат кылбайт адамдарга,
Арамдар баштайт жаман кадамдарга.
Кези келсе эккен эгин мөмө берет,
Эр эмгегин жебейт бул ааламда.

Чындык өчпөйт, баскан из өчпөйт,
Жакшынын туурунун күнү бүтпөйт.
Бир күнү эскерилет жетип кезек,
Бизде бары, колдо бары бaркталат.

Көзү барда баалап, аны сыйлаган,
Байкатпай арттан туруп тээп.
Мезгил өтсө коебуз атын атап,
Улуу инсан айланып калса шейит.

Жан ачытпай кантип барасың бейитке,
Өмүрүн жеткирип коюп чегине.
Жакшылардын жолун тороп тизгиндеп,
Жакындарын салып коюп кейишке.

Жоголдубу киши артынан бычак ургандар,
Жүрөлүчү суранам адамдарды кадырлай.
Шейит болуп бул жарыктан кеткендин,
Атын атаса арбагы ыраазыбы дейсиңби.



Киши колунан өмүр чегине жеткендер,
Арман менен аргасыздан өткөндөр.
Айыптуулар өз азабын билишсин,
Баш көтөрүп арбак кирсинби.

Жакшыларды колдойбуз ар тараптан,
Чыныгы патриот инсандарды,
Жеңилбес чоң күч болуп кошулуп,
Ойлонолу наадандарды четке сүрүп коюну.

Жакшылык менен жамандык кезектеш,
Ар бир өткөн күнүң менен эсептеш.
Бул дүйнөгө келиш оңой, кетиш кыйын.
Бекер өткөн өмүрдүн баасы сокур тыйын.

## НАСИРДИН АГАНЫН СӨЗҮ

«Жанымдай сүйүп эли жеримди,
Жүк көтөрүп кызмат кылчумун.
Чекесине чаң жугузбай абайлап,
Аздектеп дайым жүрчүмүн.

Элиме келер жоо болсо,
Жолунан өзүм тосчумун.
Ооруну жеңил кылууну,
Жүрөктөн каалап турчумун.

Колумда бийлик турганда,
Ашыктым көптү кургaнга.
Тамырыма балта чапты,
Ишенип болбойт тууганга.

Ичи кара душмандар,
Үлгүрдү мени кууганга.
Бүтпөй калып иштерим,
Дүйнөдөн кеттим эртелеп.

Бир кырсыкка кезигет,
Мендей кыргыз атуулу.
Бул дүйнөгө көп келет,
Биздин ишти улантып.

Кыргызыма дем берип, өчпөйбүз,
Биз тирүүбүз ар качан».

*Буажар Салиева*

## Н. ИСАНОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИНИН ЫНТЫМАКТУУ КОЛЛЕКТИВИНЕ

Бул мектептин коллективи ынтымак,
Билим үчүн баары алга ынтылат.
Бирин-бири урматташып сыйлашып,
Жүрүшүүдө кетишпестен тыркырап.

Алла берип, ынтымакты ырысты,
Бириси да ойлоп койбойт урушту.
Болгон күчтү жумшасак деп балдарга,
Баарысы тең, ишке көңүл бурушту.

Эже-агайлар жакшы окутса сабакты,
Жакындатпай жалкоо деген адатты.
Мына ошондо ийгиликтер жаралып,
Ар бирине жакшы иштөөнү саматты.



Жетекчинин сөзүн угуп баарыңар,
Иштейсиңер жетишинче алыңар.
Уят болбой алкыш алып ишинен,
Алдыга озуп чыкканыңар дагы бар.

Эң кыскасы бир-бириңен калышпай,
Келесиңер алга карай арыштай.
Бир жакадан баш чыгарып акырын,
Ынтымактуу жүрөсүңөр талыкпай.

Ынтымактуу болгон жерде ийгилик,
Болот экен кандайлыгын билдирип.
Кол чыгарып бардыгы тең бир жеңден,
Эмгектенет билектерин түрүнүп.

Бириң тилден, бириң ырдан үйрөтүп,
Бириң физик, бириң химик сабагын.
Бириң чет тил, бириң эсеп чыгарып,
Аалам сырын, орус тилден сүйлөтүп.

Бириң биолог, бириң берип тарыхтан,
Бул сабактар кылымдарды карыткан.
Жаратылыш, анатомия, черчения,
Силерсиңер бардыгын тең багынткан.

Ыйык кымбат ар бириндин кесибиң,
Байланышкан ишиңерге насибиң.
Эмгектенип майданында агартуу,
Ачкан күндөн мектебиңер эшигин.

Чымырканып иштешине чын дилден,
Менин каалоом силер үчүн билдирген.

Баарыңарга каалаганым жакшылык,
Атыңарды айтпаймын мен бир бирден.

Алкыш менен сыйга толуп артыңар,
Күндөн күнгө арта берсин баркыңар.
Алгылыктуу ишиңерге аткарган,
Урматтасын касиеттүү калкыңар.
*Мырзабаева Назикан.*



# КИТЕПТИ ТҮЗГӨН ЖАНА ДАЯРДАГАН АВТОРДУН НАСИРДИН ИСАНОВ ТУУРАЛУУ ЖАНА ЖАКЫНДАРЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ОЙ-ПИКИРЛЕРИ, ПОЭТИКАЛЫК САПТАРЫ

## ТӨГӨРӨГҮ ТӨП КЕЛГЕН ИНСАН ЭЛЕ

Угулган суук кабар, ар бир эле уккан адамдын жүрөгүн зырп эткирип, эрксизден кайгырууга мажбур кылат эмеспи. Ушул каргашалуу суук кабар угулган күнү, биздин үйдө досторубуз менен чогулуп сый-конок болуп жаткан элек. Бир убакта эле эшиктен кирген достордун бири кайгырып эле кирип келди.

«Аябагандай жаман иш болуптур. Насирдин Исанов авариядан каза болуптур»,- десе болобу. Ошол суук кабарды уккан кезде денем муздак суу сепкендей дүр деп, жүрөгүм ток ургандай зырп этип, сөзүм оозумдан түшүп, селейген бойдон нес болуп туруп калыпмын. Достор баары кайгырып, кейип отурушубуз бир заматта кайгыга айланып калбадыбы. Ошондогу баарыбыздын кейип сай сөөгүбүз сыздаганы, бир эле биз эмес, бүткүл кыргыз эли кайгыга батканы күнү бүгүнкүгө чейин көз алдымдан кетпейт. Көк-Бел деген жерди жердеп, түптүү элдин арасынан аттын кашкасындай болуп таанылып чыккан, көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, инженер куруучу, Кыргыз Республикасынын вице-президети, Кыргыз Республикасынын туңгуч премьер-министри, экономика илимдеринин кандидаты, мурдагы СССРдин инженердик академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын эл депутаты Насирдин Исановдун кайгылуу өлүмү ушул кезге чейин эл-журтка табышмак бойдон калып келүүдө. Кыргыз эли бир түркүгүнөн ажырап, бир ак шумкарынан айрылып, кыргыз жерин кайгынын кара туманы каптабадыбы. Авария болсо эмне үчүн бир эле Насирдин Исанов өлөт дагы, Американын жан алгыч сакчысы экөө, машинаны айдаган шофер үчөө тең эч нерсе болбой аман калышат. Американын жан алгыч сакчысы менен кошо ошол эле учурда премьер-министрди тиктеп да койбой туурага карап басып кетишет да, Андижанга барып өз өлкөсүнө учуп кетип калышат. Ошол мезгилдеги коопсуздук кызматы эмне үчүн ошол чет элдик жан алгычтарды кармашкан эмес? Министрдин өлүмү тууралуу кабар жетери менен аларды кармап сураш керек болчу дешет элдер. Ушул жерде бир жашыруун сыр жатканын жалпы эл-журт билсе дагы бийликтен коркуп эч ким ачык айта алышкан жок. Ким жамандык кылган болсо, ошону кудай өзү жазаласын деп кудайга гана салып коюшуп жүрүшпөйбү.



Буйрук кылган адамдарды кудай өзү жазалап жаткандыр балким. «Эмне үчүн»-деген суроонун жообу али күнгө чейин табышмак бойдон келүүдө. Насирдин Исанов Кыргызстандын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү милдеттерин чечүүдөгү кызматын аткарып жүргөн учурда, каргашалуу окуяга туш болуп калбадыбы. Аттиң арман бири кем дүйнө мындай болорун кайдан билсин байкуш гана агабыз. Үч күн эле мурун Швейцарияга барып келишкен экен Президент А. Акаев экөө. Ошол жактан келгенден кийин эле эмнегедир бир нерсеге тынчсызданып, ойлонуп, капалуудай болуп жүргөнүн жеңебиз байкаган дагы, бирок оозу барып, батынып сурай алган эмес тура. «Эмнеге минтип жатканын бир күн өзү айтар»,- деп сурабай калганына эмдигиче өкүнгөнүн жеңебиз айтып арман кылып жүрөт дешет. Швейцарияда «СИАБЕКО» фирмасынын адамдары менен жолугушуп, алтынга кол коюуну сунуштаган кезде, биздин премьер-министр макул болбой койгон экен.

Чындыгында авария деле болгон эмес дешет, анын жасатын жууган туугандары. Бир гана мойну токтобой калыптыр, башка эч жери чийилген дагы эмес экен. Бирок кыргыздын бир чыгаан уулунун өмүрүн кыйып, кыргыз элине кайгы капаны, өкүнүч арманды алып келсе дагы, кыска бирок нуска өмүрүндө кыргыз элине, кыргыз

мамлекетинин түптөлүшүнө аябагандай Ала-Тоодой эмгек жасап, өз салымын кошуп, өмүрү кийинки муундарга өрнөк болуп калып, ыйык ысымы түбөлүккө өчпөй турган болуп, алтын тамгалар менен тарых барактарына жазылып калган бул улуу инсан кыргыз элинин жүрөгүндө сакталуу бойдон кала берет. берет. |

Бүтө албай ишин армандуу кетти,
Кекенген душман түбүнө жетти.
«Жакшынын кыска өмүрү деген»
Аргасыз айттык кыргызда кепти.
Аргасыздан башын ийди ажалга,
Аша электе элүү жаштын дабанын.
Эли-журтун колдоп турсун дайыма,
Жаткан жери жайлуу болуп агамын.
Аттиң арман кыска экен өмүрү,
Ак эмгектин көрбөй кетти үзүрүн.
Ийне менен кудук казган күндөрү,
Эми гана берген кезде түшүмүн.
Ак эмгегин ким жумшаса элине,
Түгөнбөгөн үрөн себет жерине.
Көрүп туруп ынанасың аргасыз,
Элибиздин айткан ушул кебине.
Ошол үрөн инилери иштеген,
Ак эмгектен таттуу нанын тиштеген.
Жолун жолдоп улантышып келатат,
Насикенин калган ишин бүтпөгөн.
Өмүр жолу өрнөк болгон бул инсан,
Кыргызстанды жүрөгүнөн түптөгөн.

***

Жашоодогу кымбат адам дос тура,
Ынак достук далил болот ал буга.
Ичиндеги сырыңды айтып сырдашып,



Жеңилдейсиң жан аябас курбуңа.
Достун дагы ар кандайча түрү бар.
Окурманым аны жакшы билип ал.
Кээси бийлик, кээси байлык үчүндүр,
Кээ бир достун ар түрдүүчө тили бар.
Ширелишкен достук болот чыныгы,
Ашып түшүп бир-биринен кылыгы.
Болоттой бек, ширелишип достукка,
Жашоодо көп адамдардын сылыгы.

***

Эринбестен ак эмгекти кылды деп,
Эмгегинен алды карай жылды деп.
Чоң орденди «Эмгек кызыл туу» деген,
Ыйгарыптыр өкмөт өзү белгилеп.
Кайтарылып эмгегинин үзүрү,
Жакшы болуп мээнетинин түшүмү.
Ичкен ашын жерге коюп иш десе,
Өз ишине жумшаптыр бүт күчүнү.
Башкалардай көмөчүнө күл тартпай,
Байлык менен бийлик үчүн көз артпай.
Таза бойдон кете берди дүйнөдөн,
Адам деген ыйык атын бек сактай.
Эл алдында ардакталып, баркталып,
Аткарылган жумуштары такталып.
Ыйгарылды «Ардак белги» ордени,
Ийгиликтүү иштери үчүн макталып.
Чын дилинен эмгектенсе берилип,
Жалкоолонуп жатып албай эринип.
Мына ушундай сый-урматка бөлөнөт,
Күлүк аттай көп ичинен бөлүнүп.
Ак эмгектен чарчабаган талбаган.
Бүт өмүрүн эли үчүн арнаган.

Ичи таза, жүрөгү ак бул инсан,
Сыйлыктарды бекеринен албаган.
Ак кызматы каармандык чынында,
Ал кишиде эс алуу жок тынымга.
Алуу менен «Каармандык» медалын,
Аты калды өчпөс болуп кылымга.
«Эмгекчилде чарчоо жок» дейт кыргызда,
Иши менен ким эстелик тургузса.
Ошол адам аты калып түбөлүк,
Насыкедей окшоп калат жылдызга.
Улуу инсан эмгегинен бак тапты,
Жумушуна эрте барып кеч жатты.
Арабыздан кетип калды эртелеп,
Аркасына таштап коюп жакшы атты.
Өзү кетти аты калды түбөлүк,
Көп иштери болот өзү күбөлүк.
Өмүр бою жүрө берет сакталып,
Жүрөктөрдө соолубаган гүл өнүп.

## НАСЫКЕМДИН ЭНЕСИ

Чыгаан уулдун бул өлүмү табышмак,
Ал энеден качып кетти ырыс-бак.
Зыркыратып сай-сөөгүн жүрөгүн,
Эне жүрдү боздоп ыйлап, чалыштап.

Колундагы ак чынысы чайпалып,
Алай-дүлөй бул дүйнөсү чайкалып.
Эне жүрдү сыздап ыйлап, буркурап,
Кара түндө туңгуюкка капталып.



Баласы эле ак сарайы жарыгы,
Баласы эле денедеги тамыры.
Жарык кылган энесинин жашоосун,
Капысынан өчүп калды жарыгы.

Туягынан эрте ажырап калганын,
Күндөп-түндөп боздоп айтса арманын.
Көз жаш төгүп терс бурулуп кетчү элек,
Карт жүрөктү сакайбас дарт чалганын.

Эне байкуш көпкө жашап жүрөбү,
Эненин да ичер суусу түгөндү.
Бул өмүрүң бир көрүнгөн түш беле,
Токтоп калды канталаган жүрөгү.

## НАСИРДИН ИСАНОВГО

Биз мүрзөңдө көпкө турдук томсоруп,
Ал кырсыкты ар нерсеге бир жооруп.
Жазаларын бир кудайга тапшырып,
Биз кайтканбыз өзүбүздү сооротуп.

Кача албайбыз биз жазылган тагдырдан,
Суук кабар дене бойду муздаткан.
Көкүрөктү ачыштырган аз өмүр,
Жан дүйнөнү, сай-сөөктү сыздаткан.

Сизди эстебей жакындарың калабы,
Бул турмуштун - өкүмүбү аягы.
Жакшы-жаман, өмүр-өлүм тең жүрөт,
Бул жашоонун мыйзамынын талабы.

Инилериң эстеп жүрөт муңканып,
Көздөрүнөн кан аралаш жаш тамып.
Сиз жөнүндө сезимдерде эскерип,
Ак кагазга чиймелешет ыр жазып.

Калк кызматын майтарылбай аткарган,
Калыс жүрүп, кара кылды как жарган.
Таза жана көрөгөчтүк жагыңыз,
Сезимдердин түпкүрүндө баркталган'.

Таза иштеп, эл эмгегин актаган,
Адамдыктын абийир-арын сактаган.
Эл оозунда урматталып айтылып,
Улуу эли иши менен даңктаган.

Бетке айтып, түз жүргөндү жактырган,
Күлкүсү анын чыккан эмес каткырган.
Улууга урмат, кичүүгө сый крсөтүп,
Биримдикти жүрөгүнө жат кылган.

Ата-журттун керегине жараган,
Ар убакта ак иштөөнү самаган.
Басса-турса элдин камын көп ойлоп,
Жакшы жагы эл ичине тараган.

Байлык топтоп өткөрбөдү күндөрдү,
Курган да жок кабат-кабат үйлөрдү.
Шүгүр кылып ырыскыга берилген,
Элден уктук жакшы деген үндөрдү.

Адамдарга сый менен урмат менен,
Бир туугандай мамиле кылды терең.



Алтын, акча жыйнаганга умтулбай,
Жан дилине Кудайым толук берген.

Менменсинип, бой көтөрүп жүрбөдү,
Бирөөлөрчө же каткырып күлбөдү.
Суктанбады дүйнөсүнө бирөөнүн,
Жаштар үчүн үлгү болчу жүргөнү.

Чындыгында тунук эле акылы,
Эң жөнөкөй адам болчу ачыгы.
Бийиктиги, тазалыгы биригип,.
Эл ичинде урмат сыйга татыды.

Урматталат адамзаттын асылы,
Сакталганда абийир-ыйман кыймылы.
Таза иштеп өркүндөтүп рухун,
Өрнөк болду, болду элдин сыймыгы.

Уккан эмес бирөөлөрдүн ушагын.
Ар кызматта тыя билген нысабын.
Ыйман жолу эл уулуна айлантты,
Тунук таза дилин сезип кудайым.

Шүгүр деди дүйнө-мулкко алданбай,
Ак иштеди ач көздөргө жалданбай.
Адам деген ыйык атын сактады,
Тээ, Исхактай, Апсаматтай, Султандай.

Жоготкон жок ыйман-абийир, уятын,
Өрнөк өмүр өткөргөнүн туясын.
Маңдайы ачык, жүзү жарык жан эле,
Кайгырды эли бузган кезде уясын.

Тазалыктын эсеп-чотун тактадың,
Өрнөк болсун жашооң сенин ылайым.
Бардык элдин тилеги ушул Насыке,
Бейишиңе ак жол берсин кудайым.

## ЖЕҢЕМ БҮЗҮЙНАТКА

Бала кезден бирге окуп, бирге ойноп,
Келечекке кенен карап көптү ойлоп.
Өткөрүпсүз окуучулук күндөрдү,
Түбөлүктүү жар болууну сиз болжоп.

Жаштык кездин жалындаган илеби,
Ар бир жаштын энчисине тийеби.
Жылдыздары теп келишип калбаса,
Жүрөк чиркин бирин-бири сүйөбү.

Экөөңөрдүн жылдызыңар төп болуп,
Сезимдеги жанган жалын көп болуп.
Үй-бүлөлүк пайда кылды очокту,
Ынак сүйүү жүрөктөрдө топтолуп.

Түтүн булап, пайда болгон түндүктөн,
Көп нерсени жасоо үчүн үлгүрткөн.
Ынтымактуу өмүр сүрүп экөөңөр,
Кырк тогузда агам үчүн күн бүткөн.

Күлгүн кезде көп иштерди жасапсыз,
Кемчили жок эң бактылуу жашаңыз.
Өз жарыңыз жаныңызда түбөлүк,
Жүрсө кандай жакшы болмок азапсыз.



Түгөйүңүз бирге болбой калганга,
Сиз жүрөсүз ич өрттөнүп армандa.
Келмек кетмек буйрук турса Алладан,
Кемибеген пенде жоктур жалганда.

Гүлдөй назик болгон дешет көңүлү,
Жакшы адамдын кыска дешет өмүрү.
Көргөн билген арман кылып баарысы,
Жалганы жок ырас сөздүн төгүнү.

Каардуу болсо мүмкүн көпкө жашамак,
Бирок элге кандай иштер жасамак.
Ошол жагы табышмактуу сыр эле,
Элдер анда кандай дешип атамак.

Бакыт кушу колуңузга конгондо,
Бардык жактан кемчили жок болгондо.
Капысынан кара туман аралап,
Кайгы муңдун чуусу чыкты коргондо.

Көргөн билген баары жатты кайгырып,
Сиз боздойсуз пайыңыздан айрылып.
Табалбастан эмне кылар айласын,
Олтурдуңуз кушуңузду алдырып.

## АЙЫЛЫН САГЫНУУ

Киндик каны тамган жерин сагынып,
Айласыздан аралыкка багынып.
Ата-энеге келе албастан көргөнү,
Жүрдү агатай зор милдетти тагынып.
Сагынычы артса дагы айлына,

Өзүн-өзү сала бербей кайгыга.
Кызматына кыянаттык кылбастан,
Иштеп жүрдү көңүлдөрүн жай кыла.
Туулган жердин топурагы алтындан,
Кызмат менен алыс жүрүп калкыңдан.
Элге кылган ак кызматың акталып,
Өчпөй турган атың калды артыңдан.
Өз айлына кусалыгы артылып,
Жүрсө дагы магниттей тартылып.
Тагып койгон милдетинен бошобой,
Жүргөн эле жете албастан талпынып.
Убагында келбесе да жерине,
Түгөнбөгөн үрөн септи элине.
Кош айтышып кете берди капыстан,
Келген кезде кырк тогуздун белине.
Кандай ыйык киндик каны тамган жер,
Кандай кымбат балалыгы калган жер.
Онунчуну көп катары аяктап,
Келечекке кенен чыйыр салган жер.
Адыр түзүн, буту далай баскан жер,
Жүрөк толо, кусалыгы ташкан жер.
Бойго жетип, сапар улап ал жакка,
Алла колдоп өз бактысын тапкан жер.
Ыйык жери кулунунан айрылып,
Аргасыздан эли калды кайгырып.
Чыгаан инсан жатып калды түбөлүк,
Туулган жердин топурагын жамынып.



## КЫЗЫ МАРИЯГА

Ата-эненин мээримине эркелеп,
Зирек болуп өсүптүрсүң эртелеп.
Келечекти көрө, туя билипсиң,
Араң жүргөн кыздан болбой темселеп.

Алды жакты көрө билип алыстан,
Өзүп чыккан күлүк сымал жарыштан.
Билим алып, илим кенин казууга,
Күч жумшадың артта калбай намыстан.

Атакеңдин бүтпөй калган иштерин,
Улантууга белди байлап түшкөнүң.
Сезимталдык жактарыңды билгизип,
Жумшагандыр канчалаган күчтөрүң.

Билим алып, өзүңдү өзүң жубантып,
Билгендердин бардыгын тең кубантып.
Сергектиктин кемесине олтуруп,
Келатасың ата жолун улантып.

Сугарылып илим менен билимге,
Элге кызмат кылуу турду дилиңде.
Атакеңдин бүтпөй калган иштерин,
Улантсам деп айтып жүрдүң тилиңде.

Билим кенин казуу жактан талбапсың,
Билген жанга жакшы жолду тандапсың.
Адал эмгек, ак кызматты көрсөтүп,
Ар убакта жакшылыкты жандапсың.

Кыз болсоң да ата жолун жолдогон,
Атакеңдин кылган ишин ойлогон.
Инсандыгың кубандырат бардыгын,
Ак иштерге кайдыгер жан болбогон.

Ыраазы кыл атакеңдин арбагын,
Эч убакта чарчабагын, талбагын.
Алың жеткен иштериңди жасай бер,
Мезгилиңден эч бир артта калбагын.

## УУЛУНА

Кызы бардын изи бар дейт калкымда.
Уулу бардын өзү бар дейт артында.
Атакеңдин калды мына туягы,
Колдон келген ишти жаса тартынба.

Көргөндөрдүн көзү түшүп карашкан,
Келин кыздар жар болсок деп самашкан.
Бир өзгөчө жан болуптур атакең,
Кыйшык баспай, түз жол менен бараткан.

Түбөлүктүү түз жол болуп басканы,
Ар убакта ачык туруп асманы.
Калкы үчүн кызмат кылып дилинен,
Туурулукка кадамдалды таскагы.

Кулуну сен, ата жолун улагын,
Көк-Бел деген айыл сенин турагың.
Бардык ишти ажырата билгидей,
Азыр сенин толукшуган убагың.



Атакеңдин алгын жакшы жактарын,
Ташыркабай таамай чыксын таскагың.
Элиң үчүн жан аябай кызмат кыл,
Сая кетпей сенин дагы басканың.

Актар болсоң атаңдын зор эмгегин,
Сен да ошондо жакшы жемиш бергениң.
Атасынан кем болбоптур бала деп,
Сага дагы алкыш айтат элдериң.

***

Карт тарыхтын ачып да бир барагын,
Караштырсак оңду-солду тарабын.
Эли үчүн эмгек жасап чын дилден,
Чындык жакка карай таштап кадамын.

Исанов деп жазуу турат тарыхта,
Ким болсо эле жарай бербейт намыска.
Ак эмгектен урмат сыйга бөлөнөт,
Насыкебиз жеткен бийик бакытка.

Иш дегенде ичкен ашын койчу экен,
Ушунчалык ишине так болчу экен.
Күнү-түнү өз ишине берилип,
Эли журттун купулуна толчу экен.

Аз өмүрдө көп эмгекти жасапсыз,
Жебей ичпей туура жолдо жашапсыз.
Казынага башкалардай кол сунбай,
Маңдай тердин ашын гана ашапсыз.

Көл тарапта келипсиз иштеп,
Пешене тердин токочун тиштеп.

Урматтап сыйлап жүрүптүр эли,
Сиз үчүн дайым көңүлүн түздөп.

Жакшыны дайым эл журту сыйлайт,
Жакшыга эч ким жамандык кылбайт.
Бирок да бирөө арадан чыкса,
Жакшыны дагы заматта кыйнайт.

Көлдүктөр дагы кайгырды дешти,
Бир тууган сымал кайгы муң жешти.
Ажалга бирок айла жок тура,
Оңбогон ажал оодарды эсти.

Өрнөктүү өмүр өтөп калкыңызга,
Өчпөгөн из калтырып артыңызга.
Ак кызмат өтөдүңүз чын жүрөктөн,
Мээримдин отун жагып жалпыбызга.

Ардактуу ата-энеден тарбия алып,
Ак жүрөк болуу үчүн күйүп жанып.
Өзүнүн көмөчүнө күл тартпастан,
Иштеди элдин жакшы баасын алып.

Эл баасын алуу деген оңой эмес,
Өтүлөт көз алдыңдан ар бир элес.
Жылмайып күлүмсүрөп турар эле,
Кээ бирки адамдардай болбой мерез.

Жакшынын жүзү дайым жаркылдаган,
Жакшыга сөздөр калбайт айтылбаган.
Шумкарга бастырсаң да жумурткасын,
Каргадан карга чыгат каркылдаган.



Дайрадай болуп ташкындап аккан.
Көңүлдө сырын көөдөнгө каткан.
Көз өтүп кетти канча бир инсан,
Кызматы менен калкына жаккан.

Таң менен атып, күн менен баткан,
Журтунун жүгүн жонуна арткан.
Жок болуп кетти канча бир инсан,
Жылдыздай жанып жарыгын чачкан.

Алардын бири Насирдин ага,
Душманы болду сакайбас жара.
Жолунан тосту таш боор ажал,
Элүүгө эми чыгаарда гана.

Бүтө албай ишин армандуу кетти,
Кекенген душман түбүнө жетти.
Жакшынын кыска өмүрү деген,
Аргасыз айттык кыргызда кепти.

Жашоосун ойлоп жалпынын агам,
Турмушун ойлоп калкынын агам.
Курманы болду капилет жерден,
Коргомок болуп алтыным агам.

Өкмөттүн иши деп жүрүп агам,
Өзүнө үй-жай албаптыр агам.
Өмүрүн, күчүн эмгегин баарын,
Элине гана арнаптыр агам.

Байлык менен дүнүйөнү ойлобой,
Чоңдорго окшоп күндө жыргап тойлобой.
Келечекке оң көз менен караптыр,

Кантип жүрөм эл турмушун оңдобой.
Деген асыл тилектери ишке ашмак,
Таш боор ажал тура турса жойлобой.

Басса турса эл турмушун ойлонуп,
Жүрөгүнө тынчтык бербей толгонуп.
«Кыргыз алтын» кыргыздыкы болсун деп,
Кол койбостон келген экен коргонуп.

Американын жан алгычы жанында,
Отурганын агам кайдан ойлонсун.
Көп максатын ишке ашырбай тынчыткан,
Душман дары эки дүйнө оңбосун.

Сексенге чыкмак агабыз,
Эгерде тирүү болгондо.
Элине көп иш жасамак,
Шум ажал көрбөй калганда.

Жолунан күтүп ажалдын,
Турганын кайдан ойлоду.
Максатына жеткирбей,
Койгондор деле оңбоду.

Аттиң ай арман дүнүйө,
Ким жеткен байлык түбүнө.
Ак кызмат кылган жакшы го,
Ийгилик коштоп күнүгө.

Арабызда жок болсо да өзүңүз,
Жүрөктөрдө сүйлөп кеткен сөзүңүз.
Насаат айтып үлгү болуп жаштарга,
Жүрмөкчүсүз тирүү болсо көзүңүз.



Ажал аңдып сиздей чыгаан асылды,
Өзүңүзгө уу тырмагын матырды.
Өкүндүрүп бир заматта сулатып,
Боору суук кара жерге жашырды.

Күч-кайратка толуп турган кезиңиз,
Бардыгына жетип акыл эсиңиз.
Элиңизге кызмат кылчу убакта,
Капилеттен кош айтышып кеттиңиз.

Айта берсең арманы аттын башындай,
Калган тура жан алгычтан жашыналбай
Кол кое албайм алтынына кыргыздын,
Деген сөздү ачык айтып жашырбай.

Айткандыгы алып кетти өмүрүн,
Кыргыз элдин муңга салып көңүлүн.
Кош айтышып кете берди капыстан,
Ак шумкары кымбат кыргыз элинин.

Шумкар эле канаттары талбаган,
Тулпар эле жарышса артта калбаган.
Ташыркабай туягынан чаң учуп,
Билим күчүн элине бүт арнаган.

Жерде калбай элге кылган эмгеги,
Колун суна көктү карай сермеди.
Ар иштеринде ийгиликтер жаралып,
Билим күчүн элине арнап эл деди.

Бул жалганда аз гана өмүр жашады,
Эли үчүн көп эмгектерди жасады.

Арман болуп кете берди ичинде,
Анык эле эли көп иштерди жасары.

Жеген жака жулунбады элге окшоп,
Жүрдү агасы ийгиликтер көп коштоп.
Өкмөт жактан эмгектери бааланып,
Орден, медал алды агабыз кош коштоп.

Өкмөткө алкыш ак эмгекти бааласа,
Иштерине ийгиликтер каалаган.
Чын дилинен ак иштеген берилип,
Эл ичинде Исановдой барбы адам.

Жүрдү агабыз урматталып, баркталып,
Жакшылардын катарында катталып.
Өзү кетти аты калды артында,
Жасап өткөн иши менен даңкталып.

Өмүр жолу өрнөк болуп айтылган,
Кылган иши аз өмүргө камтылган.
Кандай гана жүрөгү ак бул инсан,
Көз алдына көп элеси тартылган.

Жылмайганы көзгө сүйкүм көрүнчү,
Көргөн жандын көңүлдөрү бөлүнчү.
Кимди болсо бир каратып өзүнө,
Беттеринен нуру дайым төгүлчү.

Отуз төрт жыл өтсө дагы арадан,
Элесиңиз эч бир чыкпайт санаадан.
Ысымыңыз көчөлөргө коюлуп,
Эл ичине өчпөс болуп тараган.



Сиз жатасыз тынч уйкуда мемиреп,
Тирүү жандар өйдө төмөн теминет.
Болор болбос ишин жасап койгондор,
Иштедим деп көтөрүлүп демигет.

А сиз болсо ишиңизге мактанбай,
Бүтө албаган иши болсо да даттанбай.
Термелбестен бир калыпта жүрчүсүз,
Бирөөлөргө күйүп-жанып актанбай.

Бул жашоодо бир жарк этип көрүнүп,
Көп жылдыздын арасынан бөлүнүп.
Жарык кылып кыргызымдын ааламын,
Жалп деп өчүп калды көз жаш төгүлүп.

Көк жатыктын уруусунан чыкты эле,
Насир ага эстүү дагы мыкты эле.
Мындай инсан жаралабы ким билет,
Разаков, Кулатовду кумир кылып тутчу эле.

Күчтүү билек бирди гана жыга алат,
Билим күчтүү миңди дагы жыга алат.
Деп айтылчу кыргыздагы бул макал,
Жалгыз гана Насыкеге арналат.

Насыкенин ишин жасаң том болот,
Түбөлүккө жүрөктөрдө орнолот.
Унутулбай аты калып тарыхта,
Эл ичинде зоболосу зор болот.

Насыкебиз орун алды тарыхтан,
Билим күчү көп иштерди багынткан.

Капысынан эрте кетип калганы,
Арман болду эли журтун кайгырткан.

Жашыңыздан зирек бала болупсуз,
Зирек үчүн купулдарга толупсуз.
Бир келүүчү кыска өмүрдө берилген,
Эсеп жеткис көп иш жасап коюпсуз.

Көзү барда жолуга албай калганым,
Жашоодогу менин чоң бир арманым.
Ким ойлоптур мындай болуп кетерин,
Пенде көрөт башына эмне салганын.

Кимдер билбейт бул жашоонун жалганын,
Акыл жетет бирок жетпейт дарманың.
Бир кем дүйнө деп айтылат жашоодо,
Тегеренип кайсыл жерге барбагын.

Инсан эле ишине так берилген,
Текеберлик мүнөзү жок керилген.
Майин сүйлөп жагар болчу баарына,
Сыяктанып көп ичинен терилген.

Жакшы адамга бардык мактоо жарашат,
Жакшы адамга баары жакшы санашат.
Жакшы адамдын кылган иши бааланып,
Эли журту оң көз менен карашат.

Ийне менен кудук казып чарчабай,
Кандидаттык наамды да алдыңыз.
Аз өмүрдө көп иштерди аткарып,
Эли журттун жүрөгүнө калдыңыз.



Эң алыскы Нарында да жүрдүңүз,
Келе албастан ичиңизден күйдүңүз.
Сыртыңыздан эч нерсени билгизбей,
Кабак салбай жалган эле күлдүңүз.

Киндик каны тамган жери Көк-Бели,
Кайда болсо көңүлүнөн кетпеди.
Бирок дагы убакыт жок келүүгө,
Көп мезгилдер көрүү үчүн дегдеди.

Анда санда келип калса айылга,
Кетүүчү экен сагынычы таркабай.
Убакыттын аздыгынан шашылып,
Туугандардын чайына да карабай.

Ушунчалык берилиптир ишине,
Кайдыгерлик жок экен бир кичине.
Көрүп түрүп таң каласың шунчалык,
Агамдагы чынычылдыктын күчүнө

Ата-энеңиз кусаланып сагынып,
Кээ учурда өздөрүнчө таарынып.
Аралыктан алыстыгын эстешип,
Амандыгын тилеп кайра жазылып.

Отурчу экен ак батасын беришип,
Чайга салган кант сыяктуу эришип.
Биздин эмес элдин уулу болду деп,
Мына ушундай бир бүтүмгө келишип.

Чынында эле элдин уулу болдуңуз,
Көрүнүктүү көп иш жасап койдуңуз.

Алгылыктуу иштер менен жасалган,
Элиңиздин купулуна толдуңуз.

Эли үчүн ак кызматын кылды деп,
Алкыштардан улам алга жылды деп.
Өмүрүңүз өрнөк болду жаштарга,
Келечектин мунарасын курду деп.

*Мырзабаева Назикан, китептин автору, Баатыр эне, Ноокат району, Н. Исанов атындагы айыл аймагы, Күңгөй-Кожоке айылы.*



# 2008-ЖЫЛЫ НООКАТ РАЙОНДУК БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫНЫН АЛДЫНДА УЮШТУРУЛГАН «АК ТИЛЕК» АДАБИЙ ИЙРИМИНИН КАЛЕМГЕРЛЕРИНИН ЧЫГАРМАЛАРЫ

## БИР ЖЫЛДЫЗ

Кан күйгөн согуштун жылдарында,
Асманда пайда болду бир жылдыз.
Жалбырак саргайган күз айларында,
Көк- Белде жарк дей түштү бир жылдыз.

Ал жылдыз кубандырып ата-энесин,
Бешигин тербетишип алдейлешип.
Жылдызга ат коюшуп Насирдин деп,
Чоңойтту тууган урук бапестешип.

Ата-эне татаал жылга карабады,
Кем кылбай эч нерседен, багып жатты.
Арадан жылдар өтүп, айлар өтүп,
Таң атып, күндүн нуру кайра батты.

Ал жылдыз өзгөчөрөөк башкадан,
Окшободу такыр ага башка адам.
Сабагына зээндүү да акылдуу,
Окусам Москвада жаш кадам.

Кырк тогуз жаш жанып турду ал жылдыз,
Бара-бара өчүп жатты арадан.
Өмүрүнүн көрбөй жашын элүүнүн,
Эли-жерин таштай кетти ал адам.

А түгүл өзү туулуп өзү өскөн,
Салбаптыр ата-энесин үйүн оңдоп.
Кызыкпай ач көздүккө моюн сунбай,
Болсо дейм жаштарыбыз жолун жолдоп.



Окуусуна бир да акча берген жок,
Болгон эмес башкалардай такыр шок.
Окууну ийгиликтүү аяктап,
Суроо берсең даяр турду ага жооп.

Ишин алгач Нарын ГЭСтен баштады,
Оор жеңилби эч нерседен качпады.
Бөтөн иш деп колун жерге куушуруп.
Башкаларды жумшап коюп жатпады.

Созулуп жаш жеткенде чачын сылап,
Баш кошту түбөлүккө сүйгөн жарга.
Арадан канчалаган жылдар өтүп,
Болушту эки уул, бир кызгы эне-ата.

Ал жылдыз мансапка да ынтылбады,
Мага жакты эл үчүн ынтылганы.
Бийлик, байлык, ач көздүктү издебей,
Кара жипти аттабады бул инсаны.

Асмандагы топ жылдыздан бөлүнүп,
Жанып турчу жарыгыраак көрүнүп.
Капысынан өчүп калды ал жылдыз,
Көрбөй калдык ал жылдыздын биз жүзүн.

Бешиктеги баланын бек болорун ким билсин,
Карындагы баланын, кан болорун ким билсин.
Насирдиндей инсандар жогу го жок,
А бар экенин ким билсин.

А азыркы Насирдин,
Мурункудан башкача.

Бийлик, байлык, мансапты.
Такыр бербейт башкага.

Эд үчүн аткарды көптөгөн иш,
Татаал го ар бир элдин тилин билиш.
Премьер -министрлик колдо турса,
Болбоду машинанын турун миниш.

Азыр бул кызматтарда иштегендер,
/йлөрү эки эмес үч этаждан.
Алдыда куткаруучу анан шоопур,
Артында бийликтеги бир граждан.

Мамлекетке, казынага кол салган,
Канчалаган кызматтарда иштесе да.
Өзүнө байлык мансап топтогон жок,
Канча жылдар бийлик андан кетпесе да.

*Маматова Гүлбарчын*
*Исанов а-в. А. Чынкараев атындагы орто мектебинин*
*кыргыз тили жана адабияты мугалими.*

## Н. ИСАНОВКО

Кылымда бир жаралган кыраан элен.
Кыргызда бир жаралган чыгаан элен.
Жегичтерге жем бербей желим кылып.
Желмаянга жабышкан ылан элен.

Кыргызымдын ишенген уулу элең.
Жамандарга жакпаган тууру элен.



Адал менен арамды айрып турган.
Жуткан эмес, туткан жайык кууру элең.

Кыргызга жол көрсөткөн жарыгы элең.
Тун кыргыз өлксүнүн тарыхы элең.
Чындыкты чыркыратып чыла басса,
Чыланы жууп чайган арыгы элен.

Алп тоодой ар намыстуу бийик элең.
Бүл бүлдөп күйүп турган билик элең.
Табакташ болгонуңда желмаянга,
А балким арабызда, тирик белең.

Чындыктын чыйыр жолдуу багыты элең.
Кыялдын Ала Тоодой чабыты элең.
Кыргыздын чыгаан уулу Манасындай.
Чок кармап чагылгандай албуут элең.

*Шырдакова Буажар*
*Кайрагач айлы*

## ТҮБӨЛҮК ЭЛДИНИ ЭСИНДЕ

Бай теректей бийиктеп,
Эл үмүтү чоң эле.
Көк жал асытай азамат,
Жан дүйнөсү кең эле.

Шоокуму аккан дайрадай,
Күчүнө кирген кз эле.
Өткүр чапсаң болоттой,
Эл-журттан атак алды эле.

Ата Мекен кыйын күндө турганда,
Билек түрүп, маңдайынан тер төктү.
Эл байлыгын уурдап, анны сатпастан,
Жанын үрөп кызмат кылып ал өттү.

Ачык айтып алдабастан ак сүйлөп,
Чыгаан жигит бүт чындыктан кайтпады.
Той өткөрүп шаан-шөкөт күтпөстөн,
Жаңылбастан тура кадам таштады.

Бүт элинин оор-жеңилин моюнга алып,
Байлык жыйнап артынан бир түшпөдү.
Заңгыраган бийик үйлөр курбастан,
Ал самаган ойдон үмүт үзбөдү.

Күн чыккандан күүгүм кайра киргенче,
Адал таап ак эмгектен тайбады.
Иш токтотту жерге күүгүм киргенде,
Жалкоолонуп көлөкөлөп жатпады.

Капысынан чыга калган куу шамал,
жүгөн салып, канатынан кайрып алды.
Баш ийип өкүмүнө шум ажалдын,
Элден үзүп тамырын жулуп алды.

Заматта коогалаңга салып элди,
Керилген шыңга бойдун сыны кетти.
Жаш жандын чагылгандай оту өчүп,
Айталбай ичиндеги муңу кетти.

Арабыздан жалп этип өчкөн күндө,
Жабыла ыйлап, элим сени таппай калды.



Жүрөктө ишене албай сыздап турдук,
Аза күткөн эл мазарга батпай калды.

Намыс туусун желбирете көтөргөн,
Эр жигиттер өссүн сенин артыңдан.
Эмгектериң элдин калып жүрөгүндө,
Эл уулу деп, кылымдарга даңкталган.

Кайра келбес бейишке сапар алып,
Таңкы Чолпон жылдыздай жарк деп жанып.
Чындыкты бетке айтып тайманбаган,
Пейили кенен, мүнөзү оор асыл жан,
Тунгуч уулун эл унутпайт кылымдар,
Аты өчпөй түбөлүккө сакталган.

*Буажар Самиева*
*Кара-Таш айылы*

## КЫРГЫЗЫМДЫН ЧЫГААН УУЛУ Н. ИСАНОВДУН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЙМЫН

Кыргызымдын чыгаан уулу саналган,
Инсан эле кылымда бир жаралган.
Эл-жерине арнап дайым эмгегин,
Мекенине ак сүйүүсү таралган.

Болуп мына, бүгүн 80 жылдыгы,
Эскеришип, баары мына турушат.
Мекен үчүн кылган ар бир эмгегин,
Эли бүгүн кантип аны унутат.

Мейли жылдар, мейли кылым алмашсын,
Унутулбайт ар бир кылган иштери.

Бүт элинин жүрөгүндө жашаган,
Исанов -бул кыргызымдын ишмери.

Жылда эмес, ар бир күндө эскерип,
Жашай берсин, түбөлүккө эстелип.
Арман болду жолукпадык көбүбүз,
Аттиң дүйнө! - биз өмүргө кеч келип. . .

*Садирова Гүлнара*
*Т. Зулпуев айыл өкмөтү,*
*Кашкалдак айылы*

## НАСИРДИН ИСАНОВДУН ӨЧПӨС ЖОЛУ

Балалыгы өскөн жери Ноокаттын,
Өзгөчө эле жан дүйнөсү башкача.
Сезимине ой чабышып эргүүлөр,
Көкүрөктө улуу ойлор жаралчу.

Арзуу тилек эл-жерине кызматтын,
Максаты бийик келечекке умтулган.
Ой-максатым ишке ашса деп дайыма,
Алдыга улам бийик – бийик умтулган.

Тилеги кабыл болуун орундалып,
Эллине ак кызматын арнаган.
Таза жүрөк тунук ойлуу инсанды,
Бузукулар тегеренип караган.

Максаты бийик, эллине ак кызмат кылуу,
Аруулап кадам ташталган.
Дайыма улуу ишти жаратып,
Кыргызымда чоң-чоң иштер башталган.



Көп өтпөстөн көрө албастар буйтады,
Көмүскө жолдо жанын алып кыйнады.
Аттиң арман жакшы адамды өстүрбөй,
Аттиң арман, мекенине сыйбады.

Сен өлбөйсүң эч качан,
Артыңда улуу элиң бар.
Сен өлбөйсүң артыңда,
Ала-Тоодой жериң бар.

*Токтоматова Б.*
*Кара-Таш айылы,*

## АЛА-ТООНУН ШУМКАРЫ

Шумкары Ала-Тоонун өзүң белең,
Кыргызга кызмат кылчу оюу терең.
Нафсинин кулу болуп күн кечирбей,
Жеп жутар ажыдаарга сөзүң белең.

Таза аба тунук дымак берген,
Жан дүйнөң аалам кезип кулак керген.
Элимдин эртеңи деп өзүң сымал,
Кыргыздан сендей жигит чыгап бекен.

Ойлодуң элдин камын эртеңкинин,
Эссизге карип сыгып менменсинип.
Жакшыча көндүрө албай таза ойду,
Амалды ойлоштту алар «Каза»-деген.

Арада бүгүн жоксуң чоглу болуп,
Аргасыз тагдыр ушул деп арман толуп,

Артыңан элиң турат мына бүгүн,
Жоктошуп азаматын эстеп солуп.

«Жакшынын жаш өмүрүн алат-деген,
«Жалт күйүп жалыны өчүп калат»-деген.
Чын биллем көрүп турам мына бүгүн,
Арналган, сага деген санат менен.

Мейли эми өмүрүңүз кыска экен,
Мазмундуу элге араналганнуска экен.
Бейиштин төрлөрүнөн орун берет,
Жараткан деген сезим, менеде бекен.

Асмандап учкан шумкар тарп аңдыбайт,
Сен болдуң ошолордун арасында.
Жашасын өлбөс-өчпөс аңыз болуп,
Кыргыздын кулмүңдөгөн санаасында.

*Эргешов Бөрүбек*
*Кыргыз-Ата а-ө.*



**ЭМГЕГИҢ ЭЛДИН КАЛДЫ КАЛДЫ ЖҮРӨГҮНДӨ
ТУҢГУЧ ПРЕМЬЕР-МИНИСТР
НАСИРДИН ИСАНОВДУН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ**

Айылдын жергесинде эркин өсүп,
Алтын-Казык тоолоруңду сүйчү элең.
Ата-эне тарбиясын бийик кармап,
Жашыңдан башкаларга үлгү элең.

**Кайырма:**
Жалын-жаштык демиң менен алга карап,
Ала-Тооңду гүлдөтөм деп жүрчү элең.

Эр-жигит эл четинде, жоо бетинде,
Билимиң өркүндөттүң чет жеринде.
Кызматың кылтаюсуз так аткарып,
Эмгегиң элдин калды жүрөгүндө.

**Кайырма:**
Жалын-жаштык жалтанбаган демиң менен,
Бийик учкан тоо бүркүттөй куш элең.

Бийлигиң-байлыгың да четке сүрдүң,
Чындыкка жүрөгүңдөн оттой күйдүң.
Элиңдин эртенкисин күн-түн ойлоп,
Талбастан таңдан-кечке иштеп жүрдүң.

**Кайырма:**
Жалын-жаштык демиң менен алга карап,
Ала-Тооңду гүлдөтөм деп жүрчү элең.

*Апсатар Касымов*
*Кыргыз-Ата а/ө, Көтөрмө айылы*

## ШУМКАРЫ КЕТТИ КЫРГЫЗДЫН

Жалбыртап жатып жалп этип өчтү,
Баштады эле жаңыдан көчтү.
Канжарын кайрап жан алгыч келип,
Шумкардын тилип жүрөгүн өттү.

Ак шумкар айланды эле кыргыз жерин,
Калкалап канатына кыргыз эллин.
Кыргызыма болсун деп күйүп жанып,
Коргоду жан аябай кыргыз кенин.

Бүтө албай ишин армандуу кетти,
Кекенген душман түбүнө жетти.
Сабалап учкан шумкарын элдин,
Төшүнө душман келтирип тепти.

Ак шумкар жерде суналып жатты,
Душманы секин капталдай басты.
Капилет жерден жоготуп алып,
Кыргыздын эли кайгыга баты.

Жаралуу болуп калса эле эмне,
Сакайып ишин жасамак элге.
Жакшынын кыска өмүрү деген,
Айтылып жүргөн макал бар элде.

Өмүргө болду жегичтер себеп,
Экенин баарын эл билет демек.
Өлбөстөн тирүү жүргөндө эмне,
Болмокчу дагы эл журтка керек.



Бүтпөстөн канча иштери калды,
Чымындай жанын заматта алды,
Ажалды каргап эл журту турду,
Буйурса элдин аргасы барбы.

## ЖОЛБОРС ЭЛЕ КАЙТПАГАН

Жолборс эле жолунан эч кайтпаган,
Жаман сөздү эч бир адамга айтпаган.
Ар убакта күлүмсүрөп жылмайып,
Капалыгын жүрөгүндө сактаган.

Пахта сымал жумшак болчу мүнөзү,
Көп адамга татыйт, эл бир сөзү.
Так аткарып мойнундагы милдетин,
Жок элего агабыздын күнөөсү.

Бар күнөөсү алтын бербей койгону,
Арамдыкка дароо кетип ойлору.
Ажал таап жан алгычтын колунан
Агабыздын чыгып калды ойрону.
Секин гана байкатпастан эч кимге,
Ал жан алгыч мойнун гана толгоду.

Толгоп коюп басып кетти капталдай,
Чындык сөздү, калды эч ким айталбай.
Бары коркуп ал кездеги бийликтен,
Жым болушту оозун жаап тайсалдай.

Мына ошентип жолборс, шерден айрылдык,
Жүрөк сыздап бүткүл эли кайгырдык.

Ким кылса да жазаласын Алла деп,
Аргасыздан көңүлдөрдү жай кылдык.

Күч кайраты толуп турган кезинде,
Өкүнүчтүү бүлүк салды сезимге.
Билим күчүн кыргыз элге арнады,
Элдеринин унутулбай эсинде.

Аттиң арман кыргыз элдин шумкары,
Кыргыз жериң кыдыра албай куурады.
Жакындагы бирге жүргөн адамы,
Душман болуп чыкты ушул туурабы.

Кыргызымда айтылуучу макал бар,
Эң бир тура мына ошол макалдар.
«Өздөн чыккан жат жаман,
Өзөктөн чыккан өрт жаман»-
Деген кыргыз макалы агабызга арналган.

Көзгө сүйкүм бирж ан эле көркөмү,
Качан эле оңдоп коймок өлкөнү.
Бай өлкөнүн катарына кошулуп,
Гүлдөп өсүп кыргызымдын чөлкөмү.

Жигитердин тамактарын байламак,
Же болбосо алыс жака айдамак.
Мына ошентип корупцияны,
Эл турмушу жакшы жакка айланмак.

Карапайм калктын дагы казаны,
Этке толуп күндө кечте кайнамак.

***



Жыргап жашайт ат үстүндө жүргөндөр,
Каткырыгы калың чыгып күлгөндөр.
Казынага колун салып жеп ичип,
Мына ошолор куунан доор сүргөндөр.

Жашоо кайра жакшы болуп баратат,
Булл ажоодон элдер көптү самашат.
Элибиздин ишенимине ээ болуп,
Жакшы жолдо адашбастан баратат.

Ушул түз жол сиздин баскан жолуңуз,
Элди кароо булл да сиздин оюңуз.
Бүтүрүүдө ажоо кылган иштерди,
Ошол жакта сиз да курсант болуңуз.

## ОЙЛОБОГОН ИШ БОЛДУ

Насир ага тандады эле түз жолду,
Казынага салбады эле оң колду.
Капысынан кырчын өмүр кыйылды.
Кыргыз элге ойлобогон иш болду.

Ким билиптир мындай болуп калганын,
Кетип калып элге кайгы салганын.
Бирок билдик бүтүрө албай иштерин,
Жүрөгүндө бирге кеткен арманын.

Билдик дагы ишке ашпаган ойлорун,
Билдик дагы таза кеткен колдорун.
Агабыздын тазалыгы жагынан,
Ачык кылсын Алла бейиш жолдорун.
Бейишинен жай бергин деп жараткан,

Жан элего жакшылыкты тараткан.
Таза иштеп, тазалыкты туу тутуп,
Түз жол менен гана иштеп бараткан.

Кылган иши орун алды тарыхтан,
Аты өчпөй кылымдарды карыткан.
Өмүрү өрнөк, иши калып артында,
Улуу инсан сан жылдарды багынткан.

Жакшыны жакшы эле айткан жакшы,
Жакшыга жакшы наам таккан жакшы.
Элине алгылыктуу иш кылбаса,
Жарашпайт олтурса да алтын такта.

Жакшынын жүзү дайым жаркылдаган,
Жакшыга сөздөр калбайт айтылбаган.
Шумкарга бастырсаң да жумурткасын,
Каргадан карга чыгат каркылдаган.

Жакшынын жакшы болот айтар ою,
Жакшынын ачык болот басар жолу.
Элинин алкыштарын алуу менен,
Жакшынын көккө жетет сунган колу.

## АЗ ӨМҮРДӨ КӨП ИШТЕРДИ БҮТҮРГӨН

Аз өмүрдө көп иштерди бүтүргөн,
Инсан эле барды кишке түшүнгөн.
Жумшак мүнөз, кичи пейил жагынан,
Жакшы адам болоорлугу күтүлгөн.



Эл күткөндөй адам болду жарокер,
Карапайым элдерине боорукер.
Жакшы иштердин бүтүшүнө дайыма,
Жакшы гана адам болот себепкер.

Жакшы адамдын нур төгүлөт жүзүнөн,
Жазы көптүр кышы менен күзүнөн.
Кандай сонун касиеттүү жаз айы,
Жазда жылыйт кышта болсоң үшүгөн.

Жаркылдаган жаз боюнча кеттиңиз,
Мына быйыл сексен жашка келдиңиз.
Жаркылдаган ошол жаштык мезгилде,
Элиңизге тоодой эмгек эттиңиз.
Аркаңыздан ишиңизди улантаар,
Түгөнбөгөн үрөөндөрдү септиңиз.

Ал үрөөндөр өнүп чыгып бажырап,
Ишиңизди улантууда жадырап.
Садыр, Камчы, Жусуп жана башкалар,
Иши менен элдерини таң калтырат.

Ат салышып эркектерден калышпай,
Эли үчүн алга карай арыштай.
Топ ичинен оозуна чыгып балдарың,
Бар элего шайлоо деген жарышмай.
Колдоо таап утуп алып Надира,
Иштеп жатат чын дилинен талыкпай.

*Назикан Мырзабаева.*
*Батыр эне*

## Мазмуну

Садыр Нургожоевич Жапаров,
Кыргыз Республикасынын Президенти
Насирдин Исановдун өмүрү – ар бирибизге өрнөк........... 3
Назикан Мырзабаева, Н. Исановдун айылдашы,
«Баатыр эне», китептин автору, Өчпөгөн изи калды.......... 6
Кыргыз элинин Ажосу Садыр Жапаровго..................... 8
Коргонбай уулу Жусуп, КРнын Жогорку Кеңешинин
депутаты Агабыздын жаркын элеси эл эсинде сакталат...... 10
ЖК депутаты Жусуп Коргонбай уулуна...................... 11
Эльчибек Джантаев, Кыргыз Республикасынын
Президенттинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү. .
Д. ИМАНАЛИЕВ, Ноокат райондук мамлекеттик
администрациясынын башчысы-аким.
Кыргыз Республикасынын туңгуч Премьер - министри
Насирдин Исановду эскерүү................................. 15
Мелисбек Мырзакматов, "Улут биримдиги" партиясынын
лидери Кириш сөз ордуна................................... 18
ПРИМКУЛОВ Мирланбек Исламбекович,
Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы.
Исанов айыл өкмөтүнүн алыгылыктуу иштери.............. 21
Карыбеков Кутманали Кудайбердиевич,
Көк-Бел айыл өкмөтүнүн башчысы.
Насирдин Исановдун 80 жылдык маарекесинин урматына
аткарылган иштер.......................................... 26
Коомдук ишмерлер ал туурасында........................... 31
Казат Акматов............................................. 32
Дастан Сарыгулов.......................................... 32
Амангелди Муралиев........................................ 33
Замандаштары Насирдин Исанов тууралуу..................... 35
Насирдин Исанов кайратуулук жана мекенчилдиги менен
эсте калды................................................ 36
Өткөндөр баркталмайын, тиүүлөр даңкталбайт............. 37
Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат........... 42
Мекенге арналган өмүр...................................... 54



Насирдин Исанов - XXI кылымдын кадры...................... 58
Н. Исанов- Глубоко порядочный и в высшей степени
интеллигентный человек..................................... 62
Кайда учушат туштуктун турналары?.......................... 66
Урпактар үлгү тутар өмүр.................................... 68
Достору досу жөнүндө........................................ 69
Ал достукка бекем эле........................................ 70
Акылгөйлүк дилине уялаган инсан эле....................... 72
Насирдиндей адам чанда гана жаралат....................... 73
Назары ток инсан эле........................................ 74
Жигитке жетимиш өнөр
(же Насирдин Исановдун чыгармачылыгы).................... 81
Ноокатым.................................................... 82
Ат-Башы..................................................... 82
Жаратылыш.................................................. 83
Чырак-Кавак................................................. 83
Сулуулук (аңгеме)........................................... 84
Элибиздин абийирине шек келтирбесек!...................... 85
Н. Исановдун иш учурунан элестер.......................... 100
Насирдин Исанов тууралуу басма сөздө..................... 111
Премьердин өлүмү кокустукпу? Же... Насирдин Исановдын
өмүрлүк жолдошу Бүзүйнат Исанова ой бөлүшөт:........... 112
Телефондогу сүйлөшүү....................................... 122
Табышмактуу «Жол кырсыгы»-кор болгон алтын кени....... 124
Жакшынын аты – жалпыныкы
(Макала массалык маалымат каражаттарынан алынды)........ 125
Атамдын элеси чындыктын жана тазалыктын символу
катары эсимде калат
(Макала массалык маалымат каражаттарынан алынды) 128
Айылдаштары айтышат.......................................... 135
Зээндүү жана зирек болчу.................................... 136
Инибиз – сыймыгыбыз.......................................... 138
«Казынага кол салбайм деген»................................ 138
"Класста класском эле"....................................... 138
«Музейин түптөө кыйынга турду»............................ 139
Элдин жүрөгүндө сакталып калат.............................. 140

Эл уулун жакындары эскеришет.................................. 141
Ал актыкты, тазалыкты жакшы көрчү
(Жубайы Бүзийнаттын эскерүүсү)................................ 142
Атамдын өрнөктүү таза өмүрү тарыхта калды
(Кызы Мария Исанова атасын эскерет)................................ 143
«Москвага ээрчип аябай ыйлагам»................................ 145
«Иштин көзүн билчү»................................ 147
Тунгуч премьер министр ыр саптарында................................ 149
Атыңыз түбөлүккө жашай берет
(Н. Исановдун жаркын элесине арналат)......................... 150
Насирдиндин бийиктиги өзүндө.............................. 151
Эстен кетпейт элесиң................................ 152
Айкөлүм, көйкөлүм кагылайын Көк-Белим.................... 154
Ал кайрадан чын эркиндик таңы аткан................................ 155
Сиздейлер элде, саналуу гана................................ 156
Насирдин аганы эскерүү......................................... 158
Насирдин аганын сөзү......................................... 159
Н. Исанов атындагы орто мектебинин ынтымактуу
коллективине ................................ 160
Китепти түзгөн жана даярдаган автордун Насирдин Исанов
тууралуу жана жакындары жөнүндөгү ой-пикирлери,
поэтикалык саптары.......................................... 163
Төгөрөгү төп келген инсан эле.................................. 164
Насыкемдин энеси.......................................... 168
Насирдин Исановго.......................................... 169
Жеңем Бүзүйнатка.......................................... 172
Айылын сагынуу.......................................... 173
Кызы Марияга.......................................... 175
Уулуна.................................................. 176
2008-жылы Ноокат райондук борбордук китепканасынын
алдында уюштурулган «Ак тилек» адабий ийриминин
калемгерлеринин чыгармалары................................ 187
Бир жылдыз.......................................... 188
Н. Исановко.......................................... 190
Түбөлүк элдинн эсинде.......................................... 191



Кыргызымдын чыгаан уулу Н. Исановдун жаркын элесине
арнаймын.......................................... 193
Насирдин Исановдун өчпос жолу.......................................... 194
Ала-Тоонун шумкары.......................................... 195
Эмгегиң элдин калды калдың жүрөгүндө туңгуч Премьер-
Министр Насирдин Исановдун жаркын элесине................................ 197
Шумкары кетти кыргыздын................................ 198
Жолборс эле кайтпаган................................ 199
Ойлобогон иш болду................................ 201
Аз өмүрдө көп иштерди бүтүргөн.......................................... 202

НАЗИКАН МУРЗАБАЕВА

# ЭЛ УУЛУ БОЛУУ КЫМБАТ. . .

Техредактору: Акылбек Тойчубаев
Дизайнер: Кантемир Аскарбеков

Басууга 14. 08. 2023-ж.
Кагаздын форматы 60х84. 1/16 13 б. т. Буйрутма №41 Нускасы 400
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 234.
Тел. : моб +996 502 50 04 88

